**10-тиркеме**

# Программалык аккредитациялоо үчүн баалоо критерийлери
## (негизги жана орто жалпы билим берүү программалары)

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | | | |
| **Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы мамлекеттик билим берүү стандартына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келиши керек** | | | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келбейт | Окуу планы жана программа билим берүү стандартынын жана базистик окуу планынын талаптарына ылайык келет, бирок керектөөлөрдүн талдоосу же жүргүзүлгөн эмес, же кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келбейт. | Окуу планы жана программа билим берүү стандартынын жана базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Ылайык келбейт | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына толугу менен же жарым-жартылай ылайык келет. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрү эске алынган эмес. | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө толугу менен ылайык келет. |
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | ОМК менен камсыздоо 50%дан аз | Окутуунун ар бир тили боюнча ОМК менен камсыздоо 50%дан 80%га чейин.<br>Маалыматтык ресурстарды, анын ичинде электрондук ресурстарды толуктоо үчүн ар | Окутуунун ар бир тили боюнча ОМК менен камсыздоо 80%дан ашуун.<br><br>ОЖда ар кандай маалыматтык ресурстар, анын ичинде |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | | | кандай мүмкүнчүлүктөр колдонулат. | электрондук ресурстар жеткиликтүү. |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу | Бекитилген жана колдонуудагы механизмдер жок | Маалымат менен камсыздоонун, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун механизмдери бекитилген | Маалымат менен камсыздоонун, кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун механизмдери бекитилди жана колдонулат |
| **2.** | **КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | |
| **Билим берүү уюму окуучуларды окутууда жана жетишкендиктерин баалоодо компетенттүүлүк мамилесин ишке ашырат** | | | | |
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | Көрсөтүлгөн эмес/жок | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкары иш алып баруу пландарында жана программаларында белгиленген. Максаттар МБСке ылайык келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, методикалык бирикмелердин пландарында жана программаларында белгиленген. Максаттар МБСке ылайык келет, окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган. Окутуунун максаттары окуучунун позициясынан сабактардын пландарында белгиленген жана МБСке ылайык келет. |
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Маалыматтар/далилдер жок же айрым мугалимдер тарабынан гана колдонулат | Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана | Мугалимдер менен системдүү методикалык иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан сабак учурунда окутуунун |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| | | | ыкмаларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Мугалимдердин 50%дан кем эмеси окутууда МКТ жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. | инновациялык технологияларын жана активдүү ыкмаларын колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Сабакка даярдануу жана өткөрүү, окуучулардын жетишкендиктерин текшерүү жана баалоо учурунда МКТ колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдердин 80%дан кем эмеси окутууда МКТ жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | Окуучулардан, кесиптештерден, ата-энелерден кайтарым байланыш алуу жана педагогдордун өзүн-өзү талдоо механизмдеринин болуусу жөнүндө далилдер жок. | ОЖда андан кийинки талдоо менен сабактарга өз ара катышуу жүзөгө ашырылат, педагогдордун өзүн-өзү баалоо формалары колдонулат. Кайтарым байланыш алуу үчүн ата-энелер чогулушу, ата-энелерди сурамжылоо ж.б. өткөрүлөт. Окуучулардан кайтарым байланыш алуу боюнча системалуу практика жок. | ОЖда окуучулардан жана ата-энелерден сурамжылоо, анкеттөө ж.б. түрүндө кайтарым байланыш алуунун процесси уюштурулган жана талданган. «Электрондук күндөлүк» системасы колдонулат. Педагогдордун ишинин ыкмаларын жана технологияларын корректировкалоо максатында окутуунун натыйжаларын жана сабактарды талдоо, ошондой эле өзүн-өзү талдоо иши туруктуу жүргүзүлөт. |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын | Бекитилген эмес же | Бекитилген эмес, бирок | Окуучулардын |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедураларды жана куралдарды, ченемдерди жана баалоо критерийлерин колдонуунун далилдери жок | колдонулат/бекитилген, МБСке, Сапатты баалоо системасы жөнүндө жобого ж.б. ылайык окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн процедураларды жана куралдарды, ченемдерди жана баалоо критерийлерин колдонуунун далилдери жок | жетишкендиктерин (мисалы, жазуу иштерин, окуу көндүмдөрүн, долбоорлорду ж.б.) баалоо үчүн процедуралар жана куралдар, ченемдер жана баалоо критерийлери бекитилген жана колдонулат. Салттуу жазуу жана оозеки иштер менен катар долбоорлорду, практикалык жана изилдөөчүлүк иштерди баалоо, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоонун ыкмалары колдонулат. Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторингдөө жана баалоо жүргүзүлөт, жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген. |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Жок /көрсөтүлгөн эмес | Окуучуларды маалымдоо ыкмалары жана процедуралары көрсөтүлгөн | Туруктуу колдонулуучу окуучуларды маалымдоо ыкмалары жана процедуралары көрсөтүлгөн, алардын натыйжалуулугу негизделген. Аппеляция процедурасы белгиленген. |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим | Жок /көрсөтүлгөн эмес | Билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды | ОЖда коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| | берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | | туруктуу колдонуунун далилдери бар.<br>Психологиялык, медициналык кызматтын, социалдык педагогдун ишинин талдоосу берилген. | ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоонун колдонулган ыкмалары көрсөтүлдү, чөйрөнүн коопсуздугу бааланды, ОЖда өнүктүрүүчү жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугу талданды, аккредитацияланып жаткан мезгилдин ичинде чөйрөнүн жакшыруусу байкалууда. |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Маалымат жок/терс динамика /динамика жок, аны менен бирге натыйжаларды жакшыртуу боюнча себептердин жана көрүлүүчү чаралардын талдоосу жок | Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар, маалыматтардын жана жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилген.<br>Натыйжалар кандайдыр бир оң динамиканы көрсөтүүдө же маанилүү өзгөрүүлөр жок.<br>Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5 жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди:<br>- ЖМА (9 жана 11-класстар)<br>- Мектеп ичиндеги мониторинг<br>- ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо баллын, тандалуучу предметтердин диапазонун | Акыркы 5 жылдын ичинде жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтары бар, маалыматтардын талдоосу берилди.<br>Натыйжалар оң динамиканы же туруктуу жогорку деңгээлди көрсөтүүдө<br><br>Төмөнкү натыйжалар боюнча акыркы 5 жылдын ичиндеги динамиканын талдоосу берилди:<br>- ЖМА (9 жана 11-класстар)<br>- Мектеп ичиндеги мониторинг<br>- ЖРТ (катышуучулардын санын, негизги тесттин орточо баллын, тандалуучу предметтердин диапазонун көрсөтүү менен)<br>- УТБ (ыктыярдуу тестирлөө) |

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | | | көрсөтүү менен)<br>- УТБ (ыктыярдуу тестирлөө) | |
| 2.8. | Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Жол-жоболор же маалымат жок | - | Жол-жоболор иштелип чыкты жана ишке киргизилди |
| **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ** | | | | |
| **Билим берүү уюмунун өз ишин компетенттүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек (билим берүү уюмдары лицензиялык талаптарды сактоого милдеттүү)** | | | | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Педагогикалык курам толук комплекттенген эмес же квалификациянын жана/же педагогикалык билиминин профилине ылайык келбейт | - | Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге (анын ичинде адистигине шайкеш келүү) карата коюлуучу талаптарга ылайык толугу менен комплекттелген. |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Процедуралар же маалымат жок | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоочу механизмдер жана процедуралар бар | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоочу механизмдер жана процедуралар белгиленди, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелеринине жана анын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алууга карата баалоо жүргүзүү боюнча далилдер бар. |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын | Мугалимдердин 10%нан азы буга чейинки академиялык | Педагогдорду кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу | Педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасы |

<table>
<tr><th rowspan="2">№</th><th rowspan="2">Критерийлер</th><th colspan="3">Ылайык келүү индикаторлору</th></tr>
<tr><th>Ылайык келбейт</th><th>Жарым-жартылай ылайык келет</th><th>Ылайык келет</th></tr>
<tr><td></td><td>квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу</td><td>жыл үчүн же 50%дан азы беш жылдын ичинде өз квалификациясын ОЖдан тышкары жогорулаткан.<br>Мектеп деңгээлинде кесиптик өнүгүүнүн пландары (стратегиялык пландын бөлүгү катары) жана индивидуалдуу пландоо практикасы жок</td><td>системасы колдонулат:<br>- Жыл сайын 15%дан кем эмес педагог (беш жылдын ичинде 75%) өз квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, анын ичинде дистанттык түрдө, ОЖдан тышкары жогорулатат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат;<br>- насаатчылар, МБнын жетекчилери жана активдүү педагогдор стимулдук фонддун же ЭКК эсебинен сый акы алышат<br>Бирок, кесиптик өнүгүүдө керектөөлөрдү баалоо системасы, ҮКӨ боюнча пландар жана мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнүн индивидуалдык пландары жок.</td><td>бекитилген жана колдонулат:<br>- окутуудагы керектөөлөрдү баалоо жыл сайын жүргүзүлөт;<br>- мектеп үчүн кесиптик өнүгүү боюнча пландар талдоонун негизинде түзүлөт (ОЖнын стратегиялык жана жылдык планынын бир бөлүгү катары);<br>- Педагогдор кесиптик өнүгүүсүнүн өздүк индивидуалдуу пландарын иштеп чыгышат.<br>- Жыл сайын 20%дан кем эмес педагог (беш жылдын ичинде 100%) өз квалификациясын курстарда/семинарларда/тренингдерде (анын ичинде дистанттык түрдө) ОЖдан тышкары жогорулатат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат;<br>- насаатчылар, МБнын жетекчилери жана активдүү педагогдор стимулдук фонддун же ЭКК эсебинен сый акы алышат</td></tr>
<tr><td colspan="5">4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА</td></tr>
<tr><td colspan="5">Билим берүү уюмунун жетиштүү, жеткиликтүү, коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык-техникалык</td></tr>
</table>

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Ылайык келбейт** | **Жарым-жартылай ылайык келет** | **Ылайык келет** |
| **базасы болушу керек (билим берүү уюмдары лицензиялык талаптарды сактоого милдеттүү)** | | | | |
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | Окуу жайдын имараты авариялык кооптуу абалда/Материалдык ресурстар жетиштүү эмес/маалымат жок | Окуу имараттары жана бөлмөлөр канаттандыраарлык абалда. Материалдык ресурстар жетишпейт, бирок акыркы жылдарда оң динамика байкалууда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 30%дан жогору | Окуу имараттар жана бөлмөлөр канаттандыраарлык абалда, камсыздоо, сандык, сапаттык жана жеткиликтүүлүк көрсөткүчтөрү жакшырууда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 50%дан жогору |
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Ылайык келбейт/маалымат жок | - | Коопсуздук талаптарына толугу менен ылайык келет |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Ылайык келбейт/маалымат жок | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо, пландар бар | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо, пландар бар. Өзгөрүүлөрдү көрсөтүүчү маалыматтар берилди |

# Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо

## Методикалык колдонмо

**(ТИТУЛЬНУЮ СТРАНИЦУ ОФОРМИТ ДИЗАЙНЕР ОБЛОЖКИ**
**В СООТВЕТСТВИИ С ОБЛОЖКОЙ)**

УДК
ББК
Б

Методикалык колдонмо Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилип басып чыгарууга жана практикада колдонууга сунушталган (№ 7 протокол 29 август 2016-жыл)

*Авторлор:* ***Хамзина С.А., Низовская И.А., Фадеева Г.Н., Мааткеримова А.Д.***

*Рецензент:* ***Токтомаметов А.Д.,*** п.и.к., Кыргыз билим берүү академиясынын мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү лабораториясынын башчысы

Б- Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо: методикалык колдонмо / Хамзина С.А., Низовская И.А., Фадеева Г.Н., Мааткеримова А.Д. – Б.: ОсОО «Папирус Принт», 2016. – 78 б.

**Колдонмо USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунун алкагында даярдалды. Колдонмодо эне тил жана окуу боюнча предметтик стандарттардын негизинде иштелип чыккан жана практика жүзүндө апробациядан өткөн башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруучу баалоонун (формативдик) куралдары жана процедуралары берилген. Колдонмо башталгыч класстардын мугалимдеринин өз алдынча жана биргелешкен өздөштүрүүсү үчүн видеоматериалдар менен коштолгон.**

Аталган басылма АКШнын эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин колдоосу менен ишке ашты. Басылманын мазмуну толугу менен Изилдөөлөр боюнча Америка институту жана Эл аралык «Балдарды коргогула» фондунун жоопкерчилигинде жана милдеттүү түрдө USAIDдин же Америка Кошмо Штаттарынын көз карашын чагылдырбайт.

О УДК
ISBN ББК

© USAID, 2016

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ . . . . 4

*1-бөлүм.* ОКУУ ТЕХНИКАСЫН БААЛОО . . . . 10

Курал 1.1. Окуу техникасын баалоо формасы . . . . 10

Курал 1.2. Үн чыгарып окуу техникасын баалоо . . . . 13

*2-бөлүм.* СӨЗ БАЙЛЫГЫН ЖАНА ОКУП ТҮШҮНҮҮСҮН БААЛОО . . . . 19

Курал 2.1. «Калтырылган сөздөрдү табуу» . . . . 19

Курал 2.1. «Чаташтырылган тест» . . . . 20

*3-бөлүм.* ТЕКСТТИ ОКУП ТҮШҮНҮҮСҮН БААЛОО . . . . 24

Курал 3.1. Чыгарманын картасы . . . . 24

Курал 3.2. Түшүнүү картасы . . . . 29

*4-бөлүм.* ЖАЗУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО . . . . 33

Курал 4.1. Дил баян картасы . . . . 33

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР . . . . 38

ТИРКЕМЕЛЕР . . . . 39

Тиркеме 1 . . . . 39

Тиркеме 2 . . . . 66

Тиркеме 3 . . . . 67

Тиркеме 4 . . . . 73

# КИРИШҮҮ

**Урматтуу кесиптештер!**

Сиздердин көңүлүңүздөрдү башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруучу (формативдик) баалоону колдонуу боюнча колдонмого бурабыз. Бул материалдар USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунун алкагында окуу жана жазуу тармагы боюнча эксперттер командасы менен практик-мугалимдер тарабынан иштелип чыккан. Долбоорду ишке ашыруу учурунда мугалимдерде окуу көндүмдөрүн баалоодо ар түрдүү суроолор туулду, өзгөчө окуп кайра түшүнүү боюнча суроолор келип чыкты, ошондуктан башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоодо жана окуу процессиндеги) баалоонун ар түрдүү куралдары сунушталат.

Эске сала кетмекчибиз, формативдик же **калыптандыруучу (формативдик**) баалоо – бул окуу процессиндеги окуучунун окуунун тигил же бул жыйынтыгы боюнча кайсы деңгээлде тургандыгы жөнүндө окутуучуга (мугалимге) маалымат берип туруучу баалоо болуп саналат; алар кайсы жерде кыйынчылыктарга туш болушууда; ага ылайык таанып билүү жана окуу процессин жакшыртуу үчүн окуучу жана мугалим кийинки кандай кадамдарды жасашы керектиги тууралуу маалымат менен камсыз кылат[1].

Колдонмону иштеп чыгууда 2014-жылы жалпы жана орто билим берүү тууралуу мамлекеттик стандарттын негизинде иштелип чыккан эне тил боюнча предметтик стандартта берилген окууга үйрөтүүнүн жыйынтыктарына таяндык[2]. Эне тил (жана окуу) боюнча жаңы, предметтик стандарт окуунун базалык көндүмдөрүн эле калыптандырбастан (тамгаларды жана тыбыштарды таануу, сөздөрдү таануу (декодирование) жана шар окуу), ар кандай типтеги тексттерди түшүнүп окууну өнүктүрүүгө, сөз байлыгын өстүрүүгө, ансыз окулган текстти толук кандуу түшүнүү мүмкүн эмес, тексттеги маалыматтар менен иштей билүү, өзүнүн текстин түзө билүүгө басым жасайт.

## Колдонмонун мазмуну

Бул колдонмодо 1-4-класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруучуу (формативдик) баалоонунун куралдары көрсөтүлгөн:

| | Куралдар | Класстар | Эмнелер бааланат |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу техникасын баалоо формалары | 1-4 | Тууралыгын аныктап таануу/окуу тамгаларды, муундарды, сөздөрдү.<br>Окуу ылдамдыгы көркөм окуу, туура окуу |


[1] Формирующее оценивание: оценивание в классе. Учеб.пособие / М.А. Пинская. – М.: Логос, 2010. – 264 с.

[2] Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген 21-июль 2014-жылы № 403 (http://edu.gov.kg/ru/high-education/gosudarstvennyj-obrazovatelnyj-standart/).

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Чаташтырылган тест «Калтырылган сөздөрдү табуу» тести | 2-3 | Текстти, сөздөрдүн маанисин түшүнүү (берилген контекстин негизинде жана грамматикалык конструкцияларды түшүнүү) |
| 4 | Чыгарманын картасы Түшүнүү картасы | 1-4 | Окуган текстти түшүнүү |
| 5 | Дил баян картасы | 4 | Таяныч лексикасын пайдаланып, берилген структура боюнча тексттерди түзө билүү |

## Эмнени баалоо сунушталат?

Аталган колдонмо **окуу көндүмдөрүн жана компоненттерин** калыптандыруучу баалоого арналган. Окуунун негизги беш компоненти бар экендин эсиңиздерге салабыз[3].




*1-сүрөт.* Окуу көндүмдөрү

**Фонеманы кабыл алуу**[4] – кептин өрчүүсүнүн базалык көрсөткүчү. Бул тилдин негизги тыбыштарын таанып билүү жөндөмдүүлүгү, тыбыштар менен тамгалардын ортосундагы айырмачылыкты билүү; тыбыштардын ар түрдүү муундарды түзө ала тургандыгын билүү. Фонеманы кабыл алуу оозеки жана жазуу кеби менен тыгыз байланыштуу жана окуу көндүмдөрүнүн түптөлүшүнө эң керектүү шарт болуп эсептелинет.

**Сөздөрдү окуй алуу (декодирование)** – жазылып турган сөздүн окулушу: тамганы таанып, аны үн менен айкалыштырып кетүү, бир канча тамганы муунга жана бир канча муундарды сөзгө бириктире алуу.

[3] Баланын саламаттыгы жана адамдын өнүгүшү улуттук институту, 2000.

[4] Улучшение навыков чтения учащихся начальных классов. Тренинговые материалы для учителей начальных классов по проекту USAID «Читаем вместе»: Бишкек, 2014.

**Сөз байлыгы** – бул окуучунун оозеки жана жазуу кебинде (тилинде) билип, жана колдоно алган сөздөр жыйнагы.

**Шар окуу –** оозеки кептин темпиндеги окуу ылдамдыгы. Бир мүнөттө окулган сөздөрдүн саны менен өлчөнөт.

**Окуп түшүнүү –** текстин маанисин толук түшүнүү дегенди билдирет. Окуп түшүнүү тексттин өзүнө эмес анын мазмунуна жана идеясына багытталган.

Бул колдонмодо ар бир көндүмдөр үчүн калыптандыруучу баалоо куралдары берилген, мындан тышкары 4-класс үчүн дил баян жазуу көндүмүн баалоо дагы берилген, анткени жазуу – бул окуу менен тыгыз байланышкан көндүм. Ал жазууда кайра айтып берүү шыктуулугун ошондой эле кээ бир тамгалардын жазуу эрежелеринин сакталышын, кыска сөздөрдүн, тексттен үзүндүлөрдү жана кыскача аңгемелерди түзө алуусун текшерет. Сүйлөмдөрдү, тексттерди, дилбаяндарды түзүүдө мыкты сөз байлыгы талап кылынат, ошондой эле алгачкы жана грамматикалык жетиштүү билими талап кылынат. Дилбаян продуктивдүү тил ишмердиги болгондуктан бир канча күч-аракетти талап кылат.

## Баалоо кантип жүргүзүлөт?

Колдонмодо сунушталган куралдардын ар бири аны практика жүзүндө кантип колдонууга боло тургандыгы жөнүндө көрсөтмөлөр менен коштолот.

Калыптандыруучу баалоону эффективдүү пайдалануу үчүн сиз мугалим катары бир нече кадам жасашыңыз керек.

Биринчиден, бул колдонмодогу тиешелүү куралды колдонуу аркылуу окуу жылынын башында балдардын окуу көндүмдөрүнө диагностикалык баалоо жүргүзгүлө.

Экинчиден, алынган жыйынтыктарды окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча жүргүзгөн иштериңерди пландаштыруу үчүн талдагыла.

Үчүнчүдөн, тексттин ар кандай түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, чечмелөө) жазуу боюнча өзүңөрдүн сабагыңарда жана тапшырмаларда окутуунун ар түрдүү жигердүү ыкмаларын колдонгула, окуган текстти түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү, сөз байлыгы, шар окуу көндүмдөрү ж.б. үчүн куралдарда колдонулганга окшош суроолорду бергиле жана тапшырмаларды сунуштагыла.

Чейректин же жарым жылдыктын аягында өзүңүздүн баалоо планыңыз боюнча ушул эле куралдарды колдонуп төмөнкүдөй баалоону жүргүзгүлө, бирок башка тексттерди колдонгула. Мына ушунтип, сиз окуучулардын алдыга өсүшүн көрө аласыз, жана кийинки педагогикалык аракетиңизде чечим кабыл алууда, балдар жана ата-энелер менен сапаттуу жана кенен кайтарым байланыш (б.а. критерийлерге таянуу, окуучунун сунуштары менен) жасай аласыз. Аталган баалоонун жыйынтыктары боюнча сиз баа коё аласыз, же койбосоңуз да болот. Бул баалоонун максатына жараша болот. Эгер сиздин максатыңыз өзүңүздүн методикасыңыздын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо, ондоолорду киргизүү, окуучуларга сунуш берүү болсо, анда баа койбосоңуз болот. Эгер сиз бул куралдарды белгилүү бир убакыттын ичинде жетишкен жыйынтыктарды аралык баалоо үчүн колдонууну чечсеңиз, анда сиз жазуу жана оозеки комментарийлер жана сунуштар (кайтарым байланыш) менен толуктап журналга белги коё аласыз.

Баалоону пландаштырууда бир эле куралды улам колдоно берүү окуучуларды көндүрүп же тапшырманы үстүртөн аткарууга алып бара тургандыгын эске алыңыздар. Окуу процессин жана окуу боюнча стандарттарга жетүү даражасын мыкты түшүнүү үчүн биз бир эле куралды эң аз дегенде эки жолу колдонуу менен баалоону өткөрүүгө болорун сунуштайбыз – ар бир жарым жылдыктын башында жана аягында – өсүш бар же жок экенин билиш үчүн. Анын үстүнө, ар бир жарым жылдык үчүн биз же ар кандай куралдарды (татаалдыгына жараша) же, ар түрдүү тексттерди сунуштайбыз. Баалоонун жыйынтыктарын өзүңүздүн классыңыздын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн өсүшүн байкоо үчүн адатта колдонуп жүргөн көрсөткүчтөрдүн маалымат картасына киргизгиле (Тиркеме 2).

*Таблица 1.* **2-класстагы окуу көндүмдөрүн баалоону өткөрүүнүн план-графигинин үлгүсү**


| Эмне бааланат | Курал | Биринчи жарым жылдык | | Экинчи жарым жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|
| Шар окуу | Окуу техникасын баалоо формасы | 15-сентябрь | 15-декабрь | 15-январь | 15-май |
| Окуганды түшүнүү жана сөз байлыгы | Чаташтыруу тести | 20-сентябрь | 20-декабрь | 20-январь | 20-май |
| Окуганды түшүнүү | Чыгарманын картасы | 24-сентябрь | 24-декабрь | 24-январь | 24-май |

## Баалоонун критерийлери кандай?

Окуу көндүмдөрүн баалоодо критерийлерге таянуу ыкмасы колдонулат. Критерийлерге таянуу ыкмасы мугалимден окуучу тапшырманы аткарып жаткан учурда түшүнүүсү жана ийгиликтүү аткаруусу үчүн бир катар талаптарды аткаруусун көздөйт. (2-сүрөттү караңыз: Критерийлер аркылуу баалоо). Инсанга багытталган окутуу мугалимдин окуучунун ийгиликке жетүүсүнө шарт түзүүгө багытталган, ошондуктан баалоонун критерийлери позитивдүү формада, окуучунун кетирген каталарына эмес, жетишкендигине, тапшырманы аткарышына басым жасоо менен жүзөгө ашат. 2-сүрөттү караңыз.

2-сүрөттөн көрүп турганыңыздай мугалим тарабынан колдонулган жана иштелип чыккан критерийлер окучуларга белгилүү болуш керек. Бул үчүн мугалим сабак учурунда айтып, мындан тышкары плакатка жазып, класска илип коюш керек. Адатта мугалимдер өзүнүн да, окуучулардын да көңүлүн окуунун ылдамдыгынын ченемдерине буруп, башка критерийлер тууралуу унутуп калышат. Ошондуктан аталган колдонмодо биз буларды сунуштайбыз:

- ар бир куралды колдонуудагы баалоонун критерийлеринин болушу;
- күтүлүүчү натыйжага жетүүнүн деңгээлин аныктоо боюнча көрсөтмө берүү.




*2-сүрөт.* Критерийлер аркылуу баалоо

Мисалы, туура окууну баалоодо туура окулган сөздөрдүн санын белгилеп жазууга туура келет (бул учурда туура эмес окулгандар да), көркөм окуу – логикалык пауза жана басым, интонацияны сактоо. Окулганды түшүнүүнү баалоонун негизги критерийлери чыгарманын негизги учурларын элестетүүнүн толуктугу жана логикалуулугу, мындан тышкары чыгарманын мазмунуна ылайык келүүсү болуп калат. Ошондой эле дагы бир критерий эске алынат – баланын өз алдынчалуулугу. Окуучуларга тапшырмаларды өз алдынча иштөө керек экендиги жөнүндө алдын ала түшүндүрүү зарыл. Эгерде кыйынчылыктар туулса мугалим ар дайым жардамга келе тургандыгын окуучулар билиши керек. Жардамды өз алдынча ишти уюштурууда жана анын жүрүшүндө берүү керек.

Ошентсе да, баланын окуу көндүмдөрү боюнча деңгээли объективдүү болушу үчүн мугалим «Мугалимдин жардамы» деген графага тест алуу мезгилинде кыскача жазуу зарылдыгын унутпашы керек. Мисалы, багыттоочу суроолор берилди деп жазуу керек.

*Таблица 2.* **«Жардам көрсөтүүнүн түрлөрү» таблицасы**

| Кайсыл жерде жана качан | Жардам көрсөтүүнүн түрлөрү |
|---|---|
| Өз алдынча ишти уюштурууда | ▪ Жагымдуу маанайдагы атмосфера түзүү<br>▪ Тапшырманы түшүнүүдө суроолорду колдонуу<br>▪ Тапшырманы аткаруунун ырааттуулугун түшүндүрүү<br>▪ Кыйынчылыктардын болушу жөнүндө эскертүү<br>▪ Иш-аракеттин планын колдонуу |
| Сабактагы өз алдынча иш учурунда | ▪ Мурда иштелгендерге окшош ишке таянуу<br>▪ Мактоо жана кубаттоо менен түртку берүү<br>▪ Тапшырманы аткаруунун ыкмаларын эске алуу |

- Багыттоочу суроолорду колдонуу
- Тапшырманы өлчөмдөргө, этаптарга бөлүү жана оор тапшырмалардын ичинен жөнөкөйлөрүнүн тизмесин бөлүп көрсөтүү.
- Каталарды көрсөтүү, үлгү көрсөтүү

## Колдонмону кантип пайдаланууга болот?

Колдонмонун тексттин мындан тышкары дисктеги видеоколдонмону пайдалануу менен көрсөтмөлөрдү үйрөнгүлө. Мектептин методикалык бирикмесинде кесиптештериңиздер менен чогуу көрсөтмөлөрдүн формаларын жана видеокөрсөтмөнү көргүлө, пайда болгон суроолорду талкуулагыла. Алдын ала окуучуларга эмне талап кылына тургандыгын эскертип, өзүңөрдүн классыңарда иш жүзүндө көргүлө. Диагностикалык баалоонун жыйынтыктарын кесиптештериңер менен талкуулагыла. Окуудагы окуучулардын жалпы көйгөйлөрүн жана аны чечүү жолдорун аныктагыла. Өзүңөрдүн классыңарда кийинки окуу көндүмдөрүн баалоонун планын түзгүлө (кандай куралдарды колдоносуңар, өткөрүү убактысы), кошумча тексттерди иштеп чыккыла, форманы даярдагыла. Тиркемеде формалардын даяр варианттарын жана көчүрүп алуу үчүн тексттерди таба аласыңар, бул ар бир курал боюнча жарым жылдыкта эки жолу баалоо өткөрүүгө жетиштүү. Ошентсе да, ылайыгына жараша, сиз өзүңүздүн сабагыңызда колдонуу үчүн өз алдыңызча же кесиптештериңиз менен чогуу ушул сыяктуу куралдарды иштеп чыга аласыздар.

## Корутундулаганда…

Биз сунушталган куралдарды сиздин өздөштүрүп, өзүңүздүн практикаңызга киргизе ала тургандыңызга жана окуунун алдыга өсүшүн көрө алаарыңызга үмүттөнөбүз. Балким, иш процессинде сизде табылгалар жана идеялар пайда болушу мүмкүн, сиз баалоонун куралдары боюнча өзүңүздүн варианттарыңызды иштеп чыгып, кеисптештериңизге сунуштай аласыз. Биз сизге ийгилик каалайбыз!

# 1-бөлүм

# ОКУУ ТЕХНИКАСЫН БААЛОО

Окууга үйрөнүү бир канча этаптардан турат, адегенде шар жана түшүнүп окуу көндүмү, б.а. сөздү толук жана окуу ылдамдыгын улам жогорулатып окуу (окуу техникасы).

Окутуунун баштапкы этабы тамгаларды таануудан башталат. Окутуунун бул этабында окуучулардын негизги күч-аракети тексттеги басма түрүндөгү тамгаларды таанып, оозеки түрүндө окуп кетүү процессине бөлүнөт.

Муундап окуунун экинчи этабында негизгиси муун болуп эсептелет.

Үчүнчү этапта окуучу сөздү муундап окуп, аларды бириктирип сөзгө айландырып, анан андан кийин гана окуганын түшүнө баштайт. Жөнөкөй жана тааныш сөздөр чогуу окулуп, тааныш эмес же түзүлүш структурасы боюнча татаал сөздөр дагы деле муундап окулат. Тааныш сөздөрдү окууда окуучулар аны (тамганын артынан тамга кылып) окуй алышат, же болбосо көрүп таануу эс тутумунун жардамы менен окулушун эстеп окуп кетишет. Мындай учурда тестирлөөнүн максатында маанисиз (ойлонуп табылган) сөздөрдү пайдалануу ылайыктуу.

Аягында, төртүнчү этапта окуучу окуунун көп ыкмаларын билип калат: сөздөр менен, сөздөрдү тобу менен. Окуучу үчүн көрүп кабыл алуу менен байланышкан окуунун техника жагы эмес, окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүп, ойлонуу негизгиси болуп калат. Окуучу бардык сөздөрдүн маанисин жакшы билип, аларды сүйлөм ичинде байланыштыра алса гана ал текстти толук түшүндү деп эсептей аласыз. Мына ошентип, кептин лексика, грамматикалык тарабын эң жогорку деңгээлде өздөштүргөндө окулган текстти жакшы түшүнө алат.

Окуунун техникасын баалоо үчүн сизге мурда белгилүү дагы эки куралды колдонууну сунуштайбыз. Алардын бири окуучунун биринчи класста тамгаларды таануусуна жана тыбыштарды айтуусуна арналган. Экинчиси – шар, туура жана көркөм окууну баалоо үчүн, буларды башталгыч мектептин биринчи жана кийинки класстарында колдонсо болот.

## Курал 1.1. Окуу техникасын баалоо формасы

**Класс: 1**

**Окуучуларды окутуудагы күтүлүүчү жыйынтыктар:**

- Үндүү жана үнсүз тыбыштарды жана тамгаларды айтат жана айырмалайт.
- Сөздөрдөгү, муундардагы жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү туура айта алат.

## Көрсөтмөлөр

Биринчи класстын биринчи жарым жылдыгында окуу техникасын баалоодо сиздерге төмөндөгүдөй ар түрдүү тартипте жайгашкан баш тамгалар менен кичине тамгалардын таблицасын колдонууну сунуштайбыз. Сиздердин максат окуучу жазылган тамгага дал келген тыбыштарды туура айтып, муундап окуй алаарын билүү.

Балага форманы берип, окуучу тамгаларды туура окуп, мугалимдин буйругу менен муундарды тез жана так окушу керек экендигин түшүндүргүлө. Ар бир формага берилген убакыт бир мүнөт. Алдыңарда туура эмес окулуп жана калтырылып кеткен тамгалар менен муундарды белгилеп туруу үчүн ошол сыяктуу эле форманы бергиле.

Окуучулардын окуу көндүмдөрүнө жараша ( тамгаларды таануу, окуу ыкмалары ж.б) Форма 1 (тамгаларды таануу ) же Форма 2ни (муундарды окуу) тандагыла.

Сиз ушул сыяктуу формаларды өзүңүз иштеп чыгып жана чыгарып алсаңыз болот. Эске алуучу нерсе, алдыңкы окуучуларга өзүнүн жыйынтыктарын көрүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн тамгалардын жалпы саны же тесттеги сөздөрдүн саны стандарттагы нармадан бир аз ашат. Ошондуктан биринчи класс үчүн 20-25 тамга жана сөздөн турган таблицаны колдонууну сунуштайбыз.

## Формалар

*Форма №1.* **Окуу техникасын баалоо (I жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ф | ж | П | Х | ч |
| ң | с | В | Н | е |
| Б | У | О | Р | Ү |
| ө | Д | И | Э | ц |

*Форма №2.* **Окуу техникасын баалоо ( I жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Бе | им | Зу | се | ЖО |
| Ар | Ил | аң | Ач | Чу |
| Шы | ТЕ | Жө | Фе | Вү |
| ЛӨ | Фа | Тр | Ок | Це |

*Форма №3.* **Окуу техникасын баалоо ( II жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Дун | Сла | Чуз | Лөч | Шкон |
| Чүп | Юсы | чевс | себ | зэл |
| феб | Түң | аду | Пүй | Жпи |
| кры | Феб | бри | бша | руп |
| нре | мын | нап | Тоб | эрс |

**Деңгээлдерди аныктоо**

Эгерде окуучу катасыз берилген тамгалардын, сөздөрдүн 85% окуп бере алса, ал үлгүлүү денгээлди көрсөткөн болот. Жетиштүү – 50-84%. Жетиштүү эмес – 50%

Эсептөө үчүн төмөнкүдөй сандар керек:

1. Формадагы тамгалардын жалпы саны (муундар, сөздөр).
2. Туура аталган сөздөрдүн саны (муундар, сөздөр).
3. Туура аталган сөздөрдүн санын (муундар, сөздөр) тамгалардын жапы санына бөлүп (муундар, сөздөр) 100%га көбөйтүү керек.
4. Бул жыйынтык кайсы деңгээлге ылайык келе турганын аныктоо.

***Үлгү:***

Таблицадагы муундардын саны – 20. Окуучу туура окуду – 15. Анда, 15 : 20 х 100 % = 75 %. Окуучунун жыйынтыгы – 75%, бул **жетиштүү деңгээлге** туура келет.

*Окуучу үлгүлүү же жетиштүү деңгээлди көрсөтсө б.а. окуу деңгээлге же стандарттагы деңгээлден ашса, анда сиз, мугалим катары баланы сөзсүз мактап, өсүштүн кийинки милдеттерин талкуулашыңыз зарыл. Мисалы, өзүнөн кичүү инилерине же карындаштарына үн чыгарып анча чоң эмес тексттерди окуп берүүгө кеңеш берүү.*

*Жетиштүү эмес деңгээлди көрсөткөн балдар сиздин өзгөчө көңүл буруунузга жана жекече мамилеге муктаж.*



**Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?**

- Окуучу менен бирдикте форманы кайрадан окуп чыккыла.
- Окуучу менен бирдикте, ал эмнени аткара алгандыгын, эмнени аткара албагандыгын анализдөө.

- Кѳйгѳйдү аныктагыла, балким бала графемалар менен фонемалардын байланышын ѳздѳштүрѳ элек, балким баш тамгаларды гана окуй албайт.
- Ал окуй албаган тамгаларды жана сѳздѳрдү түшүндүргүлѳ жана ѳзүңѳр окуп кѳрсѳткүлѳ.
- Багытын ѳзгѳртүп дагы бир жолу окуп чыгуу үчүн форманы окуучуга бергиле (ѳйдѳдѳн-ылдый, оңдон-солго ж.б).
- Ата-энелерге сунуш бергиле: баланын үзгүлтүксүз окуусуна кѳңүл буруу.
- Бир нече сабакта же бир жуманын ичинде окуучуга сабакта кѳбүрѳѳк кѳңүл бургула, жекече окууга, тамгаларды аныктоо кѳнүгүүлѳрүнѳ убакыт бѳлгүлѳ (мисалы, сѳздүн биринчи тамгасы).
- Эки жумадан кийин тамгалардын аталышын эске тутуп калуусун жана кетирген каталарын эске алуу менен башка форма бергиле жана ѳсүш болгондугун аныктагыла.
- Ушул учурда жасаган аракети үчүн баланы мактагыла жана анын ѳсүшүн кѳрсѳткүлѳ (мисалы: «Ѳткѳн жолу сен 5 сѳздү туура окудуң ал эми бүгүн 12 сѳздү. Эгер сен мындан ары ушул жумадагыдай сабакта кѳңүл коюп иштеп, окуу боюнча тапшырмаларды аткарсаң, чейректин аягында окуу боюнча абдан жашы жыйынтык болот»).

## Курал 1.2. Үн чыгарып окуу техникасын баалоо

**Класс: 1, 2, 3, 4**

### Окуучулардын окуусунун күтүлүүчү натыйжалары:

1. Окуунун тиешелүү ылдамдыгы менен текстти туура окуйт.
2. Интонация жана логикалык басымды сактап, кѳркѳм окуйт.
3. Окуунун ченемдерине ылайык үн чыгарып окуйт.

Кѳпчүлүк мугалимдер окуу техникасы – бул жѳн гана баланын окуусунун ылдамдыгы деп ойлоп, бир мүнѳттѳ окуган сѳздѳрдүн санын гана баалап коюшат. Бирок бул мындай эмес. «Окуу техникасын» текшерүүдѳ мугалим бир канча кѳрсѳткүчтѳрдү баалайт:

- окуу ыкмасы – сѳздѳрдү муундап окуу же толугу менен жай окуу;
- окуу ылдамдыгы – белгилүү убакыт аралыгында окулган сѳздѳрдүн саны (бир мүнѳттѳгү сѳздѳр саналат);
- окуунун кѳркѳмдүүлүгү – басымдын туура коюлушу, окууда тыным менен интонациянын туура сакталышы;
- окуунун тууралыгы – окуудагы катачылыктар, такалып окуу;
- белгилүү темпте түшүнүп окуу кѳндүмү (үн чыгарып жана купуя) – бала жѳн гана окубастан, түшүнүп окуусу керек.

### Окуу техникасын текшерүү боюнча мугалимге кѳрсѳтмѳ (инструкция)

- Окуу техникасын текшерүүнү жылына эки жолу жүргүзгүлѳ (декабрь, май).
- Окуу темпин текшерүүдѳ сѳздѳр эки тамгадан турса да, бардык сѳздѳрдү эске алуу керек.

- Окуу көндүмдөрүн текшерүү текстин 2 нускада даярдаңыз: окуучу жана мугалим үчүн.
- Мугалимдин нускасындагы тексттин баш жана акыркы сөзүн аныктап, номерлеп коюңуз.
- Форма менен баалагыла (Х таблицанын графалары боюнча белгилөө жүргүзгүлө):

  1) Окуу ыкмасы; 2) Окуу темпи; 3) Тууралыгы; 4) Көркөм окуунун элементтери (тыным, логикалык басым, интонация).

**Эскертүү:**

Бул куралда «окуганын түшүнүү» критерийи бөлүнүп берилген эмес. Бирок эсиңерде болсун, бардык окуунун көндүмдөрү бири-бири менен тыгыз байланышта болгондуктан окуу техникасын гана эмес аны түшүнө билүүсүн дагы баалоо керек. Көпчүлүк мугалимдер мындай учурда окулган текст боюнча суроолорду колдонушат, баалоо таблицасына окуп түшүнүү критерийин кошуу менен суроого жооптордун туура экендигин белгилешет. Бул ыкманы сиздер өзүңүздөрдүн ишиңиздерде колдонсоңуздар болот. Мында окуган нерсени кайра айтып берүүдө жөнөкөй суроолор менен бирге (ким? эмне? кайда? ж.б), окуучулардын жоопторунда тексттин айрым бөлүктөрүн байланыштыруучу, алдын-ала болжолдоочу, жалпылоочу татаалыраак суроолорду берүүгө аракет кылыңыздар. Окуп түшүнүүнү баалоонун кеңири куралдары жөнүндө биздин көрсөтмө куралдын башка бөлүгүндө айтылат.

## Баалоонун критерийлери

### 1. Окуу ылдамдыгынын ченеми

3-таблицадагы жетиштүү деңгээл предметтик стандарттын талаптарына туура келет.

*Таблица 3.* **Окуу ылдамдыгынын ченемдери**

| Класс | Үлгүлүү деңгээл | | Жетиштүү деңгээл | | Жетиштүү эмес деңгээл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I жарым жылдык | II жарым жылдык | I жарым жылдык | II жарым жылдык | I жарым жылдык | II жарым жылдык |
| 1 | 20 сөздөн жогору | 25 сөздөн жогору | 15-20 сөз | 20-25 сөз | 15 сөздөн төмөн | 20 сөздөн төмөн |
| 2 | 35 сөздөн жогору | 40 сөздөн жогору | 30-35 сөз | 35-40 сөз | 30 сөздөн төмөн | 35 сөздөн төмөн |
| 3 | 50 сөздөн жогору | 60 сөздөн жогору | 45-50 сөз | 55-60 сөз | 45 сөздөн төмөн | 55 сөздөн төмөн |
| 4 | 70 сөздөн жогору | 80 сөздөн жогору | 65-70 сөз | 70-80 сөз | 65 сөздөн төмөн | 70 сөздөн төмөн |

## 2. Окуунун туура жана көркөмдүүлүгүн баалоо критерийлери?

**Туура окуу** туура окулган сөздөрдүн жана кетирилген каталардын санынан көрүнөт.

Окууда төмөндөгүдөй катачылыктар кетиши мүмкүн:

- тамгаларды (тыбыштарды), муундарды, сөздөрдү алмаштырып алуудан;
- тамгаларды калтырып кетүүдөн;
- орун алмаштыруудан;
- кошуп кетүүдөн;
- бурмалоодон;
- тексттеги тамгаларды (тыбыштарды), муундарды, сөздөрдүн кайталануусунан;
- логикалык басымдын туура эмес коюлушунан.

Катачылыктар тексттеги сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, туура эмес түшүнүү менен бурмалоодон, тамганы графикалык сүрөттөөнү билбестиктен келип чыгат. Окуучу окуп жаткан учурда шашылып, ката кетирип окушу мүмкүн.

**Көркөм окуу** төмөнкү практикалык билгичтиктерден турат**:**

1. Логикалык басымдын туура коюлушу (маанилүү сөздү үн аркылуу баса белгилөө).
2. Тынымдардын сакталышы.
3. Ыргак жана темптин туура тандалышы.
4. Керектүү интонацияны сактоо.

4-таблицада туура окуунун күтүлүүчү жыйынтыктары класстар жана жарым жылдык боюнча берилген. Окуунун тууралыгы жана көркөмдүүлүгүнүн баяндамасы 1-класстан 4-класска чейин окуучулардын жетишкендиктеринин төмөнкүдөй натыйжаларын болжолдойт.

*Таблица 4.* **Туура жана көркөм окуунун баяндамасы**

| Класс | I жарым жылдык | II жарым жылдык |
|---|---|---|
| **1** | Сөздөрдү жана муундарды так айтып, туура жана муундап созуп окуу. | Сөздөрдү толук, туура окуу. Көп муундуу сөздөр муундап окулат. |
| **2** | Логикалык басымды сактоо менен сөздөрдү туура окуу. Көп муундуу сөздөрдү муундап окуу. | Окуу темпин, интонацияны, үндүн тонун (катуу-акырын) сактоо менен сөздөрдү туура окуу. |
| **3** | Логикалык басымды, тынымды, сактоо менен сөздөрдү үндүн бийиктигине (катуу-акырын) жана интонациясына жараша туура окуу. | Окуу ылдамдыгын жана көркөм окуусун толук, туура окуу.<br>Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө ылайык интонацияны тандоо, мындан тышкары логикалык басымды, тынымды, үндүн бийиктигин (катуу-акырын) сактоо. |

| Класс | I жарым жылдык | II жарым жылдык |
|---|---|---|
| **4** | Сөздөрдү, фразаларды, логикалык басымды, тыныммды сактоо менен сөздөрдү үндүн бийиктигине (катуу-акырын) жана интонациясына жараша туура окуу. | Оозеки кепте (так окуу, туура айтуу, эмоция, аң-сезими, көңүлү) көркөм каражаттарды колдонуу менен ар кандай көлөмдөгү жана жанрдагы текстти бардык зарыл нормаларды сактоо менен көркөм, туура, тез окуу. |

## 1. Туура жана көркөм окуунун деңгээлин аныктоо?

Болжол менен окуунун тууралыгынын деңгээлин төмөнкүчө элестетүүгө болот:

1. Үлгүлүү деңгээл = 85% жана андан жогору.
2. Жетиштүү деңгээл = 50% дан 84% га чейин.
3. Жетиштүү эмес деңгээл = 50% төмөн болсо.

Деңгээлди аныктоо

1. Окуучу тексттеги бир мүнөттүн ичинде окуган сөздөрдүн санын белгилейбиз.
2. Кетирилген каталардын санын аныктайбыз.
3. Деңгээлди аныктайбыз: туура окулган сөздөрдүн санын тексттеги сөздөрдүн жалпы санына бөлөбүз жана 100%га көбөйтөбүз.

***Мисал***

Тексттеги бир мүнөттө окулган жалпы сөздөрдүн саны (мисалы: 20). Кетирилген каталардын саны (мисалы 3). Демек туура окулган сөздөрдүн саны 17 (20-3=17). Окулган сөздөрдүн жалпы санын кетирген каталардын санына бөлүү керек. Анан аны 100% көбөйтүү керек. 17 : 20 x 100 % = 85 %. Жыйынтыгы: окуучунун окуусу үлгүлүү деңгээлге туура келет.

## Көркөм окууну баалоо

Үлгүлүү деңгээл – бардык 4 талап аткарылган.
Жетиштүү деңгээл – 3-4 талап сакталган.
Жетиштүү эмес деңгээл – бир гана талап аткарылган.

## Жыйынтыктоочу форма

Окуу техникасынын комплекстүү баалоо формаларын текшерүү үчүн ар бир компонентке жыйынтыктоочу формаларын кандай колдонуу керектигин сунуштайбыз. Педагог бул формага окуу техникасын текшерүүнүн бардык жыйынтыктарын киргизет.

*Таблица 5.* **Окуу техникасын текшерүү ведомосту ____класс __________ № мектеп 2015-2016___ окуу жылдары**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жөндөмү | | | | | Туура окуусу | | | | | | Көркөм окуусу | | | Минутадагы окуу техникасы | Деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | Кетирилген каталар | | | | | Туура окуйт | | | | | |
| | | Тамгалап окуйт | Муундап окуйт | Муундап жай окуйт | Муундап созуп окуйт | Шар окуйт | Алмаштырып окуйт (сөз, муун, тамга) | Калтырып окуйт (сөз, муун, тамга) | Орун алмаштырып окуйт (сөз, муун, тамга) | Бурмалап окуйт | Кайталап окуйт | | Логикалык басымды сактап окуйт | Интонация менен окуйт | Ритм жана темптин туура тандалышы | | |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?**

- Окуучу кайсы параметрлер боюнча жетиштүү эмес деңгээлде экендигин аныктагыла: туура окуу, көркөм окуу же ылдамдыгы боюнча. Ал окуунун кандай ыкмасын колдонгондугун аныктагыла.
- Окуучу менен бирдикте, ал эмнени аткара алгандыгын, эмнени аткара албагандыгын анализдөө.
- Текстти түшүнүү үчүн берилген параметрлердин ар биринин маанилүүлүгүн түшүндүргүлө.
- Окуудагы көйгөйгө жараша балага тапшырмалардын белгилүү бир түрүн сунуштагыла. Мисалы, эгер окуп жатканда көркөмдүүлүк жок болсо, бул анын текстти түшүнбөгөндүгүн, сүйлөмдү бир бүткөн ой катары кабыл албагандыгын билдирип турат. Балким , маселе шар окууда болушу мүмкүн. Эгер окуучу шар окуса, интонацияны түзөткүлө, бул текстти кабыл алууда маанилүү экендигин түшүндүргүлө. Ата-эне менен жупташып диалог окууну сунуштагыла.

- Бир нече сабакта же бир жуманын ичинде окуучуга сабакта көбүрөөк көңүл бургула, сабакта үн чыгарып окууга убакыт бөлгүлө.
- Ата-энелерге үйдө бала менен үзгүлтүксүз окуунун зарылдыгын сунуштагыла.
- Эки-үч жумадан кийин окуу техникасына дагы бир тест өткөргүлө.
- Ушул учурда жасаган аракети үчүн баланы мактагыла жана анын өсүшүн көрсөткүлө (мисалы: «Өткөн жолу сен 45 % сөздү туура окудуң ал эми бүгүн 60% сөздү. Мындан тышкары, сен чекит жана үтүрдөн кийин логикалык басым жана тынымды туура койдуң. Эгер сен мындан ары ушул жумадагыдай сабакта көңүл коюп иштеп, окуу боюнча тапшырмаларды аткарсаң, чейректин аягында абдан жакшы натыйжага жетесиң).

# 2-бөлүм

# СӨЗ БАЙЛЫГЫН ЖАНА ОКУП ТҮШҮНҮҮСҮН БААЛОО

Сөз байлыгын жана окуп түшүнүүсүн баалоо боюнча биз эки тестти сунуштайбыз. Бул тесттер «Калтырылган сөздөрдү табуу» жана «Чаташтырылган сөздөр». Мында тексттеги алынып салынган (таштап кеткен) сөздөрдү көрсөтөт . Тесттеги калтырылган сөзгө чейинки жана калтырылган сөздөн кийинки сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшүн анализдеп, контексттеги сөздөрдү туура таап жана грамматикалык жактан туура колдонуу менен бул маалыматты түшүнүү.

## Курал 2.1. «Калтырылган сөздөрдү табуу»

**Класс: 2, 3, 4**

### Окутуунун баалануучу жыйынтыктары:

**Окуучулар:**

- Жөнөкөй сүйлөмдү түзүү үчүн өтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн сөздү колдонот.
- Өтүлгөн материалдан жаңы сөздөрдү кебинде туура колдонот.
- Окуяларды тексттин мазмуну жана каармандардын жүрүм-туруму боюнча болжолдоп көрсөтөт.
- Өтүлгөн жана жаңы материалды колдонуу менен үйлөм, текст түзөт.

### Баяндамасы

«Калтырылган сөздөрдү табуу» куралы фиксацияланган кадам методу аркылуу (ар бир бешинчи сөзүн жок кылуу) текстти билдирет.

Тексттен биринчи бүткөн сүйлөмдөн кийин ар бир бешинчи сөз алынып ташталат. Анын ордуна бош сызыкча (пробел) болот. Бул куралды колдонуунун максаты – окуучулар бош орундун ордуна тексттин сүрөттөмөсүн канчалык деңгээлде туура жана так алдын ала айтып бере алышаарын билүү.

**Форма**

**Тест «Калтырылган сөздөр»**

**АТЫ-ЖӨНҮ**______________________________________________**класс**_________________

**МӨӨНӨТҮ**______________________

**Боз чымчык кантип бак отургузду?**

Илгери-илгери кышында токойдо кызыл төш боз чымчык жашаптыр. Ал өзүнүн жумушу менен _________________ жүрүп, курсагы ачыптыр. Боз _________________ бийик четиндин үстүнө конуп _____________________ тондурулган жемиштерди чокуп жей _______________________ .Эң сонун бышкан чоң _______________________ мөмөлөр экен. Мөмөлөрүн жеген ________________________ жегисин эле келтирет!

Боз _______________ тойгончо жеп, бирок четинди _________________ учуп кеткиси келген жок, ______________________ мөмөлөрү абдан сонун эле. ______________________ жок дегенде биреөнү өзүмө _________________ коёюн деп ойлоду. Тумшугу______________________ мөмөнү алып , учуп жөнөдү. ___________________________ карчыга кушу чыга калды. _____________________ кеткен боз чымчык башка _______________________ учуп , «Жардамга!» – деп кыйкырганда ____________________ мөмөсүн карга түшүрүп жиберди.

___________________ келди. Кар эриди. Мөмөнү _________________________ жылытты. Адегенде анын тамырчасы _________________________ андан кийин жашыл жалбырактары ______________________ баштады. Кийинчерээк жаш бак ___________________________ чыкты. Бактын үстүнө боз____________________отуруп алып: «Эми кышында _________________ мөмөлөр көп болот!» – деп ______________________ мактап сайрап жатты.

(120 сөз, 19 сөз алынды)

## Курал 2.2. «Чаташтырылган сөздөр»

**Класс: 2, 3, 4**

**Окутуунун бааланууучу жыйынтыктары:**

Окуучулар:

- Жөнөкөй сүйлөмдү түзүү үчүн өтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн сөздү колдонот.
- Өтүлгөн материалдан жаңы сөздөрдү кебинде туура колдонот.

- Окуяларды тексттин мазмуну жана каармандардын жүрүм-туруму боюнча болжолдоп көрсөтөт.
- Өтүлгөн жана жаңы материалды колдонуу менен сүйлөм, текст түзөт.
- Текстти түшүнүүсүн көрсөтөт.

## Баяндамасы

Бул куралда биринчи сүйлөм ошол бойдон калып, экинчи сүйлөмдөн баштап ар бир бешинчи сөздү берилген 3 варианттан тандап алуу керек: а) туура жооп б) окшош грамматикалык функциядагы алынып ташталган сөз менен (мисалы этиш жана этиш) в) башка грамматикалык функция менен бир туура эмес жооп.

Текст боюнча бардыгы болуп жыйырмадан кем эмес бош калтыруу болушу керек. Тандап алынуучу сөздөрдүн варианттарынын жайгашуу тартиби туура жооптун ар дайым бир эле позицияда болушун четке кагат.

## Форма

**Тест «Чаташтырылган сөздөр»**

**АТЫ-ЖӨНҮ** ______________________________ **класс** ____________________

**МӨӨНӨТҮ** ____________________

**Боз чымчык кантип бак отургузду?**

Илгери-илгери кышында токойдо кызыл төш боз чымчык жашаптыр. Ал өзүнүн жумушу менен (секирип / учуп / калкып) жүрүп , курсагы ачыптыр. Боз (чымчык / куш / торгой) бийик четиндин үстүнө конуп (секирип / алып / учуп) тоңдурулган жемиштерди чокуп жей (баштады / аяктады / суктанды) .Эң сонун бышкан чоң (кычкыл / таттуу / ачуу) мөмөлөр экен. Мөмөлөрүн жеген (сайын / баарын / атайын) жегисин эле келтирет!

Боз (чымчык / кекилик / торгой) тойгончо жеп, бирок четинди (таштап / баштап / алып) учуп кеткиси келген жок, (анткени / мүмкүн / себеби) мөмөлөрү абдан сонун эле. (Бул / Ал / Алар) жок дегенде бирөөнү өзүмө (калтырып / берип / меники) коёюн деп ойлоду. Тумшугу (жана / менен / да) мөмөнү алып, учуп жөнөдү. (Алдынан / Үстүнөн / Капталынан) карчыга кушу чыга калды. (Коркуп / Үркүп / Сүйүнүп) кеткен боз чымчык башка (тарапка / шаарга / капталга) учуп, «Жардамга!» – деп кыйкырганда (оозундагы / куйругундагы / канатындагы) мөмөсүн карга түшүрүп жиберди.

(Күз / Жаз / Жай) келди. Кар эриди. Мөмөнү (лампочка / күн / жылуулук) жылытты. Адегенде анын тамырчасы (түшүп / чыгып / жулунуп) андан кийин жашыл жалбырактары (соолуй / чыга / кичирейип) баштады. Кийинчерээк жаш бак (бийиктеп / өсүп / конуп) чыкты. Бактын үстүнө боз (чымчык / куш / булбул) отуруп алып:«Эми кышында (жайлоодо / талаада / токойдо) мөмөлөр көп болот!» – деп (жанындагыны / бирөөнү / өзүн-өзү) мактап сайрап жатты .

(120 сөз, 20 сөз алынды )

### Куралды колдонууга көрсөтмөлөр

1. Ар бир окуучуга форманын көчүрмөсүн даярдоо.
2. Форманы окуучуларга таратып берүү.
3. Түшүндүрүп берүү:
   - форма эмнени билдирээрин;
   - кандай максатта колдонулаарын;
   - окуучулар аны менен эмне кылышы керектигин (өз алдынча окуп астын чийүү, тегеректөө, мааниси жакын сөздү жазуу ж.б.);
   - толтуруп чыгууга канча убакыт берилерин;
   - коюлган эрежелер менен тааныштыруу (мугалимдин командасы менен баштоо, аяктоо, өз алдынча иштөө).

Калтырылган жерлерди туура толтуруу текстти так түшүнүүдөн, окуу процессинде лексикалык материалды билүүдөн кабар бере тургандыгын эске алуу керек.

**«Чаташтырылган сөздөр» жана «Калтырылган сөздөр» тести боюнча окуп түшүнүү жана сөз байлыгынын деңгээлин кантип аныктоо керек?**

Деңгээлдер

1. Үлгүлүү деңгээл = 85% жана андан жогору.
2. Жетиштүү деңгээл =50% дан 84% чейин.
3. Жетиштүү эмес деңгээл= 50% төмөн.

Ар бир туура жоопко 1 упай берилет. Эсептөөнү төмөндөгүдөй сандар менен жүргүзүү керек:

1. Алынып салынган сөздөрдүн жалпы саны (а).
2. Ордуна коюлган сөздөрдүн жалпы саны (б).
3. Туура коюлган сөздөрдүн санын алынып салынган сөздөрдүн жалпы санына бөлүп, аны 100% га көбөйтүү керек (а : б Х 100%).

***Мисалы***

Тексттеги калтырылган же «алынып салынган» сөздөрдүн саны – 20. Окуучу 16 сөздөрдү туура таап жазган. 16 санын 24 кө бөлүп аны 100% көбөйтөбүз, алабыз 75%. Буга ылайык окуучу ишти жетиштүү деңгээлде аткарды.

**Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?**

- Окуучу менен бирге анын ишин кайрадан окуп чыгуу.
- Окуучу эмнени аткарууга жетишкендигин, кайсы сөздөр туура коюлгандыгын, кандай сөздөргө байланыштуу кыйынчылыктар келип чыккандыгын аны менен бирдикте анализдеп чыгуу.
- Дагы эмненин үстүндө иштөө керектигин талкуулоо.
- Тестти дагы бир жолу өз алдынча толтуруп чыгууга берүү (каталар менен иштөө).
- Ата-энелерге тест менен иштөө ыкмаларын көрсөтүү. Текстти түшүнө билүүдө жана кепти өз керектөөсүнө жараша колдоно алуунун өнүгүүсү үчүн мындай иштин ролун баса белгилеп кетүү.
- Баланы сабакта жеке жана топто сөздүк жана текст менен иштөөнүн башка түрлөрүнө тартуу.

# 3-бөлүм

# ТЕКСТТИ ОКУП ТҮШҮНҮҮСҮН БААЛОО

Окулуп чыккан текстти түшүнө билүү, жазуу кебин жакшы түшүнө билүү шыктуулугун айкындайт. Окурмандар окуп жаткан нерсени жакшы өздөштүрүү үчүн жигердүү аракет жасашы керек. Өз тажрыйбасы менен топтолгон тексттен жана маалымат булактарынан алынган билимдерин ар дайым интеграциялап турушу зарыл. Эгерде окуучу кээ бир сөздөрдү окуп, бирок анын маанисин түшүнө албаса анда ал окуучу окуганды билбейт деп айтсак болот. Акыркы жылдардын изилдөөсү боюнча биздин окуучулар окуганды кайра түшүнүү кыйынчылыктарына туш болуп жатышат, мына ушундан улам башталгыч класстарда окуганды түшүнө билүү маселеси эң биринчи орунга коюлуп келет.

Окуганды түшүнө билүүнүн билим берүүчүлүк максаты менен бирге окуучулар үйрөнгөн ыкманы ар түрдүү текстте колдоно билишет. Аталган ыкмалар өнүктүрүүчү максатта да колдонулат. Окуу процесси менен бирге көңүл буруусун, эске тутуусун, ойлонуусун, эмоциясын жигердештирет. Муну менен бирге окуучунун жалпы маданий калыптануу максаты да чечилет: эмоционалдык таасир этүүгө ачыктыгы, окуп жаткан нерсеге өзүнүн адеп-ахлактык позициясын көрсөтө алуусу жана аны тастыктай алуусу, ошол тилде эркин сүйлөй алуусу.

Окуу жана окуп түшүнүүнү калыптандыруучу баалоонун (формативдик) көрсөтүлгөн куралдары башталгыч мектепте окутуунун стандарты менен байланышта жана эне тил боюнча предметтин мазмуну жана күтүлүүчү жыйынтыктар менен дал келишет.

## Курал 3.1. Чыгарманын картасы

**Класстар: 1, 2, 3, 4**

**Эне тил жана окуу боюнча предметтик стандартта бекитилген окутуунун бааланууучу натыйжалары**

**Окуучу текстти түшүнгөнүн көрсөтөт, тагыраак:**

1. Окуган тексттин мазмунун өзүнүн сөзү менен кыскача кайра айтып берет.
2. Окуган тексттин мазмуну боюнча берилген суроолорго жооп берет.
3. Тексттин планын түзөт.
4. Тексттин планын оозеки айтып берүүдө пайдаланат.
5. Уккан тексттин мазмунун түшүнгөнүн сүрөттөр аркылуу (1-класс) бере алат.
6. Тексттин жанрдык өзгөчөлүгүн айырмалай алат (ыр, жомок, аңгеме).
7. Өтүлгөн жана жаңы материалды колдонуп сүйлөм, текст түзө алат.
8. Чыгарманын башкы жана экинчи катардагы каармандарын бөлүп көрсөтөт.

9. Тексттеги башкы сөздөрдү бөлүп көрсөтөт.
10. Тексттин негизги маңызын жаза алат.

**Баяндамасы**

Чыгарманын картасы – бул окуп чыкканды түшүнө билүүнү баалоо формасы. Ал окуучунун жоопторун жана чыгарма боюнча суроолор менен көңүл бура турган жерлери боюнча көрсөтмөлөр үчүн калтырылган орундар көрсөтүлгөн барак түрүндө болот. Окуучулардын жооп берүүсүнүн негизи кайра айтып берүү болот. Чыгарманын картасы – чыгарманы окуп кайра айтып берүү билимин баалоочу курал. Окуганды кайта айтып берүүдө бир нече билгичтик керек: чыгарманы угуу, анын негизги мазмунун түшүнүү, аны ырааттуу түрдө эске тутуп калуу, автордук тексттеги тексти түшүнүктүү жана байланыштуу кылып айтып берүү, тексттин идеясын формулировкалоо, чыгарманын башкы жана андан кийинки каармандарын бөлүп айтып бере алуу, чыгарма боюнча өз оюн айта билүү.

Чыгарманын картасынын жардамы менен окуучулардын чыгарманын сырткы катмарын кандай кабыл алганын текшерип билсе болот: аңгеме түрүндөгү чыгарманын тексттик композициясынын негиздерин (башында, ортосунда, аягында), чыгарманын башкы каармандарын көрсөтө алышат, окуя кайда жана качан болуп жатканын түшүнүшөт. Тексттин бул аспекти окуучулардан тексти кайрадан көз алдына келтирүүсүн талап кылат. Текстти тереңирээк кабыл алуу анын ички катмарын: конфликтин көйгөйлөрүн, каармандын жана окурмандын ички сезимин, каармандарга жана окулган текстке болгон көз карашын көрсөтүү менен билишет. Окуучулардан жалпылоо, классификациялоо, өз тажрыйбасы менен салыштыруу, өз алдынча формулировкалоо талап кылынат.

Баалоонун бул куралы (чыгарманын картасы) окуучунун текстти кабыл алуусун жөнөкөйдөн татаалга алып баруунун зарылдыгын көрсөтөт. Класстан класска жогорулаган сайын форма татаалданып, чыгарманын ички жана сырткы катмарынын түрдүү элементтерин түшүнүп баалоосу да эсепке алат.

Мына ушунтип чыгарманын картасы текстти кайра жаратуу жана анын кыскача мазмунуна багытталбастан, жалпылоо үчүн тапшырмалар, негизги маанини бөлүп көрсөтүү жана жазуу, өзүнүн пикирин билдирүүгө ж.б. да арналат. Окутуунун максатына жараша картаны толтуруунун татаалдыгы өзгөрөт.

## Көрсөтмөлөр

Окуучулар берилген куралды эркин пайдалануу үчүн бир нече сабакта даярдоо иштерин жүргүзүү керек б.а. түшүнүү боюнча сунушталган суроолорду башка ар кандай тексттер менен иштөөдө пайдалануу.

**Чыгарманын картасын колдонуунун кадамдары:**

**1-кадам.** Окуучуларды карта менен тааныштыруу. Картанын ар бир элементин түшүндүрүү. Чыгарманын башталышын, ортосун, аягын окуучулар кандай түшүнөөрүн тактоо жана чыгарманын ар бир бөлүгүн кандай аныктоо керектигин түшүндүрүү. Бул форма чыгармадагы окуялардын иреттүүлүгү менен түшүнүүсүн жакшыртууга жардам берерин айтуу керек.

**2-кадам.** Тексттердин бирөөсүн алып, бул стратегияны кандай колдонуш керектигин көрсөтөсүздөр. Интерактивдүү методдорду колдонгула: окуучулар менен аңгемени талкуулагыла. Жалпы суроолорду берүү менен чыгармадагы окуялардын ирет-түүлүгүн түшүнүү боюнча суроолорду бергиле.

Чыгарманы талкуулоо боюнча суроолорду даярдоо:

Чыгарма эмне жөнүндө? Чыгарманын каармандары кимдер? Чыгармада кандай окуялар болуп жатат?

Чыгарманын башталышында эмне болгон, айтып бергиле? Чыгарманын башталышын кандай сүрөттөр менен далилдейсиңер?

Чыгарманын ортосунда кандай окуялар болуп жатат, айтып бергиле? Чыгарманын ортосун кандай сүрөттөрдү тартуу менен далилдейсиңер?

Чыгарманын аягы эмне болуп бүттү? Чыгарманын аякталышын чагылдыруу үчүн кандай сүрөттөрдү киргизсек болот?

Бул стратегияны бир нече (2-3) сабакта пайдалансаңар болот.

Текстти окуп, чыгарманын картасын кантип толтурууну көрсөткүлө. Кандай иллюстрацияларды силер картаңарга киргизет элеңер, түшүндүрүп бергиле. Өзүңөр сүрөт тарткыла.

**3-кадам.** Окуучуларга түшүнүксүз болгон сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп коюу зарыл.

**Чыгармадагы көрүнүш –** окуя болуп жаткан жердин сүрөттөлүшү, шарты (өлкө, кичинекей шаар, эрте жаз, бөлмө, жамгыр, бактылуу үй-бүлө, татаал кырдаал ж.б.). «Кайсы жерде жана кандай шартта окуя болуп жатат?» – деген суроого жооп бериш керек.

**Көйгөй (проблема) –** бул чыгармада каралган суроо, авторду кызыктырган тема. «Авторду ойлондурган жана кызыктырган маселе» – деген суроого жооп берет.

**Конфликт –** каармандардын көз карашынын кыймыл-аракетинин келишпестиги (талаш, күрөшүү, кандайдыр бир суроолор боюнча келишпестик: жакшы-жаман, мээримдүү-каардуу, бай-кедей, түз-түз эмес, акылдуу-акылсыз). «Ким же эмне чыгармада карама-каршы турат?» – деген суроого жооп берет.

**4-кадам.** Окуучулардан кичинекей чыгарманы экиден же үчтөн бириктирип, өз ара талкуулатып жана картаны кантип толтураарын сурагыла. Картаны өз алдынча толтурганга окуучуларга мүмкүнчүлүк бергиле.

**5-кадам.** Каталардын үстүндө иштөө. Өз алдынча толтурган окуучулардын иштерин карап чыгып тактоо үчүн суроолорду берүү: Формада эмнени чагылдырдыңар? Бул чыгарманын мазмуну менен ылайык келеби? Аңгеменин башталышында, ортосунда же аягында ушундай окуялар болдубу же башкабы? Окуучулар өздөрү тарткан нерселерин оозеки айтып беришсин. Эгер балдардын жасаган иш-аракеттеринин ирееттүүлүгү бузулганын көрсөңүздөр, балдар менен чогуу жыйынтыктарын талкуулаңыз.

**6-кадам.** Окуучулар чыгарманын картасы менен иштегенди үйрөнгөндөн кийин, өз алдынча карта толтуруу боюнча ишин баштаңыз. Текстти окуучуларга окуп бериңиз. Баш-

кы суроолор боюнча талкуу жүргүзүңүз: Аңгеме кантип башталат? Аңгеменин башында эмне болот? Каармандар эмнелерди сезишет? Кандай көйгөй бар? Көйгөй деген эмне экенин түшүндүргүлө ж.б.у.с. Ортосунда эмне болот? Аңгеме кантип аяктайт?

**7-кадам.** Окуучулар картаны өз алдынча толтура алаарына ынангандан кийин, башка текстти окуп берип, чыгарманын картасын өз алдынча толтурткула. Чыгарманын картасын текшергенден кийин, жардам талап кылынган окуучуларды бөлүп коюңуз.

**8-кадам.** Бардык балдар картаны колдонууну түшүнгөнүн билгенден кийин гана текшерүү ишине өткүлө. Ал үчүн тааныш эмес текст тандап, анын мазмунун окуп түшүнүүсү боюнча иш алып барыңыз.

Биз сиздерге 1-класстан тартып текстти окуу жана окуп түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн жана ошол көндүмдөрдү баалоо үчүн чыгарманын картасын колдонууну сунуштайбыз. Балдар окуп жана жаза элек мезгилинде уккан чыгарма боюнча текстти иллюстрациялоо менен картаны толтурушат. Экинчи жарым жылдыктан баштап 1-класстын балдары иллюстрациялоо менен бирге сүрөткө сөздөрдү кошуп жаза алышат. Андан кийин берилген суроого жазуу түрүндө жооп бере алышат. Класстан-класска бул суроолор татаалдашып тексттин композициясы жана негизги каармандары, окуянын болгон мезгили жана орду боюнча суроолор гана эмес, көйгөйдү, конфликтти аныктоочу каармандын ички дүйнөсүн аныктап бере алуучу суроолор дагы болот. Бул суроолор уккан жана окуп чыккан текстти канчалык деңгээлде жаш курагы, классы боюнча баалап билүүгө жардам бере алат.

Тиркемеден сиздер ар бир класстын жарым жылдыгы үчүн берилген куралдарга көрсөтмөлөрдү, окуучулар толтура турган суроосу бар текст жана формаларды, түшүнүүнүн жетиштүү эмес деңгээлин көрсөткөн окуучулар менен иштөөнүн кийинки кадамын пландаштырууда баалоо критерийлери жана сунуштарды таба аласыздар.

## Чыгарманын картасын кандай критерийлер боюнча баалайбыз?

Биринчиден картанын бардык бөлүктөрүнүн толук толтурулушун карайбыз. Экинчи критерийде – чыгарманын мазмунуна дал келиши, башкача айтканда бала картаны канчалык так жана туура толтура алганын, ошону менен бирге окуучунун толтуруу процессинде канчалык даражада өз алдынча иштегенин карайбыз. Ошон үчүн мугалим окуучуга жардам бере турган болсо аны форманын тиешелүү графасына белгилеп кетүүсү керек.

*Таблица 6.* **Окуу жана окуп-түшүнүүнү баалоо критерийлери**

| Критерийлер | Үлгүлүү деңгээл | Жетиштүү деңгээл | Жетиштүү эмес деңгээл |
|---|---|---|---|
| **1. Чыгарманын негизги кырдаалдарын толук берүү (бөлүктөрүн)** | 1.Окуучу ӨЗ АЛДЫНЧА картанын бардык бөлүктөрүн чыгарманын негизги мазмунуна ылайык толтурат. | 1.Окуучу өз алдынча картанын бардык бөлүктөрүн чыгарманын негизги мазмунуна ылайык мугалимдин БИР АЗ ЖАРДАМЫ менен толтурат. | Окуучу МУГАЛИМДИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН БОЛСО ДА картанын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. Чыгарманын мазмунуна дал келиши** | 2. Окуучу өз алдынча:<br>1) чыгарманын негизги каармандарын атайт;<br>2) окуядагы болгон кырдаалдарды сүрөттөйт (маанилүү бөлүктөрдү, нерселерди, мезгилин ж.б.) ;<br>3) чыгармадагы негизги окуяларды атайт;<br>4) чыгармадагы болгон окуянын себептерин атайт;<br>5) окулган тексттен сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү колдонот;<br>6) чыгарманын жанрын аныктайт. | 2. Окуучу мугалимдин БИР АЗ ЖАРДАМЫ менен күтүлүүчү жыйынтыктарды үлгүлүү деңгээлде көрсөтөт.<br>(Мугалим багыттоочу суроолорду берет)<br><br>ЖЕ алты талаптын ТӨРТ талабынын жетишкендиктерин өз алдынча жана туура көрсөтө алат. | айрым бөлүктөрүн чыгарманын негизги мазмунуна ылайык толтурат. |

Мына ушинтип сиздер класс менен аткарылган картаны бааладыңыздар жана окуучуларыңыздын окуп түшүнүү деңгээлин аныктадыңыздар. Эми сиздер ушул көндүмдөрдү окуучулардын ар түрдүү топтору же жеке окуучу менен иштөөдө өз ишиңерди пландаштыра аласыздар. Албетте, сиздерден жетиштүү эмес деңгээлин жараткан балдардын тобуна өзгөчө көбүрөөк көңүл бөлүшүңүздөрдү талап кылат.

### Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?

- Окуучу менен бирдикте текстти кайрадан чогуу окуп чыгуу.
- Картадагы ар бир суроого эмне кылуу керектигин жана маанисин түшүндүрүп берүү.
- Текстти түшүнүү үчүн багытоочу суроолорду берүү.
- Окуучу эмнени аткарууга жетишкендиги жөнүндө аны менен бирге талдоо.
- Дагы эмненин үстүндө иштөө керектигин талкуулоо.
- Окуучуга чыгарманын тексттин иштеп бүтүүсүн сунуштоо.
- Окуучуга талкуулагандарды эске алуу менен чыгарманын картасын кайрадан толтуруп чыгууга мүмкүнчүлүк берүү .
- Кийинки сабактарда (окуу эле эмес) тапшырмалардын, тексттердин, окуучуга же топко берилген тапшырманы түшүнүү деңгээлине көңүл буруу, ар кандай типтеги суроолорду берүү (фактологиялык эле эмес, логикалык), жоопторун угуп жана кайтарым байланыш түзүү.
- Ата-энелерге чыгарманын картасы менен иштөө ыкмасын көрсөтүп берүү. Карта менен иштөө чыгарманы түшүнүүнү өстүрүүдөгү ролун негиздеп берүү.
- Бала менен бирге окуп түшүнүүдө негизги компоненттерге көңүл буруусун ата-энелерге сунуштоо.

## Курал 3.2. Түшүнүү картасы

**Класстар: 2, 3, 4**

**Эне тил жана окуу боюнча предметтик стандартта бекитилген окутуунун бааланууучу натыйжалары**

**Окуучу:**

1. Каармандардын эмоционалдык абалын, темасын жана негизги мазмунун аныктайт.
2. Тексттен маанилүү маалыматты бөлүп көрсөтөт.
3. Сүрөттөлгөн предметтин, обьект, кубулуштун белгилерин бөлүп көрсөтөт.
4. Тексттеги сөз жана терминдери туура колдонот.

### Баяндамасы

Сиздерге 2-класстан баштап иштеле турган *сүрөттөө* тексти менен иштөөнүн дагы бир куралы – түшүнүү картасын сунуштайбыз.

Сүрөттөө деген эмне? Сүрөттөө – бир нерсенин (заттын), же кубулуштун келбети жана анын сапаттары. Сапаттары: көлөмү, өлчөмү, формасы, өңү, даамы, жыты, жаш курагы, сырткы келбети, мүнөзү, кургак/ нымдуулугу, катуулугу, бекемдиги, тегиздиги/ кеңдиги ж.б. сүрөттөө тексттинде заттын (жандуу жана жансыз) жана кубулуштун бир эле мезгилде көрө ала турган сапаттары жөнүндө айтылат.

**Түшүнүү картасы – бул схема**. Негизги сүрөттөлгөн түшүнүктөрдүн ортосундагы байланышты көрсөтөт.

Түшүнүү картасын эмнеге окшоштурса болот? Анын борборунда теманы чагылдырып туруучу негизги объект, предмет болуш керек. Тегерегинде үчтөн жогору болгон негизги объектке мааниси боюнча дал келген майда объекттер болушу мүмкүн. Ар бири өз учурунда үчтөн жогору болгон өздөрүнүн объектилери менен курчалат. Ошол эле принцип менен жыйынтыгында тема боюнча бардык байланыштарды эске алуу менен түзүлгөн толук көз караштуу берүүчү сүрөттөмө схемасы пайда болот.

### Форма

**Түшүнүү картасы**

**Окуучунун аты-жөнү** ________________________________ **Классы** ____________


**Убактысы** ____________ **Мугалимдин жардамы (эгер болсо)** ______________________

**Тапшырма:** *Текстти окуп чыккыла. Схеманы толтургула*

**Текст**

________________________________________________________________

________________________________________________________________




### Түшүнүү картасына көрсөтмө

1. Окуучуларды түшүнүү картасы менен тааныштыргыла. Анын өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле: бул схема.
2. Ортосундагы тегерекке сүрөттөлүп жаткан предметтин (кубулуштун, жердин, жаныбардын ж.б) аты жазылат.
3. Тегеректин айланасында суроо жазылган башка тегерекчелер орун алган. Тегерекчелердин ичине аны сүрөттөөчү түшүнүктөр жазылат.
4. Чоңураак тегерекченин ичине тексттеги негизги ой жазылат б.а. окуучунун түшүнгөнүнө жараша.
5. Окуучуларга өз алдынча окуп чыгууга бергиле.
6. Текстти окуп чыккандан кийин окуучулар картаны толтурушат.
7. Баалоо.
   - Өз алдынча аткарылган ар бир элемент үчүн 1 упай бергиле.
   - Мугалимдин жардамы менен аткарылган элемент үчүн ½ упай.

### Сүрөттөө тексттин окуу жана түшүнүүнү баалоо критерийлери

Текстти окуу жана окуп түшүнүүнү баалоонун критерийлерин төмөндөгү таблицадан көрө аласыздар. Негизги критерийлер – аңгеменин негизги элементтерин толугу менен түшүнүү жана мазмундун дал келиши. Мында окуучунун өз алдынча иштей алуу деңгээли каралат: өз алдынча аткарылган ар бир элемент үчүн 1 упай, мугалимдин жардамы менен аткарылган ар бир элемент үчүн (жарым) ½ упай берилет .

*Таблица 7.* **Баяндоо түрүндөгү (сүрөттөө) текстти окуу жана окуп түшүнүүнү баалоонун критерийлери**

| Критерийлер | Үлгүлүү деңгээл | Жетиштүү деңгээл | Жетиштүү эмес деңгээл |
|---|---|---|---|
| **1. Чыгарманын (бөлүктөрүн) негизги кырдаалын толугу менен көрсөтүү** | 1. Окуучу *өз алдынча* схеманын бардык бөлүктөрүн негизги мазмунуна дал келтирип толтура алат. | 1. Окуучу мугалимдин *бир аз жардамы* менен сүрөттөөнүн негизги мазмунуна ылайык картанын бардык бөлүктөрүн толтура алат. | 1. Мугалим жардам бергенине карабастан окуучу чыгарманын негизги мазмунуна ылайык картанын айрым гана бөлүктөрүн толтурат. |
| **2. Тексттин мазмунуна дал келиши** | 2. Окуучу *өз алдынча*<br>1) сүрөттөлүүчү объекти атай алат;<br>2) сүрөттөлүүчү объекттин бардык белгилерин атап бере алат;<br>3) Тексттеги сүрөттөөнүн негизги оюн таап айтып бере алат. | 2. Окуучу үлгүлүү деңгээлдин бардык күтүлүүчү жыйынтыктарын мугалимдин *бир аз жардамы* менен көрсөтүп бере алат (мугалим багыттоочу суроолорду берет).<br><br>ЖЕ БОЛБОСО биринчи, үчүнчү талаптарды жана экинчинин айрым бөлүктөрүнүн жетишкендиктерин ӨЗ АЛДЫНЧА көрсөтүп бере алат. | |

**Эскертүү:** *окуганын түшүнүү көндүмүн жакшыртуу үчүн окуучуларга сапаттуу, кенен, критерийлер боюнча, ага эмнени аткара албай калгандыгын жана эмнени жеткире иштөө керектигин түшүндүрүп кайтарым байланыш берүү зарыл (жазуу же оозеки).*

**Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?**

- Текстти окуучу менен бирдикте кайрадан окуп чыгуу.
- Текстти түшүнүү үчүн багыттоочу суроолорду берүү.
- Окуучу эмнени аткарганга жетишкендигин, эмнеден кыйналгандыгын окуучу менен бирдикте талдоо.
- Дагы эмненин үстүндө иштөө керектигин талкуулоо керек.
- Чыгарманын картасын дагы бир жолу толтуруу.
- Түшүнүү картасын дагы бир ирет толтуруу.

- Чыгарманын картасын өз алдынча толтуруу үчүн башка текст берүү.
- Чыгарманын картасын кандай аткаруу керектигин ата-энелерге көрсөтүп берүү. Сүрөттөлгөн предметтердин жана кубулуштардын белгилерин, сапаттарын аныктоо боюнча текст менен иштөөнүн баланын сүйлөө кебин өстүрүүдөгү ролун негиздегиле.
- Ата-энелерге үйдөн бала менен бирге текстти окуп жана талкуулоо керектигине өзгөчө көңүл буруулары зарыл экендигин сунуштоо.

# 4-бөлүм

# ЖАЗУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО

Башталгыч класстарда сөз байлыгын өстүрүү жөнөкөй суроолорго жооп берүү менен гана чектелбейт, ал окуучулардын алдына коюлган текст үстүндө жигердүү, чыгармачыл иш, татаал тил көндүмдөрүнүн түптөлүшү менен байланышкан маселелерди коюуну талап кылат. Сөз байлыгын өрчүтүүдө өзүн тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен жазылган дил баян жазууга эч нерсе тең келбейт, анткени ал окутуу жана тарбиялоо процесстерин камтыйт. Балдар өз сезимдерин, кабыл алуусун аңдай билишет да, ырааттуу ойлонууну үйрөнүп, адабий чыгармачылыкка кызыгуулары артат. Дил баян жазууда балдар изилденүүчү объектти салыштырышат, байкалуучу обьектти карама-каршы коюшат, кубулуштардын себептерин түшүндүрүшөт, өзүнүн пикирин билдиришет.

Жаш өспүрүмдөрдү теманы толук ачып, негизги ойду көрсөтүп жазууга үйрөтүү абдан татаал жана жөнөкөй жумуш эмес. Бул нерселерге сиз ырааттулук менен башталгыч класстардын бардыгында өстүрүп отурасыз. Дил баян жазуу көндүмүн баалоо үчүн биз сизге “Дил баян картасы” куралын 4-класста колдонууну сунуштайбыз.



## Курал 4.1. Дил баян картасы

**Класс: 4**

**4-класстагы эне тил боюнча предметтик стандартта бекитилген окуучуларды окутуудагы күтүлүүчү жыйынтыктар:**

**Окуучулар:**

1. Өз оюн тексттин негизине салыштырып айтып берет.
2. Тексттин негизги оюн жана темасын аныктайт.
3. Каармандардын эмоционалдык абалын аныктайт жана атайт.
4. Тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрүн айырмалай алат (ыр, жомок, аңгеме, тамсил).
5. Окуган чыгармага өз мамилесин көрсөтөт жана далилдейт.
5. Каармандардын жасаган иш-аракеттерин анализдейт жана баалайт.
6. Өтүлгөн материалдардагы жаңы сөздөрдү кебинде туура колдонот.
7. Өтүлгөн жана жаңы материалдардан үйрөнгөн сөздөрүн колдонуп, сүйлөм жана текст түзө алат.

### Көрсөтмө

1. Балдарга өз чыгармаларын (дил баян) жазуу керек экенин түшүндүргүлө.
2. Окуучуларды дилбаяндын картасы менен тааныштыргыла. Өзгөчөлүктөрүн айткыла: эмнеден турат, эмнени толтуруш керек (аңгеменин же жомоктун аты, картада белгиленген

учурлар-суроолор, өзгөчөлөнгөн план – бул суроолор, баяндоону ачып берүү үчүн өзгөчө план).

3. Дил баянда көрсөтүп кете турган учурлардын үстүндө ойлонуусун айтуу. Алардан үн чыгарып окуусун талап кылып, түшүнбөгөн жерлерин түшүндүрүү.
4. Жардамчы элементтерге көңүл бургула: темага дал келүүчү форманын айланасындагы сөздөр. Аларды окуп чыгып, окуучулар менен талдагыла.
5. Элементтердин тема жана жанр менен байланышта болушун баса белгилеп кетиш керек (жомокпу же аңгемеби?).
6. Дил баянга берилген убакытты белгилей кеткиле жана ага коюлган талаптарды да эскертүү зарыл, анткени окуучулар иш баалана турган критерийлерди түшүнүшү керек.

## Форма

*(эскертүү: форма эки бөлүктөн турат, жакшысы форманын экөө тең окуучунун астында эки баракта же барактын артында болушу керек).*

**Дил баян жазуунун картасы**

Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________ Класс ____________

Убактысы____________________ Мугалимдин жардамы ________________________________

*Бул план сага дил баян жазууга жардам берет. Бош орундуктарга таяныч сөздөрдү колдонуп толтур. Берилген таяныч тизмеден окуя болгон жерди, каармандарды бош орундуктарга толтургун же өзүң ойлонуп тапсаң болот.*

Чыгарманын аталышын өзүң ойлоп тапкын ____________________________________________

| | |
|---|---|
| **Чыгармадагы каармандар кимиси болушу мүмкүн:**<br>▪ Маскарапоз<br>▪ Космонавт<br>▪ Окуучу<br>▪ Сыйкырчы<br>▪ Актан, Акылай<br>▪ Тентек эгиздер<br>▪ Алп кара куш<br>▪ Мастан кемпир<br>▪ Пилдин баласы<br>▪ Саякатчы<br>▪ Эр жүрөк баатыр<br>▪ Сүйлөгөн мышык<br>▪ Детектив<br>▪ Каардуу дөө<br>▪ Томолой жетим<br>▪ Бийчи<br>▪ Атактуу спортсмен<br>▪ Достукту сүйгөн динозавр<br>▪ Амалкөй изилдөөчү<br>▪ Жөө күлүк<br>▪ Куурчак чебери | (Окуя кайда болгонун сүрөттө)____________________<br>________________________________<br>________________________________<br>________________________________<br><br>***Илгери-илгери***<br>(Башкы каармандарды сүрөттөп жаз)______________<br>________________________________<br>________________________________<br>________________________________<br><br>***Бир күнү***<br>(Бир нерсе болуп жана окуя башталат)____________<br>________________________________<br>________________________________<br>________________________________<br><br>***Ошентип***<br>(Окуядагы каарман андан кийин эмне кылат жана эмнеге жетүүнү каалайт?) ____________________<br>________________________________<br>________________________________<br>________________________________ |

| | |
|---|---|
| ***Бирок...***<br>(Кандайдыр бир тоскоолдуктар болот) ____<br><br>***Анда...***<br>*(Каарман көйгөйдү кантип чечүүгө аракеттенет?)* ____<br><br>***Андан кийин***<br>(Жасаган иш-аракети ишке аштыбы же жокпу?) ____<br><br>***Акырында***<br>(Чыгарманы аягына чыгар) ____ | **Окуя кайда болушу мүмкүн:**<br>▪ Падышанын ак сарайы<br>▪ Караңгы түнт токой<br>▪ Бут баспаган арал<br>▪ Стадион<br>▪ Келечектеги шаар<br>▪ Кичинекей үй<br>▪ Жайлоодо<br>▪ Мектепте<br>▪ Суудагы курорт<br>▪ Байыркы урандылар<br>▪ Жер алдындагы лабиринт<br>▪ Токоч чыккан шаарча<br>▪ Каракчынын кемеси<br>▪ Музей<br><br>**Каарман эмне кылуудан баш-тайт?**<br>▪ Саякатка чыгат<br>▪ Сыйкырдуу сандыкча таап алат<br>▪ Учаарын билет<br>▪ Аземдүү майрам өткөрөт<br>▪ Сатып алууга жөнөйт<br>▪ Табышмактуу жерге туш болот<br>▪ Чакыруу жолдомосун алат<br>▪ Көчүп кетет<br>▪ Табышмактуу эшикти таап алат<br>▪ Үйдөн качып кетет<br>▪ Көрүнбөгөн адам болот<br>▪ Жаны досторду таап алат<br>▪ Сыйкырдуу карандаш таап алат<br>▪ Байлык жашырылган картанын чиймесин таап алат |

Мугалимдин кайтарым байланышы ____

*Таблица 8.* **Жазылган чыгарманы баалоо критерийлери**

| Критерийле-ри | Үлгүлүү деңгээл | Жетиштүү деңгээл | Жетиштүү эмес деңгээл |
|---|---|---|---|
| **1. Чыгарманын композициясы** | 1. Окуучу ӨЗ АЛДЫНЧА:<br>1) жанрга ылайык сюжетин тандайт жана ал боюнча баяндап бере алат (башы, ортосу, аягы);<br>2) тандап алган чыгармадан, аңгемеден, жомоктон негизги окуяны бөлүп көрсөтөт жана алардын ортосундагы байланышты түшүндүрө алат. | 1. Окуучу мугалимдин *бир аз жардамы* менен бардык күтүлүүчү жыйынтыктарды үлгүлүү деңгээлде көрсөтөт. (Мугалим багыттоочу суроолорду берет)<br>ЖЕ<br>төрт талаптын аткарылышын *өз алдынча* көрсөтө алат. | 1. Окуучу чыгарманын негизги мазмунуна ылайык картанын айрым гана бөлүктөрүн толтурат.<br>ЖЕ БОЛБОСО<br>окуучу мугалимдин бир нече жолку жардамы менен үлгүлүү деңгээлдин күтүлүүчү жыйынтыктарынын айрым гана бөлүктөрүн көрсөтөт. |
| **2. Чыгарманын мазмуну** | Окуучу ӨЗ АЛДЫНЧА:<br>1) жанрга ылайык баяндоодо каармандардын өзгөчөлүгүн аныктап айтып бере алат (жомок, аңгеме);<br>2) жанрга ылайык окуядагы болгон кырдаалдарды баяндап берет (маанилүү деталдарды, нерсени, убакытты ж.б.). | | |
| **3. Көркөм сүйлөө** | 1) жанрга ылайык көркөм ыкмаларды жана лексиканы колдонот (эпитет, салыштыруу, фольклордук көркөм каражаттар ж.б.);<br>2) эмоционалдык баалоо лексикасын колдонот (жанрга ылайык каарманга болгон мамилесин көрсөтөт). | | |

**Эскертүү:** *окуганын түшүнүү көндүмүн жакшыртуу үчүн окуучуларга сапаттуу, кенен, критерийлер боюнча, эмнени аткара албай калгандыгын жана эмнени жеткире иштөө керектигин түшүндүрүп кайтарым байланыш берүү зарыл (жазуу же оозеки).*

### Эгер окуучу жетиштүү эмес деңгээлге кабылса, эмне кылуу керек?

- Окуучу менен бирдикте текстти кайрадан чогуу окуп чыгуу.
- Текстти түзүүнү түшүнүү үчүн багытоочу суроолорду берүү.
- Окуучу эмнени аткарганга жетишкендиги жөнүндө аны менен бирге талдоо.
- Дагы эмненин үстүндө иштөө керектигин талкуулоо.
- Окуучуга талкуудан кийин чыгарманын тексттин иштеп бүтүрүүсүн сунуштоо.
- Окуучу өзү иш-аракет кылып түзгөн текстти ата-энелерге көрсөтүү. Окуучунун өзүнүн чыгармасын жаратуунун, анын элестетүү, сөз байлыгы жана адабий тилинин өнүгүшүндөгү ролун негиздөө.
- Ата-энелерге сунуш: бала менен бирге окуяларды жаратууга өзгөчө көңүл буруусу зарыл экендигин түшүндүрүү.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Государственный образовательный стандарт среднего общего образования Кыргызской Республики – утвержден постановлением Правительства Кыргызской Республики от 21 июля 2014 года № 403 (http://edu.gov.kg/ru/high-education/gosudarstvennyj-obrazovatelnyj-standart/)
2. Оценивание в начальной школе. Приложение к обучающему модулю./С.А.Хамзина, А. Буркитова, М. Мыкиева – Б.: KIRLand, 2014. -152 с.
3. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство/Сост. Р. Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012. – 80 с.
4. Улучшение навыков чтения учащихся начальных классов. Тренинговые материалы для учителей начальных классов по проекту USAID «Читаем вместе»: Бишкек, 2014. – 235 с.
5. Формативное оценивание в начальной школе. Практическое пособие для учителя / Сост. О.И. Дудкина, А.А. Буркитова, Р.Х. Шакиров. – Б.: «Билим», 2012. – 89 с.
6. Формирующее оценивание: оценивание в классе. Учеб.пособие / М.А. Пинская. – М.: Логос, 2010. – 264 с.


**Кошумча адабияттар**


1. Александрова Г. П. Использование клоуз-тестов для контроля обученности различным видам речевой деятельности. Доступно: http://festival.1september.ru/articles/501914/
2. Гаврилова Т. А., Лещева И. А., Страхович Э. В. Об использовании визуальных концептуальных моделей в преподавании //Вестник С.-Петерб. ун-та. Сер. Менеджмент. – Вып. 4. – 2011.
3. Ефросинина Л. Оцениваем умение читать: Литературное чтение 1-4 классы// Доступно: http://nsc.1september.ru/article.php?id=200800203
4. Ковалева Г.С., Красновский, Э.А. Новый взгляд на грамотность. По результатам международного исследования PISA 2000. – М.: Логос, 2004. // Доступно:http://rus.1september.ru/article.php?ID=200501401
5. Клоуз-тесты как контроль обучения разным видам речевой деятельности// URL: http://paidagogos.com/?p=5796#hcq=z3OgoPp
6. Колесникова М. В. Анализ художественного произведения в начальных классах//Доступно: http://festival.1september.ru/articles/585495/
7. Меньшенина Л.А. Формирование универсальных действий через стратегии обучения чтению в начальной школе// Доступно: http://www.uchportal.ru/publ/24-1-0-2470 Осинцева Т. В. Приём клоуз-тест как эффективное средство формирования техники понимания текста// Доступно: http://oknakrizis.ru/dlya-studenta/1-kurs/priem-klouz-test-kak-effektivnoe-sredstvo-formirovaniia-tekhniki-ponimaniia-teksta/
8. Advanced Story Map Instruction// URL: http://mysite.cherokee.k12.ga.us/personal/bonny_keheley/sstage/Interventions/1/Reading/Reading%20Comp%20-%20Advanced%20Story%20Map.pdf
9. Advanced Story Map Sheet//URL: http://www.interventioncentral.org/htmdocs/interventions/rdngcompr/sto...

# ТИРКЕМЕЛЕР

***Тиркеме 1***

*Форма 1.* **Окуу техникасын баалоо (I жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ф | ж | П | Х | ч |
| ң | с | В | Н | е |
| Б | У | О | Р | Ү |
| ө | Д | И | Э | ц |

*Форма 2.* **Окуу техникасын баалоо (I жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Бе | им | Зу | се | ЖО |
| Ар | Ил | аң | Ач | Чу |
| Шы | ТЕ | Жө | Фе | Вү |
| ЛӨ | Фа | Тр | Ок | Це |

*Форма 3.* **Окуу техникасын баалоо (II жарым жылдык)**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Дун | Сла | Чуз | Лөч | Шкон |
| Чүп | Юсы | чевс | себ | зэл |
| феб | Түң | аду | Пүй | Жпи |
| кры | Феб | бри | бша | руп |
| нре | мын | нап | Тоб | эрс |

**Окуу техникасын текшерүү ведомосту ____класс __________ № мектеп**

**20___-20___ окуу жылдары**

**Мугалими: ____________________________________**

| № п/п | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жөндөмү | | | | | Туура окуусу | | | | | | Көркөм окуусу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | Кетирилген каталар | | | | | | | | | | | |
| | | Тамгалап окуйт | Муундап окуйт | Муундап жай окуйт | Муундап созуп окуйт | Сөздөр жана сөздөрдүн тобу менен окуйт | Алмаштырып окуйт (сөз, муун, тамга) | Калтырып окуйт(сөз, муун, тамга) | Орун алмаштырып окуйт (сөз, муун, тамга) | Бурмалап окуйт | Кайталап окуйт | Туура окуйт | Басымды туура коюп окуйт | Логикалык тыныгууларды сактоо | Интонация менен окуйт | Окуунун темпи жана ыргагы | Мүнөтүнө окуу ылдамдыгы | Эскертүүлөр |
| 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**«Калтырылган сөздөрдү табуу» тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ ______________________________ класс __________**

**УБАКТЫСЫ ________________**

**Боз чымчык кантип бак отургузду?**

Илгери-илгери кышында токойдо кызыл төш боз чымчык жашаптыр. Ал өзүнүн жумушу менен ____________ жүрүп , курсагы ачыптыр. Боз ____________ бийик четиндин үстүнө конуп ______________ тоңдурулган жемиштерди чокуп жей________________ .Эң сонун бышкан чоң ________________ мөмөлөр экен. Мөмөлөрүн жеген________________ жегисин эле келтирет!

Боз __________ тойгончо жеп, бирок четинди ____________ учуп кеткиси келген жок, _______________ мөмөлөрү абдан сонун эле. _______________жок дегенде бирөөнү өзүмө____________коё-юн деп ойлоду. Тумшугу ________________ мөмөнү алып , учуп жөнөдү. __________________ карчыга кушу чыга калды. ______________ кеткен боз чымчык башка ________________ учуп , «Жардамга!» – деп кыйкырганда ______________ мөмөсүн карга түшүрүп жиберди.

_____________ келди. Кар эриди. Мөмөнү _________________ жылытты. Адегенде анын тамырчасы _________________ андан кийин жашыл жалбырактары _______________ баштады. Кийинчерээк жаш бак __________________ чыкты. Бактын үстүнө боз ______________ отуруп алып:«Эми кышында ____________ мөмөлөр көп болот!» – деп, өзүн мактап сайрап жатты.

(120 сөз, 19 сөз алынды)

**«Калтырылган сөздөрдү табуу» тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ ____________________________________________ класс ______________**

**УБАКТЫСЫ ________________________**

## Гүлбү же карышкырдын азуусубу?

Мектептен эки бала келе жатышты — Сергейка жана Миколка. Сергейдин маанайы ачык. Бүгүн _________________ мугалим үч жолу сурады. ______________ беш алды. Ал эми Миколканын _______________ суз. Доскага ____________ эки жолу чакырышты. Миколка ________________________жооп берди, мугалим ага ________________________ эки койду жана анын окуусунун начардыгы тууралуу __________________________ айтмай болду.

____________________ жылуу жазгы күн болчу. ___________________ жаркырап турду. Көк асманда __________________ булут калкып жүрөт. Сергей __________________________ карап, минтип айтты: — Карачы, Микола, кооз булуттар _______________________. Ал ак розалар _____________ окшош. Карачы, назик, үлбүрөгөн ________________________ ачылып калыптыр. Шамалдан улам тимеле ____________________. Микола булут _______________ карап, желекчени _______________ гүлдү да көргөн жок. Булут ага ______________________ карышкырга окшоп ________________________ азуусун ачып, каардуу, кимдир бирөөнү ________________________ даярдай. Балдар көпкө чейин булутту _________________________ жана ар бири өзүнүкүн гана _____________________

*(В. Сухомлинскийдики боюнча)*

(120 сөз, 22 сөз калтырылды)

**«Калтырылган сөздөрдү табуу» тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ ________________________________________ класс ____________**

**УБАКТЫСЫ _____________________**

## Сүрөттөр да сайрайт

Коля жайлоодон дагы көп досторду тапты. Өзгөчө алар шаардан келген ______________ досунун сүрөттөрү тартканына кызыгып, ______________ кимиси жалгыздан болуп, же _________________, тоолорду аралатып келет, алысыраактагы _________________, аскалуу чокулар жакка барышат.

_______________ деген бала менен өзгөчө ______________ болду. Азимдин атасы куштарды ______________, куш таптайт. Азим экөө __________________ карап турат, карап эле _________________ экөөлөшүп алардын сүрөттөрүн тартат. _________________сүрөттөрү куду өзүндөй тартылат. _______________жана тоодо эркин учуп ______________ куштардын ичинен алар: кара _____________, ала чыйырчык, чил, бөдөнө, ____________, жору, чакчыгай, сагызган, кыргый, __________________, таранчы, сыяктуулардын сүрөттөрүн тартты.

____________күнү жайлоодогу балдарды, ата-энелерди ________________ алып, Коля сүрөттөрдү көрсөтүп ____________. Азим болсо кайсыл куш ______________ сайрай турганын туурап берип _____________. Отургандардан бир кемпир: — Оо ____________, сүрөттөр да сайрайт экен ___________, — деп жакасын кармаганда мунун ______________ Азим менен Колянын өнөрү ____________көрүп тургандар каткырып күлүп ________________.

Абдыкерим Муратов

(132 сөз, 25 сөз алынды)

**Чаташтыруу тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ** ________________________________________ **класс** ____________

**УБАКТЫСЫ** ______________________

**Боз чымчык кантип бак отургузду?**

Илгери-илгери кышында токойдо кызыл төш боз чымчык жашаптыр. Ал өзүнүн жумушу менен (секирип / учуп / калкып) жүрүп, курсагы ачыптыр. Боз (чымчык / куш / торгой) бийик четиндин үстүнө конуп (секирип / алып / учуп) тоңдурулган жемиштерди чокуп жей (баштады / аяктады / суктанды). Эң сонун бышкан чоң (кычкыл / таттуу / ачуу) мөмөлөр экен. Мөмөлөрүн жеген (сайын / баарын / атайын) жегисин эле келтирет!

Боз (чымчык / кекилик / торгой) тойгончо жеп, бирок четинди (таштап / баштап / алып) учуп кеткиси келген жок, (анткени / мүмкүн / себеби) мөмөлөрү абдан сонун эле. (Бул / Ал / Алар) жок дегенде бирөөнү өзүмө (калтырып / берип / меники) коёюн деп ойлоду. Тумшугу (жана / менен / да) мөмөнү алып, учуп жөнөдү. (Алдынан / Үстүнөн / Капталынан) карчыга кушу чыга калды. (Коркуп / Үркүп / Сүйүнүп) кеткен боз чымчык башка (тарапка / шаарга / капталга) учуп, «Жардамга!» — деп кыйкырганда (оозундагы / куйругундагы / канатындагы) мөмөсүн карга түшүрүп жиберди.

(Күз / Жаз / Жай) келди. Кар эриди. Мөмөнү (лампочка / күн / жылуулук) жылытты. Адегенде анын тамырчасы (түшүп / чыгып / жулунуп) андан кийин жашыл жалбырактары (соолуй / чыга / кичирейип) баштады. Кийинчерээк жаш бак (бийиктеп / өсүп / конуп) чыкты. Бактын үстүнө боз (чымчык / куш / булбул) отуруп алып: «Эми кышында (жайлоодо / талаада / токойдо) мөмөлөр көп болот!» — деп (жанындагыны / бирөөнү / өзүн-өзү) мактап сайрап жатты.

(120 сөз, 20 сөз алынды)

**Чаташтыруу тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ** ________________________________________ **класс** ____________

**УБАКТЫСЫ** ______________________

## Гүлбү же карышкырдын азуусубу?

Мектептен эки бала келе жатышты – Сергейка жана Миколка. Сергейдин маанайы ачык. Бүгүн (аны / мени / бизди) мугалим үч жолу сурады. (Ал / бала / кыз) беш алды. Ал эми Миколканын (чуркады / жүзү / маанайы) суз. Доскага (аларды / аны / тез) эки жолу чакырышты. Миколка (начар / жакшы / кечээ) жооп берди, мугалим ага (чоң / альбомго / күндөлүккө) эки койду жана анын окуусунун начардыгы тууралуу (досуна / апасына / сөзсүз) айтмай болду.

(Болду / Өтүп кетти / Бир жолу) жылуу жазгы күн болчу. (Дарыя / Ачык / Күн) жаркырап турду. Көк асманда (кара / ак / кайык) булут калкып жүрөт. Сергей (асманды / булутту / айлананы) карап, минтип айтты: — Карачы, Микола, кооз булуттар (кандай / кимдин / сүзүп жүрөт). Ал ак розалар (астында / –га / чымчык) окшош. Карачы, назик, үлбүрөгөн (желекчелер / тамырлар / ачык) ачылып калыптыр. Шамалдан улам тимеле (калдырайт / дирилдейт / сонун). Микола булут (үчүн / үстүнө / –ка) карап, желекчени (эмес / да / тиги жакта) гүлдү да көргөн жок. Булут ага карышкырга окшоп (тартылган / көрүнду / үлпүлдөп). (Жырткыч / Коён / Капыстан) азуусун ачып, каардуу, кимдир бирөөнү (жеп жиберүүгө / секирип / тез) даяр. Балдар көпкө чейин булутту (карашты / талашты / жеңил) жана ар бири өзүнүкүн гана (айтты / көрдү / келечекти).

(*В. Сухомлинскийдики боюнча*)

(120 сөз, 22 сөз калтырылды)

**Чаташтыруу тести**

**АТЫ-ЖӨНҮ ________________________________________ класс ____________**

**УБАКТЫСЫ ______________________**

**Сүрөттөр да сайрайт**

Коля жайлоодон дагы көп досторду тапты. Өзгөчө алар шаардан келген (орус / кыргыз / ал) досунун сүрөттөрү тартканына кызыгып, (башка / бирөө / ар) кимиси жалгыздан болуп, же (томолонушуп / топтошуп / бирдей), тоолорду аралатып келет, алысыраактагы (дайрага / суугa / катуу), аскалуу чокулар жакка барышат. (Асхат / Экөө / Азим) деген бала менен өзгөчө (жакшы / ынак / менен) болду. Азимдин атасы куштарды (суу / топтойт / кармайт), куш таптайт. Азим экөө (капканды / аларды / апасын) карап турат, карап эле (турбай / жатпай / адашпай) экөөлөшүп алардын сүрөттөрүн тартат. (Колянын / Алмаздын / кыздын) сүрөттөрү куду өзүндөй тартылат. (Ачык / Чакадагы / Капастагы) жана тоодо эркин учуп (күндүз / отурган / жүргөн) куштардын ичинен алар: кара (бүркүт / ителги / асман), ала чыйырчык, чил, бөдөнө, (шумкар / үкү / чоң) жору, чакчыгай, сагызган, кыргый, (коен / жарганат / аны), таранчы, сыяктуулардын сүрөттөрүн тартты.

(Бир / Экинчи / Куш) күнү жайлоодогу балдарды, ата-энелерди (уялып / жыйнап / барды) алып, Коля сүрөттөрдү көрсөтүп (калды / турду / окшош). Азим болсо кайсыл куш (кандай / ошондой / дос) сайрай турганын туурап берип (айтты / ошондой / жатты). Отургандардан бир кемпир: — Оо (Кудай / адам / алма), сүрөттөр да сайрайт экен (ооба / ээ / топ), – деп жакасын карманганда мунун (алар / баары / балдар) Азим менен Колянын өнөрү (экенин / турганын / кызыктуу) көрүп тургандар каткырып күлүп (торгой / каткырышты / калышты).

*Абдыкерим Муратов*

(132 сөз, 25 сөз алынды)

## Иллюстрациялары менен чыгарманын картасы. 1-класс.

### Текст

**Күчүк**

Кичинекей Гүлмира ыйлап жатты. Анткени анын Кумайык деген күчүгү жоголуп кеткен. Күчүгүнүн өңү агыш болчу. Кулактары гана кара эле. Гүлмира аны сүт менен тамактандырчу. Кыздын апасы бир күндөн кийин эшиктин алдындагы аянтчадан күчүктү таап алды. Гүлмира аябай сүйүндү.

7 сүйлөм , 29 сөз.

**Чыгарманын картасы 1-класс, 1-жарым жылдык**

Окуучунун аты-жөнү (мугалим толтурат)________________________________________________

Чыгарманын аталышы (мугалим толтурат) ____________________________________________

Окуу (мугалим толтурат) Үн чыгарып окуу ________ Купуя окуу _______ Мугалим______

Мугалимдин жардамы менен (мугалим толтурат) Ооба _______ Жок ________

| Окуянын башталышы | Окуянын ортосу | Окуянын аягы |
| --- | --- | --- |
| | | |

**Чыгарманын картасы**

**1-класс 2-жарым жылдык**

**Текст**

**Кол саат**

Саадат мектепке келе жатты. Ал жолдон кол саат таап алды. Саадат жолдон келе жатып классташы Айдайга жолукту. Саатты Айдайга көрсөттү. Айдай кооз саатка аябай кызыгып, эч кимге көрсөтпөй эле коёлу деди.Саадат ага макул болгон жок. Саадат менен Айдай саатты алып мектепке келишти. Алар саатты мугалим эжейине беришти. Мугалим эжейи сааттын ээсин табуу керектигин айтты. Сааттын ээси дене тарбия мугалими Таалай агай болуп чыкты.Таалай агай жана мугалим эжейи Саадат менен Айдайга чынчылдыгы үчүн ыракматын айтышты.

(75 сөз, 11 сүйлөм)

**Чыгарманын картасы (1-класс, 2-жарым жылдык)**

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)_______________________________________________

Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат) _______________________________________________

Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат)_______________________________________________

Окуу (окуучу толтурат)     Үн чыгарып ________     Купуя______     Окуучуларга ________

**Каармандар**

**Шарт-жагдай**

**Окуянын башы**

**Окуянын ортосу**

**Окуянын аягы**

**Чыгарманын картасы. 2- класс (1-жарым жылдык)**

**Текст**

## Кумурска жана көгүчкөн

Кумурска булакка түштү: суусунун кандыргысы келди. Толкун аны шилеп, чөктүрүп жибере жаздады. Көгүчкөн бутакчаны алып баратып, кумурсканы көрүп калат – кумурска чөгүп баратат, ал бутакчаны кумурскага ыргытты. Кумурска бутакчага отуруп, аман калды. Андан соӊ мергенчи көгүчкөнгө тор коюп, аны кармап алгысы келди. Кумурска мергенчиге жөрмөлөп келип, бутун тиштеп алды; мергенчи ойбойлоп, торду түшүрүп жиберди. Көгүчкөн бырп этип учуп кетти.

(Л. Толстой)

57 сөз, 7 сүйлөм

**Бул (керектүүсүн белгиле)**

1. Аӊгеме

2. Ыр

3. Жомок

4. Тамсил

**Чыгарманын картасы (2-класс, 1-жарым жылдык)**

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)________________________________________

Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат) ________________________________________

Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат)________________________________________

Окуу (окуучу толтурат) Үн чыгарып _________ Купуя_______ Окуучуларга ________

**Ким?** ________________________________

________________________________

**Кайда?** ________________________________

________________________________

**Качан?** ________________________________

________________________________

**Эмне болду?** ________________________________

________________________________

**Түшүнүү картасы (2-класс, 2-жарым жылдык)**


## БАЯНДОО ТЕКСТТИН ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

**Аты-жөнү** ________________________________ **класс**__________

**Убактысы**__________________ **Мугалимдин жардамы (эгер болсо)** ______________

**Тапшырма:** Т*екстти окугула. Тексттин схемасын толтургула.*

Суунун үстүндө кардай аппак ак куу сүзүп жүрөт. Ак куунун жалтыраган капкара көздөрү, капкара мурду жана тамандагы капкара эле. Анын кардай ак койкойгон узун моюну, ийкемдүү да сулуу да эле. Сууга түшүп жатканда анын түктүү денесинен суунун тамчылары сыймаланып агып турат. Көгүш тарткан жылмакай суунун үстүндө, жашыл камыштардын арасында, ак куу акырын сүзүп жүрөт. Суу канаттууларынын ичинен ак кууну «Суу ханышасы» деп бекеринен айтышпаса керек.


Кандай?
КИМ?
Негизги мааниси кандай?
?
?
?
?
?

**Чыгарманын картасы (3-класс, 1-жарым жылдык)**

**Тексттин биринчи варианты**

**Короз жана күрп**

Короодо күрп өзүнүн артынан үлпүлдөгөн жөжөлөрдү ээрчитип жүрөт. Эми ал жөн гана тоок эмес. Ал чоӊ үй бүлөнүн энеси. Эне болгондон бери абдан өзгөрдү. Арык жана сыйда болчу, эми жоонойп, жайылып калды. Эки эсе толду. Коркок жана жоош болчу, эми өжөр болуп кетти. Мышыкка тап берет. Итти жөжөлөрдөн алыс кууйт.

Тооктун башкы башкармасы короз жөжөлөргө жакындайын дейт. Анын куйругу чачырап, сакалы, кызыл сөйкөсү бар. Буттарында кайрылган текөөрлөр. Бул короз эч качан, ал тургай адамдардан да коркчу эмес. Бүркүт! Минтип жөжөлөргө жакындап калат. Көз ачып жумгуча күрп учуп жетип, тумшугу менен аны – түк, түк, түк! Короз текөөрлөрүнө отура калып, бакага окшоп кыйкырып жиберди : «Куа-а-ак!..». Октой атып дарбазанын астын көздөй чуркады.

(Э. Шим)

96 сөз, 18 сүйлөм

**Тапшырма. Картанын ар бир бөлүмүн толтургула.**

**Бул (керектүүсүн белгиле)**

1. Аӊгеме

2. Ыр

3. Жомок

4. Тамсил

**Чыгарманын картасы (3-класс, 1-жарым жылдык)**

**Тексттин 2-чи варианты**

## Кекиликтин уясы

Айыл ичи. Кеч кирип калган эле.Асан менен Балтабектин жанына келген Бектур:

– Мен бүгүн кекиликтин уясын таппадымбы! – деди эрдик кылгансып.

– Анан, анан.. – дештиАсан менен Балтабек кызыгып.

– Анан ошол жерге ак даки байланган чыбык сайып келдим – деди Бектур.

– Эмне үчүн? – дешти балдар жабыла.

Эртең кекиликтин уясын адашпай табам. Жумурткасы көп экен. Алып келип бышырып жеймин-деди Бектур тойгондой курсагын сылап.

Бирок, Бектурдун кубанычы көпкө узаган жок. Асан менен Балтабек жашырынып барып, таң эртең менен кекиликтин уясын табышты. Чын эле ак даки байланган чырпыкты сайып коюптур.Балдар анны алышты да, башка жерге сайып коюшту.

Ал жумурткалар бүгүн кекилик болуп учуп жүрсө керек деп кыялданып калышты.

102 сөз, 15 сүйлөм

**Чыгарманын картасы (3- класс, 1 жарым жылдык)**

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)____________________________________________

Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат) ________________________________________

Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат)_______________________________________________

Окуу (окуучу толтурат)    Үн чыгарып _______    Купуя______    Окуучуларга _______

**Ким?** ______________________________

**Кайда?** ______________________________

**Эмне? Эмне себептен? Маселе эмнеде?** ______________________________

**Эмне себептен ушундай болду?** ___________

**Качан?** ______________________________

**Чыгарманын картасы (3-класс, 2-жарым жылдык) .**

**Тексттин 2-чи варианты**

## Атанын кеңеши

Илгери-илгери бир айылда карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Бир күнү атасы уулуна мындай дейт:

– Уулум жашоонун купуя сырын билип жашагын. Сенин алдыңан эл кыя өтпөй, ийиле саламдашсын.Анан дагы ар бир айылда бирден үйүң болсун. Бутуңдагы өтүгүң күндө жаңырып турсун.Уулу атасынын сөзүн ойлонуп угуп олтуруп, анан мындай дейт:

– Ата, ар бир айылга үйдү кантип салам? Күнүгө өтүктү кайдан алам? Канткенде эл алдымдан кыя өтпөйт?

Карыя күлдү да:

– Анын жарасы жеңил балам! Ар бир айылда күйүмдүү досуң болсо үйүңдүн болгону ошол. Эгерде өтүгүң күндө жаңырып турсун десең, кечкисин өтүгүңдү тазалап кой. Ишиңе таң заарынан жөнөгүн. Ошондо сени көргөн эл алдыңдан кыя өтпөй, ийилип салам беришет.

(106 сөз, 14 сүйлөм)

**Тапшырма. Картанын ар бир бөлүмүн толтургула.**

**Бул (керектүүсүн белгиле)**

1. Аңгеме

2. Ыр

3. Жомок

4. Тамсил

**Чыгарманын картасы (3-класс, 2-жарым жылдык)**

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)____________________________________________

Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат) ____________________________________________

Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат)____________________________________________

Окуу (окуучу толтурат)  Үн чыгарып ________  Купуя______  Окуучуларга_______

**Ким?** ____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

**Кайда?** ____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

**Качан?** ____________________
____________________
____________________
____________________
____________________
____________________

**Эмне? Эмне болду? Маселе эмнеде?** ____________________________
____________________________________________________
____________________________________________________

**Эмне себептен ушундай болду?** __________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________

**Чыгарма эмнени үйрөтөт?** ______________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________________
____________________________

**Чыгарманын картасы (4- класс, 1 жарым жылдык)**

**Тексттин биринчи варианты**

**Жаткан таш**

Гүлдөгөн талаанын үстүнөн алтын Заргалдак учуп баратып жаткан Ташты көрүп ышкырат:

– Таш, сенин акылың жок! Өмүр бою бир жерде кймылдаабай жатасың, эч нерсе көрбөйсүң жана билбейсиң. А мен алыскы түштүктө болдум, ар кандай укмуштарды көрдүм !

Таш үн катпайт.

Кышында ак карлуу талаадан Үпүп үрпөк баш учуп өтүп, уйкусураган Ташты көрүп, кайрылат:

– Таш, сенин акылың жок! Өмүр бою бир жерде кыймылдабай жатасың, эч нерсе көрбөйсүң жана билбейсиң. А мен алыскы түндүктө өстүм, болгон укмуштун баарын көрдүм! Бозоргон Таш дагы үн катпайт, бирок ичинен өзүнчө ойлонот: «Силерден көптү көрдүм, мактанчаак канаттуулар! Кышында түндүк өзү мага конокко келет, ал эми жайында түштүк. Мен ысыктын аптабын да, чыкыраган суукту да билем. Жапжашыл жана аппак болгон токойду көрдүм. Бир орунга турбаган жайкы чымчык Заргалдак сени да, кышкы чымчык Үпүп сени да көрдүм. А силер бир жерде жыл сайын болсоңор да, бири-бириңерди эч качан көргөн эмессиңер! Дагы атактуу саякатчылар имиш, мага!»

Таш жерге дагы бекем ыктады.

(Н. Сладков)

151 сөз

**Тексттин жанрын аныкта. Бул (керектүүсүн белгиле)**

1. Аңгеме

2. Ыр

3. Жомок

4. Тамсил

**Чыгарманын картасы (4- класс, 1-жарым жылдык)**

**Тексттин 2-чи варианты**

## Чынчыл болуу керек

Үч бала токойго барышат. Козу карын, бүлдүркөн терип көпкө ойноп жүрүшөт. Ал түгүл кеч кирип кеткенин да байкабай калышат. Анан ата-энелеринен коркуп, шашыла үйлөрүнө жөнөшөт. Жолдон үйгө кандай шылтоо айтып баруу жөнүндө сүйлөшүп кетишет.

– Токойдон мага кокустан карышкыр кол салды, ошондуктан, кечиктим деп айтып коем. Ошондо мени урушпайт, – дейт биринчи бала.

– Мен токойдон чоң атама жолугуп сүйлөшүп калдым десем апам сүйүнүп, мени урушпай калат, – дейт экинчиси.

– Мен чындыкты гана айтам. Себеби, калп айтуу жаман сапат, – дейт үчүнчү бала.

Ошентип, ар кимиси өз үйүнө келет. Биринчи бала карышкыр жөнүндө айта баштаганда атасы: «Биздин токойдо карышкыр жок!» – деп урушат. Экинчи баланын апасы да: «Чоң атаң бүгүн эртең менен айылга кеткен, эмне калп айтасын» – деп уулун жемеге алат. Ал эми үчүнчү бала чындыкты айтып, кеч келгендиги үчүн кечирим сурайт.

Ата-энеси баласынын калп айтпаган жакшы сапатына ыраазы болот.

(133 сөз )

**Чыгарманын картасы (4- класс, 1-жарым жылдык)**

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)________________________________________

Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат) ________________________________________

Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат)________________________________________

Окуу (окуучу толтурат)     Үн чыгарып _________     Купуя_______     Окуучуларга________

**Ким?** ________________

**Кандай сезимдер?** ________________

**Кайда?** ________________

**Качан?** ________________

**Эмне? Эмне болду? Маселе эмнеде?** ________________

**Эмне себептен ушундай болду?** ________________

**Чыгарма эмнени үйрөтөт?** ________________

**Дил баян картасы. 4-КЛАСС (2 жарым жылдык )**

**Дил баян жазуу**

Окуучунун аты-жөнү ______

Класс____ Дата ______ Мугалимдин жардамы (мугалим толтурат) ______

*Бул план сага дилбаян жазууга жардам берет. Бош орундуктарга таяныч сөздөрдү колдонуп толтур. Берилген таяныч тизмеден окуя болгон жерди, каармандарды бош орундуктарга толтургун же өзүң ойлонуп тапсаң болот.*

Өзүңдүн аңгемеңдин аталышын жаз ______

| | |
|---|---|
| **Чыгармадагы каармандар кимиси болушу мүмкүн:**<br>▪ Маскарапоз<br>▪ Космонавт<br>▪ Окуучу<br>▪ Сыйкырчы<br>▪ Актан, Акылай<br>▪ Тентек эгиздер<br>▪ Пилдин баласы<br>▪ Мастан кемпир<br>▪ Пилдин баласы<br>▪ Саякатчы<br>▪ Эр жүрөк баатыр<br>▪ Сүйлөгөн мышык<br>▪ Детектив<br>▪ Каардуу дөө<br>▪ Томолой жетим<br>▪ Бийчи<br>▪ Атактуу спортсмен<br>▪ Опера ырчы кызы<br>▪ Достукту сүйгөн динозавр<br>▪ Амалкөй издөөчү<br>▪ Жөө күлүк<br>▪ Куурчак чебери | …<br>(Окуя кайда болгонун сүрөттө) ______<br><br>***Илгери-илгери***<br>(Башкы каармандарды сүрөттөп жаз) ______<br><br>***Бир күнү***<br>(Бир нерсе болуп жана окуя башталат) ______<br><br>***Бир күнү***<br>(Окуядагы каарман андан кийин эмне кылат жана эмнеге жетүүнү каалайт?) ______ |

| | |
|---|---|
| ***Бирок...***<br>(Кандайдыр бир тоскоолдуктар болот) ______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br><br>***Анда...***<br>(Каарман көйгөйдү кантип чечүүгө аракет кылат?) ______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br><br>***Андан кийин...***<br>(Жасаган иш-аракети ишке аштыбы же жокпу?) ______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br><br>***Акырында...***<br>(Чыгарманы аягына чыгар) ______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______<br>______ | **Окуя кайда болушу мүмкүн:**<br>▪ Кара жолтой сарай<br>▪ Караңгы түнт токой<br>▪ Бут баспаган арал<br>▪ Стадион<br>▪ Падышанын ак сарайы<br>▪ Кичинекей үй<br>▪ Жайлоодо<br>▪ Мектепте<br>▪ Суудагы курорт<br>▪ Байыркы урандылар<br>▪ Жер алдындагы лабиринт<br>▪ Токоч чыккан шаарча<br>▪ Каракчынын кемеси<br>▪ Музей<br><br>**Каарман эмне кылуудан баштайт?**<br>▪ Саякатка чыгат<br>▪ Казынанын картасын таап алат<br>▪ Сыйкырдуу сандыкча таап алат<br>▪ Учаарын билет<br>▪ Аземдүү майрам өткөрөт<br>▪ Сатып алууга жөнөйт<br>▪ Табышмактуу жерге туш болот<br>▪ Чакыруу жолдомосун алат<br>▪ Көчүп кетет<br>▪ Табышмактуу эшикти таап алат<br>▪ Үйдөн качып кетет<br>▪ Көрүнбөгөн адам болот<br>▪ Жаңы досторду таап алат<br>▪ Сыйкырдуу карандаш таап алат |

Мугалимдин кайтарым байланышы ______
______
______
______

***Тиркеме 2***

## Көрсөткүчтөрдүн теңдештирилген картасы[5]

Класс: __________ Академиялык жыл: ____ Мугалимдин аты-жөнү:______________

| **Убактысы:** | 17/9 | 19/10 | 28/11 | 11/9 | 15/10 | 23/12 | 15/9 | 17/10 | 24/12 | 17/9 | 19/10 | 28/11 | 15/9 | 17/10 | 24/12 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Окуучулар** | **АБ** | **АБ** | **АБ** | **ФК** | **ФК** | **ФК** | **ШО** | **ШО** | **ШО** | **СБ** | **СБ** | **СБ** | **Т** | **Т** | **Т** |
| 1. Айбек | Ч | Ч | Ч | Р | Р | М | К | К | Ч | К | Ч | Ч | К | К | Ч |
| 2. Салтанат | К | Ч | Ч | Ж | К | К | К | К | К | К | Ч | Ч | Ж | Ж | К |
| 3. Миргүл | Н | Ж | К | Ж | Ж | К | Ж | Ж | К | Ж | К | К | Ж | Ж | К |
| ж.б. | | | | | | | | | | | | | | | |

АБ – алфавитти билүүсү;

ФК – фонетикалык кабыл алуу;

ШО – шар окуу

СБ – сөз байлыгы;

Т – түшүнүү

Деңгээлдер: Ч – чебер өздөштүрдү (*үлгүлүү деңгээл*)

К – көндүмдү өнүктүрөт (*жетиштүү деңгээл*)

Ж – өздөштүргөн жок *(жетиштүү эмес деңгээл)*

[5] USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунун тренингдик материалдарынан.

***Тиркеме 3***


## Бааланган иштердин үлгүлөрү

1-класс. **Күчүк.**

**Жетиштүү эмес деңгээл.** Бардык бөлүктөр толтурулган. Эки гана каарман көрсөтүлгөн. Негизги каармандын бирөө апасы, бирок ал сүрөттө жок. Каарман кичинекей кыз, бирок эки бөлүктө эки башка кыздын сүрөтү тартылган. Дагы бир нерселер тартылган, бирок так эмес. Күчүктүн өңү ак, ал эми кулактары гана кара болчу. Сүрөттө ала-була кылып боёлгон. Акыркы бөлүгүндө кыздын өзүн гана тартып койгон. Ошондуктан иллюстрациялар аңгеменин композициялык бөлүктөрүнө дал келбейт. Мындан сырткары бардык сүрөттө кыздын күлүп турганын баяндап койгон. Бирок аңгеменин башында кыздын ыйлаганын көрсөтүшү керек эле.




**Жетиштүү деңгээл.** Сүрөттөр мугалимдин кандай жардам бергенин билүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Муну мугалим өзү үчүн белгилейт. Бирок окуучу үч бөлүктүн бардыгын толтурганы менен каармандар жетишпейт. Сюжеттин кээ бир деталдары аңгемедеги сүрөттөөгө дал келбейт, кээ бир бөлүктөрү аңгеменин мазмунун түшүнгөнүн демонстрациялоо менен бирге андагы каармандардын ички дүйнөсүн көрсөтүү аракеттери бар экенин көрсөтөт (мимикасы).





**Үлгүлүү деңгээл.** Окуучу сүрөттү жакшы деле тарта албайт, бирок бул негизгиси эмес. Эң негизгиси: окуучу картанын бардык бөлүктөрүн туура толтурган. Аңгеменин баардык каармандарын сүрөттөп берген. Сүрөттөөдө бардык композициялардын негизги мазмуну толук берилген. Бул окуучунун аңгемени толук түшүнүп, аны кайра сүрөттөп бере алуу мүмкүнчүлүгүн колдоно билгенин көрсөтөт.



## Кийинки мисалда 3-класстын экинчи жарым жылдыгындагы “Атанын кеңеши” тексти боюнча толтурулган чыгарманын картасын көрүп турасыздар

**Үлгүлүү деңгээл.** Картанын бардык бөлүктөрү өз алдынча толтурулган. Окуучу окуянын убактысын жана окуя болгон жерди чагылдырып бере алат. Көйгөйдү өзүнүн ою менен кыска жана так кылып айтууга аракеттенген (окуучуга көйгөй деген эмне экенин түшүндүрүп коюу зарыл). Окурмандын көз- карашы менен окулган тексттке жыйынтык чыгара алат.


Чыгарманын картасы
3-класс (II жарым жылдык)

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)
Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат)
Окуу (окуучу толтурат) Үн чыгарып (мугалимдин окуп берүүсү) Купуя Окуучунун окуусу Мугалимдин жардамы


Ким? Бул аңгемеде карыя жана уулу катышкан
Кайда? Окуя айылда болгон.
Качан? Илгери-илгери болгон

Эмне болду? Атасы уулуна жашоонун купуя сырларын айтты.
Кандай көйгөй? Уулу атасынын сөздөрүнө түшүнбөй койду.

Эмне үчүн мындай болду? Атасы баласына айтканда түшүнбөй кетт. Бирок кийин ар бир сөздүн чечилишин жакындан түшүндү.
Чыгарма эмнеге үйрөтөт? Акылдуулукка, тазалыкка, тыкандыкка, сергек болууга үйрөтөт.

Бул (керектүүсүн сыз )
1.Аңгеме
2.Ыр
3.Жомок
4.Тамсил

**Жетиштүү деңгээл.** Окуучу картанын алты бөлүктүн беш бөлүгүн толтурган. Көйгөйдү так жана кыска кылып айтып берүүдө кыйынчылыктар кездешкен. Окуя болгон жерди толук маалымдап бере албайт. Бирок окуучу атанын ички дүйнөсүн жана чыгарманын жыйынтыгын туура бере алат.


Чыгарманын картасы
3-класс ( II жарым жылдык )

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)
Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат)
Окуу (окуучу толтурат) Үн чыгарып ✓ (мугалимдин окуп берүүсү) Купуя Окуучунун окуусу

Ким? карыя жана анын уулу
Кайда?
Качан? Илгери-илгери.


Эмне болду? Илгери бир айылда карыя болуптур анан ал уулуна айтат ...
Кандай көйгөй?

Эмне үчүн? Эмне үчүн мындай болду? атасы баласына айтканда ал бала түшүнбөй койду
Чыгарма эмнеге үйрөтөт? тазалыкка, тыкандыкка ... үйрөтөт экен

Бул (керектүүсүн сыз )
1.Аңгеме ✓
2.Ыр
3.Жомок
4.Тамсил

**Жетиштүү эмес деңгээл**

Окуучу каармандардын ички дүйнөсүн кыйынчылык менен тактай алат. Көйгөлөрдүн келип чыгышын аныктоодо дагы кыйынчылык туулган. Жыйынтыктоо текстти кайра айтып берүүгө окшошуп калган.


Чыгарманын картасы
3-класс (II жарым жылдык)

Окуучунун аты-жөнү (окуучу толтурат)
Чыгарманын автору жана аталышы (окуучу толтурат)
Окуу (окуучу толтурат) Үн чыгарып ✓ (мугалимдин окуп берүүсү) Купуя ___ Окуучунун окуусу ___ Мугалимдин жардамы ___


Ким? Кария уулу
Кайда? Айылда
Качан? Мурда

Эмне болду? Баласы айтты
Кандай көйгөй? Атасы баласына айтты. Баласы жооп берди. Экөө сүйлөштү.


Эмне үчүн мындай болду? Атасына түшүнгөн жок. Уулу жооп бере алган жок. Уулу билбейт экен.
Чыгарма эмнеге үйрөтөт? Атасы түшүндүрдү. Уулу түшүнгөн жок. Уулу эч нерсени билбейт.

**«Ак куу» тексти боюнча түшүнүү картасын баалоонун үлгүлөрү**


**Үлгүлүү деңгээл.** Айланалардын бардыгы толтурулган. Айланада баяндалган бардык белгилери (сапаттары, мүнөздөмөсү) берилген. Негизги маани баяндоого ылайык жазылган.



**Жетиштүү.** Айланалардын бардыгы толтурулган. Канаттуунун негизги мүнөздөмөлөрү таанылтырылган. Бирок бир-эки айланада белгилер менен байланышкан сөздөр жазылган, бирок белгилер толук берилген эмес. («Эң сонун» – белги предметтен өзүнчө берилген – Эмне эң сонун? «Кардай» – бул салыштыруу, эмне эмне менен салыштырылып жатканы түшүнүксүз). Анткени менен негизги белгилер бөлүп көрсөтүлгөн, калгандары схеманын ушул бөлүгүндө берилген. Башкы маани кайра айтып берүү менен алмаштырылган.




**Жетиштүү эмес деңгээл.** Айлананын бардыгы толтурулган. Ак ууга тиешелүү мүнөздөмө башка кубулуштарга тиешелүү мүнөздөмө менен бирге жазылган («сыйда» сууну сүрөттөөгө тиешелүү). Башкы маани жазылган эмес.



## Дил баян картасын баалоонун үлгүсү

### Дилбаян жазуу

Окуучунун аты-жөнү Азимова Саадат
Класс 4 а   Дата 19.05.2016   Мугалимдин жардамы ✓

*Бул план сага дилбаян жазууга жардам берет. Бош орундуктарга таяныч сөздөрдү колдонуп толтур.*
*Берилген таяныч тизмеден окуя болгон жерди, каармандарды бош орундуктарга толтургун же өзүң ойлонуп тапсан болот.*

Чыгарманын аталышын өзүң ойлоп тапкын Сыйкырдуу өлкө

**Чыгармадагы каармандар кимиси болушу мүмкүн:**

- Маскарапоз
- Космонавт
- Окуучу
- Сыйкырчы
- Актан, Акылай
- Тентек эгиздер
- Алп кара куш
- Мастан кемпир
- Пилдин баласы
- Саякатчы
- Эр жүрөк баатыр
- Сүйлөгөн мышык
- Детектив
- Каардуу дөө
- Томолой жетим
- Бийчи
- Атактуу спортсмен
- Опера ырчы кызы
- Достукту сүйгөн динозавр
- Амалкөй изилдөөчү
- Жөө күлүк
- Куурчак чебери

(Окуя кайда болгонун сүрөттө) Бул окуя хан сарайда болгон.

(Башкы каармандарды сүрөтөп жаз)
**Илгери-илгери** өткөн заманда бир эр жүрөк баатыр киши болуптур.

(Бир нерсе болуп жана окуянын башталат)
**Бир күнү** ал саякатка чыгат экен. Сыйкырдуу өлкөгө барганда келип, ошол жакка барууну чечет.

(Окуядагы каарман андан кийин эмне кылат жана эмнеге жетүүнү каалайт?)
**Бир күнү** ойгонуп саякатка чыгып жол жүрүп бара жатса алдынан каардуу дөө чыгат экен. Каардуу дөө кишинин алдын тороптур экен

(Тандайдыр бир тоскоолдуктар болот)
**Бирок** каардуу дөө канчалык аракет кылса дагы ойлогон ойо ишке ашпай жинденет. Ал бардык күчү менен кишини жеңүүгө аракет кылат.

(Каарман көйгөйдү кантип чечүүгө аракет кылат?)
**Ошондо**
саякатка чыккан киши каардуу дөөнүн тоскоолдуктарына моюн сунбай жеңүүнү чечет.
Дөөнүн амалдарынын баарынын акылдуулук менен чечет.

(Жасаган иш-аракети ишке аштыбы же жокпу?)
**Андан кийин** каардуу дөө аягында жеңе албай калат. Себеби саякатка чыккан киши абдан боорукер, акылкөй жана эр жүрөк эле.

(Чыгарманы аягына чыгар)
**Акырында** саякатка чыккан киши каардуу дөөнү жеңет. Сыйкырдуу өлкөгө келген эр жүрөк баатыр ошол жердин ханы болуп калат экен.

**Окуя кайда болушу мүмкүн:**

- Падышанын ак сарайы
- Караңгы түнт токой
- Бут баспаган арал
- Стадион
- Келечектеги шаар
- Кичинекей үй
- Жайлоодо
- Мектепте
- Суудагы курорт
- Байыркы урандылар
- Жер алдындагы лабиринт
- Токоч чыккан шаарча
- Каракчынын кемеси
- Музей

**Каарман эмне кылуудан баштайт?**

- Саякатка чыгат
- Сыйкырдуу сандыкча таап алаат
- Учаарын билет
- Аземдүү майрам өткөрөт
- Сатып алууга жөнөйт
- Табышмактуу жерге туш болот
- Чакыруу жолдомо алат
- Көчүп кетет
- Табышмактуузшикти таап алат
- Үйдөн качып кетет
- Көрүнбөгөн адам болот
- Жаны достолрду таап алат
- Сыкырдуу карандаш таап алат.
- Байлык жашырылган картанын чиймесин таап алат

***Тиркеме 4***

**Кошумча окуу үчүн материалдар**

## Башталгыч класстарда баланы окулган текстти окууга жана түшүнүүгө үйрөтүү эмне үчүн маанилүү?

Башталгыч класстардын биринчи кезектеги милдеттеринин бири – балдарды туура, шар жана түшүнүү менен окууга үйрөтүү, тактап айтканда окуучулардын толук кандуу окуу көндүмдөрүн калыптандыруу, бул мектеп окуучуларынын кийинки билим алуусунун ийгиликтүү негизи болуп калат.

Акыркы жылдардагы эл аралык жана улуттук изилдөөлөр биздин мектеп окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү маселесинин актуалдуулугун көрсөтүүдө (НООДУ, PISA, EGRA). Ошондуктан, КРнын Билим берүү жана илим Министрлиги жана АКШнын эл аралык өнүгүү агенствосунун ортосундагы өз ара түшүнүшүү тууралуу кол коюлган Меморандумдун негизинде Америка изилдөө институту «Балдарды коргогула» Эл аралык Фонду менен бирге ишке ашырып жаткан USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоору приоритеттүү милдеттердин бирин чечүүгө жардам берет – мугалимдерди окутуу, окурмандардын чөйрөсүн байытуу жана китеп окууга үй бүлөнү жана коомчулукту тартуу аркылуу 1-4 класстардын оокуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу.

Башталгыч мектепте калыптанган толук кандуу окуу көндүмү – бул баланын орто жана жогорку класстардагы окуусу жана жалпы маданий өнүгүүсү үчүн маанилүү курал жана база. Окуу билим алуунун ийгиликтүү болушунун негизи, бирок буга окуучулар башталгыч класстардын аягында «окуганды үйрөнөбүз» принцибинен «билим алуу үчүн окуйбуз» принцибине өтүшү керек б.а. жаңы билим жана көндүмдөрдү өздөштүрүү үчүн окууну калыптанып калган көндүм катары колдонуу үчүн ушундай деңгээлде окуу.

Ошондуктан башталгыч класстардын мугалимдери үчүн окууну өнүктүрүүгө тиешелүү маселелер абдан актуалдуу: баланы кантип шар, түшүнүп жана туура окууга үйрөтүү, ар кандай түрдөгү тексттер менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу, окулганды түшүнүү деңгээлин аныктоо. Кантип окуу сабагын жана окуу процессинин өзүн окуучулар үчүн кубаныч тартуулай тургандай кылууга болот?

Ар бир мугалим ушул маселенин үстүнөн ойлонот жана ар бири окуу көндүмүн жакшыртуу көйгөйүн өз алдынча чечүүгө аракеттенишет, окуу сабагы окуучунун китепке, окууга кызыгуусун өнүктүрүүсү, аларга турмуш жана келечектеги окуу билгичтиктери жана көндүмдөрү үчүн пайдалуу кылууга умтулушат.

## Балдар окуганды кантип үйрөнүшөт?

Мугалимдин баланы окуганга натыйжалуу үйрөтүү жөндөмдүүлүгү окуу көндүмүн калыптандыруу процесси кандай жүрө турганын канчалык түшүнгөнүнө жараша болот. Төмөндө окууга үйрөтүү тармагындагы заманбап изилдөөлөргө жана дүйнөдөгү көптөгөн өлкөлөрдүн контексттинде балдардын сабаттуулугун жогорулатуу боюнча алдыңкы тажрыйбаларга кыскача обзор берилет.

Шар жана жеңил окугандарга окуу – бул эч кандай «жогорку математика» эместей көрүнөт. Анткени менен окууга үйрөнүү – көптөгөн маанилүү аспектилерди эске алуу зарыл болгон татаал процесс.

Биринчиден, ***окуу көндүмүн калыптандыруу*** этап менен жүрөт. Мисалы, баштапкы этабында бала (же чоң киши) басылып чыккан текст эмне экендиги менен таанышат жана бир нече тамгалардын тыбыштарын үйрөнөт, бирок дагы жогорку этапта бала акылында шар окуп жана эмне окуганын түшүнө алат. Окуу көндүмүнүн деңгээли абдан жогорку болушу мүмкүн, адам «сап аралатып» окуй баштайт жана ал тургай жазылбаган маалыматтарды таап, логикалык тыянактарды жасайт. Бул окуунун эң жогорку стадиясы.

Экинчиден, ***окуу бир нече көндүмдөрдөн (компоненттерден) турат***. Окуу – бул жалгыз турган, өзүнчө алынган көндүм эмес. Окуганды билиш үчүн, сиз ар кандай көндүмдөргө ээ болушуңуз керек. Мугалим үчүн бул кандай көндүмдөр жана окууга үйрөтүүнүн белгилүү бир этабында андан эмнелер талап кылына тургандыгын түшүнүүсү маанилүү. Бул мугалимге белгилүү методикаларды же ошол эле көндүмдөрдү үйрөтүү үчүн жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга чыгармачыл жана ийкемдүү ой жүгүртүү жолун колдонуу аркылуу конкреттүү окуу көндүмдөрүнө ээ болуу боюнча окуучуларды окутуу программасында максатты белгилөөгө жардам берет.

Үчүнчүдөн, ***окуу көндүмдөрү өз ара байланышкан***. Башка сөз менен айтканда, кайсы тилде болсун окуу көндүмүн окутууда мугалим буларды түшүнүүгө милдеттүү: 1) окуу көндүмдөрү бири бири менен өз ара байланышкан, 2) бир тилдеги окуу көндүмү башка тилдердеги окуу көндүмдөрү менен байланышкан. Бизге окуучулар сүйлөшүү кебинде тыбыштарды угуу жана оозеки *манипуляциялоо жөндөмүн билдирүүчү* фонологиялык маалыматтан кыйынчылыкка туш болушкан окуучулар, текстти окуй алууда (декодированиеде) да кыйналыша тургандыгы изилдөөлөрдөн белгилүү, анткени себеби фонологиялык маалымат жана декодирование өз ара байланыштуу көндүмдөр болуп эсептелет. Мындан тышкары көп тилдүү топтогу бала өзүнүн эне тилинде фонологиялык маалыматты билүүдө кыйналса (Т1), анда ал экинчи тилде да, фонологиялык маалыматтан кыйналат (Т2).

Окуу көндүмдөрүнүн бул *компоненттеринин* ар бири өзүнчө ишке ашууга тийиш болсо да, текст боюнча тапшырмаларды аткарууда шар окуу үчүн бул көндүмдөрдүн бардыгын интеграциялоого туура келет. Мына ушунтип окуунун айрым көндүмдөрүн иштеп каныгып жана практикалоо зарыл, бирок окуучуларга ушул көндүмдөрдүн бардыгын иш жүзүндө окуу процессинде бирге колдонууга мүмкүнчүлүк берүү керек.

Окуу көндүмдөрүн үйрөтүүнү жеңил жана жөнөкөйүнөн баштап, акырындык менен татаалыраак көндүмдөргө каныктырыш керек. Тапшырмалар жана тексттер окуу көндүмдөрүн жакшырта тургандай тандалып алынышы керек, бирок ошол эле учурда алар абдан татаал болбошу керек, окуучулар тексти ийгиликтүү окуп, андан тышкары балдар үчүн кызыктуу жана жагымдуу болууга тийиш. Негизги көңүл компоненттерге гана же окуу практикасына багытталган окутуу балдардын өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүсүнө жана мыкты окурман болуусуна жетиштүү колдоо бербейт. Окууга үйрөтүүнүн эң баштапкы этабында эки ыкманы тең колдонуш керек.

Балдардын саламаттыгы жана адамды өнүктүрүү Улуттук институту окуу көндүмүнүн беш негизги компонентин бөлүп көрсөтөт: фонологиялык маалыматты билүү, декодирование жана сөздөрдү таануу, лексиканы билүү (сөз байлыгы), оозеки шар окуу жана окулганды түшүнүү.

## Фонологиялык маалымат жана фонематикалык кабыл алуу

Фонологиялык маалыматты билүү – сүйлөшүү кебинде тыбыштарды угуу жана оозеки манипуляциялоо жөндөмү. Бул тыбышка негизделген көндүм басылып чыккан материалды окуу же жазуу билгичтиги боюнча эч кандай билимди талап кылбайт. Муундун айтылышын угуу жана оозеки манипуляциялоо жөндөмү «*муунду билүү», ал* эми фонеманын тыбыштарын угуу жана манипуляциялоо *фонематикалык кабыл алуу деп аталат.* Фонологиялык маалыматты билүү көндүмүн бекемдөө үчүн окутуу натыйжалуу болот: балдарды (1) тамгалар менен тыбыштарды манипуляциялоого үйрөтүү, (2) кыска жана бат-бат, жана (3) балдарды анча чоң эмес топтордо окутуу[6]. Фонематикалык кабыл алуу – сүйлөшүү кебин түшүнүү жөндөмдүүлүгү. Бул көндүм сабаттуулукту талап кылбайт. Ал өзүнө сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, грамматикалык структураларды, идиомаларды түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн жана айтылып жаткандар тууралуу маалыматтарды бириктирүү үчүн жетиштүү билим, логикалык тыянак чыгарууга жөндөмдүүлүктү камтыйт.

## Символдорду \ графемдерди, алфавитти билүү

Символдорду билүү – бул тыбыштардан өзүнчө, тамгаларды билүү. Бул бардык баш жана кичинекей тамгалардын аталышын билүү.

## Сөздөрдү окуй алуу (Декодирование)

Сөздөрдү окуй алуу – бул тааныш жана бейтааныш сөздөрдү «угуза айтуу» үчүн фонемаларды ылайыктуу тамгалар менен байланыштырууга жөндөмдүүлүк. Көңүл буруңуздар, тааныш сөздөр жолуккан учурда балдар сөздү окуй алышат (тамгаларды биринин артынан бирин), же алар көрүп эске тутууга таянып сөздүн айтылышын биле алышат. Ошондуктан тестирлөө максатында маанисиз (ойлонуп табылган) сөздөрдү, бала ар бир *тамганын* айтылышын үйрөнгөнүн билүү үчүн, колдонуу туура. .

Ошого карабастан, сөздөрдү окуй алуу көндүмүн үйрөтүүдө мугалим реалдуу сөздөрдү же псевдо-сөздөрдү колдоно алат. Балдар тыбыш жана тамганын арасындагы карым-катышты ситемалуу үйрөнгөн учурда сөздөрдү окуй алуу натыйжалуу болот (окууга үйрөтүүнүн фонетикалык методу деп аталат[7]). Окутуунун бул түрү окулган текстти түшүнүүгө шарт түзөт.

## Оозеки шар окуу

Шар окуу – бул сөздү окуй алуунун өнүккөн формасы, бул бала ылдам жана так окуган учурда ишке ашат, ошону менен эле басымды, интонацияны туура коюп окууну камтыйт.[8] Оозеки шар окууну өнүктүрүү маанилүү, ошондуктан жогорку тактыкта окуган окуучуларда да, окуганын маанисин түшүнүү көйгөйү бар, алар абдан жай же басым, интонацияны туура эмес

[6] Балдардын саламаттыгы жана адамды өнүктүрүү Улуттук институту, 2000

[7] Балдардын саламаттыгы жана адамды өнүктүрүү Улуттук институту, 2000

[8] Балдардын саламаттыгы жана адамды өнүктүрүү Улуттук институту, 2000 жана Торгесен, Рэйшот жана Александр, 2001

коюп окушат[9]. Шар окууга үйрөнүү текстти оозеки окууну камтыйт, бул окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн тиешелүү деңгээлине туура келет. Окуучудан тексттин бир эле үзүндүсүн бир нече ирет окууну өтүнүшөт, анткени ар бир жолу мугалим окуп көрсөткөн, аталган үзүндүнү оозеки окуу манерасын болушунча так сакташын көрүү үчүн керек.

## Лексиканы билүү (активдүү жана пассивдүү сөз байлыгын оозеки жана жазуу түрүндө колдонуу)

Лексиканы билүү – бул сөздөрдүн маанисин жана ар түрдүү контекстте колдонуусун. түшүнүү. Сөз байлыгын билүү жана окулган текстти түшүнүүнүн ортосундагы бекем байланыш адабиятта биринчи же экинчи тилде окутуу боюнча жакшы белгилүү.[10] Ошого карабастан, сөз байлыгын толуктоо боюнча окутуунун ар түрдүү методикасын колдонуу окулган текстти түшүнүүнүн ар түрдүү даражасына алып келет. Айрыкча, сөз байлыгын толуктоого үйрөтүү аныктамаларды үйрөнүүгө багытталганда, окулган текстти түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү үчүн сөз байлыгын толуктоодо сөздүн маанисин табуу жана аны бир нече контекстте колдонууга караганда азыраак натыйжа берет.[11]

Сөз байлыгынын негизги түрлөрү:

– **Оозеки кептеги пассивдүү сөз байлыгы**: Айтылган сөздү түшүнүү жөндөмү (басылып чыккан материалды же окуу билгичтигин талап кылбайт).
– **Оозеки кептеги активдүү сөз байлыгы**: Сөздү аныктоо жана анын маанисин сүрөттүн же эне тилиндеги аныктаманын жардамы менен аныктоо жөндөмү (басылып чыккан материалды же окуу билгичтигин талап кылбайт).
– **Пассивдүү жазуу сөз байлыгы**: Жазылган сөздү түшүнүү жөндөмү (сөздү окуй билүү жана пассивдүү оозеки сөз байлыгын билүүнү талап кылат).
– **Активдүү жазуу сөз байлыгы**: Сөздү окуй билүү жана жазылган сөздү түшүндүрүү жөндөмү (сөздү окуй билүү жана лексиканы терең билүүнү талап кылат).

## Туура жазуу жана жаза билүү

Бул көндүм кепти жазуу түрүндө берүү жөндөмүн, анын ичинде өзүнчө сөздөрдү, кыска сөздөрдү, ал тургай кыска аңгемелерди жана тесттин үзүндүсүн жазууну камтыйт. Айрым тамгаларды жана сөздөрдү жазуу үчүн бул көндүмдү ишке ашырууда кыймыл-аракет жөндөмү, тыбыштарды жана тамгалардын формасын билүүнү талап кылат. Сүйлөмдөрдү жана тексттин фрагменттерин, мындан тышкары дилбаяндарды жазуу үчүн мыкты сөз байлыгы – сүйлөмдү же аңгемени жазуу үчүн грамматиканы билүү жана жетиштүү билим зарыл. Дил баян эрежеге жараша, белгилүү бир күч-аракетти талап кылат, анткени продуктивдүү кеп ишмердиги болуп саналат.

---

[9] Даан ж.б.. 2005 жана Сноу ж.б.., 1998

[10] Балдардын саламаттыгы жана адамды өнүктүрүү Улуттук институту, 2000; RAND, 2002; Сноу, Бернс жана Грифин, 1998

[11] Бек, Мак Кьюан жана Омансон, 1987

## Морфологиялык маалыматка ээ болуу

Морфологиялык маалыматка ээ болуу – бул маанилик жүк көтөрүп турган, башкача айтканда «морфемаларды», сөз бөлүктөрүн идентификациялоо жана манипуляциялоо жөндөмү. Мисалы, “и” тамгасы «китеп» жана «килем» сөздөрүн түшүнүү үчүн – көптүк сандын маркери болуп саналат. Бул көндүмдүн маанилүүлүгү көпчүлүк сөздөр ар түрдүү маанилик бөлүктөргө (морфемаларга), ээ болушу менен шартталган жана эгер балдарды бул бөлүктөрдүн маанисин таанууга үйрөтсө, алар сөздүн тааныш бөлүгүн көрсө, өз алдынча жаңы сөздөрдүн маанисин билүүгө жөндөмдүү болушат.

## Окулган текстти түшүнүү

Окулган текстти түшүнүү *жазуу кебин* түшүнүү жөндөмүн билдире тургандыгын туюндурат. Окурмандар окуганынын маанисин түшүнүү үчүн, дайыма тексттен алган билимди, жеке тажрыйбасы жана топтолгон билимдерден улам белгилүү маалымат менен интеграциялап жигердүү иштөөсү керек.[12] Окуучулар тексттин моделин акылында курууга үйрөнүшү керек. Башка сөз менен айтканда, окуганынын маанисин түшүнүү үчүн, балдар окуп жатан нерсенин, мурда окуганы менен «байланыштабы» же «мааниге ээби» ушуга көңүл бурушу керек. Ушул көз караштан алганда, окуганды үйрөнүш үчүн өзүн өзү көзөмөлдөө адатын өнүктүрүш керек (мисалы, Пресcли, 1998). Окуучулар окуганынын маанисин түшүнгөндүгүн айтып берүү менен терең түшүнгөндөрүн көрсөтө алышат. Мындан тышкары суроолорго жооп берип же окуяны, маалыматты, текстте баяндалган каармандардын кыймыл-аракеттерин жана тематикалык элементтерди, талкуулап көрсөтө алышат.

[12] Грэссер, Мак Намара жана Лоуэрс, 2003; RAND, 2002.

**Хамзина С.А., Низовская И.А.,**
**Фадеева Г.Н., Мааткеримова А.Д.**

**БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН БААЛОО**

Методикалык колдонмо

*С.А. Хамзинанын жалпы редакциялоосунда*

Басууга 01.08.2016 ж. кол коюлду. Форматы 60×84 $^{1}/_{8}$.
«Arial» гарнитурасы. Офсеттик басма. 8,37 шарттуу б.т.
Тиражы 5000 нуска.

ОсОО «Папирус Принт» типографиясында басылды
Бишкек ш., Керимбекова көч., 5-54

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# 7-модуль

# Калыптандыруучу баалоо

## Мугалимдер үчүн колдонмо

# МАЗМУНУ


Кириш үү ... 3

1. Калыптандыруучу баалоо ... 4

2. Калыптандыруучу баалоонун компоненттери ... 6

    2.1. Жеке окуп-үйрөнүү процессине окуучулардын активдүү катышуусу ... 6

    2.2. Өзүн-өзү жана бирин-бири баалоо ... 9

    2.3. Кайтарым байланыш ... 11

    2.4. Окуучулардын шыктануусуна баалоонун таасири ... 12

    2.5. Баалоонун натыйжаларынын негизинде окутуу процессин оңдоп-түзөө ... 13

3. Сабакта калыптандыруучу баалоону колдонуу ... 15

4. Калыптандыруучу баалоонун натыйжаларын каттоо ... 17

5. Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары ... 19

    5.1. А. Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары (аткаруу тартиби) ... 19

    5.2. Б. Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары (кыскача түшүндүрмө) ... 22

6. Тиркемелер ... 32

7. Колдонулган адабияттар ... 33

# КИРИШҮҮ

Окуучулардын ишмердүүлүгүн баалоо – педагогикалык процесстин маанилүү элементи болуп эсептелет, ал эми баа – мугалимдин тигил же бул милдетин аткарууда таасирдүү педагогикалык каражат. Кандай гана баалоо болбосун, ал окутуу-окуу процессинде мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсү канчалык натыйжалуу экендиги тууралуу окуучунун же мугалимдин маалымат алуу муктаждыгынан келип чыгат.

Педагогикалык иш-аракеттердин негизги принциби – бул окуучулардын өнүгүүсүнө түрткү берүү. Баланын окуп-өнүгүү процесси ар дайым өзгөрүп турат. Кенже класстын окуучусунун окууда өз алдынчалыкка, демилгелүү жана жоопкерчиликтүү болууга жетишүүсү үчүн баланын өзүн-өзү текшерип, баалоосу өзгөчө мааниге ээ, башкача айтканда, өзүнүн жана классташтарынын ишмердүүлүгүн өз алдынча текшерип, баалай алуусу, окуудагы кемчиликтеринин себептерин аныктап, аларды жоё алуу жөндөмдүүлүгү.

Бул жөндөмдүүлүктү күнүмдүк практикада калыптандыруучу баалоону ар дайым колдонуу аркылуу калыптандырууга болот.

Колдонмодо калыптандыруучу баалоонун өзгөчөлүктөрү, компоненттери жана алардын окуучунун жетишүүсүнө тийгизген таасири жөнүндө баяндалат. Ошону менен бирге тексттер менен иштөөдө белгилүү ырааттуулукта колдонулуучу калыптандыруучу баалоонун ыкмалары жана натыйжаларды каттоо технологиялары берилет. Сунушталган материалдардын бардыгы калыптандыруучу баалоону колдонуу боюнча мугалимдердин түшүнүгүн жогорулатып, көндүмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган, анткени калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдоно билүү – бул мугалимдин комптетенттүүлүгүнүн негизги бөлүгү, ал окуучулардын жетишүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.

Ар бир сабакта мугалим төмөнкү суроолордун тегерегинде ой жүгүртүүсү зарыл:

- Өтүлгөн материалды окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүрдү?
- Аны мен кантип текшере алам?
- Кайсы тапшырманы аткарууда окуучулар кыйналышты? Себеби эмнеде?
- Эгерде тапшырма кыйынчылык туудурса, окутуу методикасында эмнелерди өзгөртүү зарыл?

Эгерде мугалим булар жөнүндө ойлонбосо, сабактардын пландарын иштеп чыгуу, сабак учурунда жагымдуу чөйрө түзүү, билим берүү стандарттарын эске алуу жана сактоо, окуу планына ылайык күтүлүүчү натыйжаларды бербейт.

Сабак учурунда окуучуларга берген билими таасирдүү болуусу үчүн мугалим жооп берет. Окуучулардын материалдарды өздөштүрүү деңгээлин мугалим кантип текшере алат? Бул колдонмо жогоруда берилген суроолордун бардыгына жооп табууда мугалимге жардам берерине ишенебиз.

Бул модулду өздөштүрүүнүн натыйжасында катышуучулар төмөнкүлөрдү үйрөнүшөт:

- калыптандыруучу баалоонун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- калыптандыруучу баалоо менен жыйынтыктоочу баалоону айырмалоо;
- калыптандыруучу баалоонун компоненттерин бөлүп көрсөтүү;
- сабактарда калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдонуу;
- калыптандыруучу баалоонун натыйжаларын каттоо.

# 1. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛОО

Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын **64-пункутунда** төмөнкүдөй айтылат: «Форматтык баа берүү» [колдонмодо «калыптандыруучу баалоо»] материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж. б.) эске алуу менен окуучунун өнүгүүсүн аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим форматтык баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар – алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун өнүгүүсү окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат»[1].

Баалоо менен окутуу бири-бирине тыгыз байланышта. Баалоонун үч түрү бар: диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу. Булар бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-биринен көз каранды. Диагностикалык баалоонун натыйжасы болбосо, мугалим калыптандыруучу баалоону тийиштүү деңгээлде колдоно албайт. Ал эми сабак учурундагы калыптандыруучу баалоонун сапаты жыйынтыктоочу баалоонун натыйжасына таасирин тийгизет. Баалоонун бул ырааттуулугун сактоо менен окутууда жогорку деңгээлге жетишүүгө мүмкүн.

| | Аныктоочу (диагностикалык) баалоо | Калыптандыруучу баалоо | Жыйынтыктоочу баалоо |
|---|---|---|---|
| **Эмнени билдирет?** | Окуучулардын учурдагы компетентүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо (класстык журналга баа коюлбайт) | Бул баалоо окутуу процессинде окуучунун жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү, талдоо, оңдоп-түзөө, мында да баа коюлбайт | Жыйынтыктоочу баалоодо мугалим окуучуга баа коёт |
| **Качан колдонулат?** | Теманын, бөлүмдүн алдында, чейректин, окуу жылынын башында, жаңы класс же окуучу менен иштеп баштаганда | Сабак учурунда дайыма, үзгүлтүксүз жүргүзүлөт | Теманын, бөлүмдүн, чейректин, окуу жылынын аягында |
| **Эмне үчүн колдонулат?** | Окуучулардын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо жана мугалимге календардык, сабактык пландарын оңдоп-түзөөгө, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет | Окуучулардын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү жана окутуу процессин (сабактардын пландарын) ыңгайлаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, оңдоп-түзөөгө мүмкүнчүлүк берет | Окуучулар окутуу процессинде эмнелерди үйрөнгөнү жөнүндө маалымат берет |

[1] http://edu.gov.kg/ru/high-education/gosudarstvennyj-obrazovatelnyj-standart/

Таблицада берилген баалоонун түрлөрү предметке же класска карабастан, ар бир сабактын бөлүгү болуп эсептелет.

Диагностикалык баалоо – адатта окуу жылынын башында, теманы, бөлүмдү өтөрдүн алдында жүргүзүлөт. Даигностикалык баалоонун максаты – программа боюнча теманын, бөлүмдүн же предмет боюнча курстун башында окуучулар окутуу максаттарына карата салыштырмалуу кандай деңгээлде болгондугун аныктоо болуп эсептелет. Окутуу планына окуучулардын муктаждыктарына жараша өзгөртүүлөрдү киргизүү же окутуудагы, окуудагы кыйынчылыктарды алдын ала сезип, аларды жеңип чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Адатта мугалимдер баалоону белгилүү мөөнөттүн ичинде окуучулар өздөштүргөн билимдердин деңгээлин аныктоо үчүн жыйынтыктоочу баалоону колдонушат жана ал белгилүү мөөнөттүн аягында, мисалы, теманы өтүп бүткөндөн кийин, чейректин же окуу жылынын аягында жүргүзүлөт.

Мугалим жыйынтыктоочу баалоонун андан да жогорку натыйжаларына жетишүүнү пландаштырса, анда ага окутуу үчүн калыптандыруучу баалоого өзгөчө көңүл буруусу зарыл.

**Ашпозчу тамак жасап жатканда даамдаганы – бул калыптандыруучу баалоо, ал эми ошол тамактын ичилгени – бул жыйынтыктоочу баалоо.**



**Калыптандыруучу баалоо окутуу процессинин УЧУРУНДА окуп билим алууга өбөлгө түзөт.**

- ✓ Калыптандыруучу баалоо күн сайын ар бир сабакта колдонулат.
- ✓ Окуучунун окуганын түшүнүүсү калыптандыруучу баалоонун түрдүү ыкмаларын колдонуу менен сабак учурунда бир нече жолу текшерилет.
- ✓ Калыптандыруучу баалоо баа коюу үчүн эмес, окуу процессинде пайда болгон көйгөйлөрдү аныктоо үчүн жүргүзүлөт.
- ✓ Калыптандыруучу баалоонун натыйжалары мындан аркы окутууну пландаштыруунун каражаты болуп эсептелет.
- ✓ Калыптандыруучу баалоонун ыкмаларынын ар түрдүүлүгү жана аларды ишке ашыруунун универсалдуулугу окуучуларды окуу процессине шыктандырган түрдүү сабактарды пландаштырууга өбөлгө түзөт.
- ✓ Калыптандыруучу баалоо ар бир окуучунун натыйжалуу билим алуусуна шарт түзөт.

# 2. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУН КОМПОНЕНТТЕРИ

**Калыптандыруучу баалоо** – бул мугалимдин күнүмдүк ишинде 5 компонентти пландуу жана системалуу түрдө колдонуусу[2]:




Схема 1. Компоненты формативного оценивания

## 2.1. ЖЕКЕ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ ПРОЦЕССИНЕ ОКУУЧУЛАРДЫН АКТИВДҮҮ КАТЫШУУСУ



[2] П. Блэк, Д. Уильям. Кара куту: анын ичинде эмне бар? Окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу ыкмасы катары окуучулардын билимин баалоо.

Окуучулардын активдүү катышуусунун бир нече багыты бар. Алар:

- билим алуунун максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларды түшүнүүсү;
- окуучулардын баалоо критерийлерин билүүсү жана түшүнүүсү;
- мугалимдин окутуу ыкмаларын туура тандоосу.

## Окуучунун ар бир сабактын максатын жана күтүлүүчү натыйжаларын түшүнүүсү

Сабактын максатын түшүнүү окуучунун активдүү катышуучу болуусуна шарт түзөт. Күтүлүүчү натыйжалардын туюндурулушу окуучуларга түшүнүктүү болушу керек, анткени бара-бара окуучулар күтүлүүчү натыйжаларды аныктоого катыша башташат. Мугалим күтүлүүчү натыйжаларды окуучуларга сабактын башында доскада, экранда, ватманда же башка жол менен көрсөтө алат, коюлган максаттар сабактын жүрүшүндө дайыма мугалимдин көз алдында болуп, ага жетүү деңгээлин текшерип туруу мүмкүнчүлүгүн берет.

**Мисал.** Мугалим өтүлө турган жомоктун «Эки бир тууган» аттуу аталышын доскага жазып, окуучулардан аны үн чыгарып окууну өтүнөт. Андан кийин окуучулар менен биргеликте сабактын күтүлүүчү натыйжаларын аныктайт:

1. Жомоктун мазмунун түшүнүү.
2. Суроолорго жооп берүү.
3. Эки каармандын мүнөздөрүн салыштырып, алардын окшош жактарын жана айырмачылыктарын аныктоо.




> Сабактын аягында мугалим күтүлүүчү натыйжаларга кайра кайрылып, окуучулар менен биргеликте коюлган максаттарга канчалык деңгээлде жетишкендиктерин текшерүүсү зарыл.

Окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусунун дагы бир маанилүү багыты – бул **окуучулардын баалоо критерийлерин билип, түшүнүүсү**. Критерийлерди иштеп

чыгуу – баалоо процессин ачык-айкын жана бардыгына түшүнүктүү болуусун камсыздайт. Аларды окуучулар менен биргеликте иштеп чыгуу – окуучулардын баалоого карата позитивдүү мамилесин калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Баалоо критерийлери менен иштөө методикасы төмөнкү тартипте жүргүзүлсө болот:

1. Баалоо критерийлерин иштеп чыгуу (мугалим өзү же окуучулар менен биргеликте).
2. Тапшырманы берер алдында окуучуларга критерийлерди берүү, зарылчылык болгон учурда мазмунун түшүндүрүү.
3. Окуучулардын тапшырманы аткарып жаткан учурда баалоо критерийлерине кайрылып туруусу.
4. Иш-аракеттин натыйжасын көрсөтүү (окуу, айтып берүү, суроолорго жооп берүү, презентация өткөрүү ж. б.).
5. Мугалимдин же окуучулардын иш-аракетин критерийлер боюнча (өзүн-өзү же бирин-бири) баалоосу.

**1-мисал.** Мугалим окуучулар менен бирге «Эки бир тууган» жомогун кайра айтып берүү критерийлерин аныктайт:

1. Логикалык ырааттуулукта тексттин мазмунун толук айтып берүү.
2. Түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу.
3. Сөздөрдү кыргыз тилинин нормаларына ылайык басым жана интонация менен туура окуу.

**2-мисал.** Мугалим окуучулар менен биргеликте «Окурман театры» көнүгүүсү боюнча презентация үчүн төмөнкү баалоо критерийлерин иштеп чыгат:

1. Текстти (интоннация, тыным, басым жана тыныш белгилерин сактоо менен) көркөм окуу.
2. Окууну мимика же жаңсоолор менен коштоо.



Башталгыч класстардын окуучулары үчүн колдонулуучу ***баалоо критерийлери 3–5тен ашпашы керек*** (критерийлер окуучулар үчүн түшүнүктүү болуусу шарт).

Окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусунун дагы бир багыты – **бул мугалимдин окутуу ыкмаларын туура тандоосу.**

**Мисал.** «Эки бир тууган» жомогунун мазмунун окуучулардын толук түшүнүүсү үчүн мугалим «тыным жасап окуу» ыкмасын колдонот (текст менен иштөөдө «Окуганга чейин – Окуу учурунда – Окугандан кийин» стратегияларын колдонот, 5-модуль «Окуганын түшүнүү»).

Сабак учурунда мугалимдин ***оюн, издеп-табуу, көйгөйлөрдү аныктап, чечүү*** ыкмаларын колдонуусу окуучулардын активдүүлүгүн арттырат. Анын натыйжасында билим сапатынын көрсөткүчтөрүнүн деңгээли жогорулайт.

## 2.2. ӨЗҮН-ӨЗҮ ЖАНА БИРИН-БИРИ БААЛОО

Баалоо көндүмү – окуучуларга окутуу процессинде үйрөтүлүүчү турмушта зарыл болгон, өтө манилүү көндүмдөрдүн бири. Калыптандыруучу баалоо бул көндүмдү билим берүүнүн сапатына таасир тийгизе турган негизги көндүм катары колдонууну талап кылат. Каталарды байкоо, иш-аракетке карата баалоо критерийлерин колдонуу, классташынын жообун угуу – абдан татаал, бирок окуучуга зарыл болгон көндүм болуп эсептелет.

Баалоо ишмердүүлүгүнө болгон негизги талаптардын бири – бул окуучулардын өз натыйжаларын баалоо, каталарын байкоо жана түрдүү иштерге карата коюлган талаптарды билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу. Бул максатка жетүү үчүн өзүн-өзү жана бирин-бири баалоо ыкмаларын колдонуу шарт.





## Өзүн-өзү баалоо

Өзүн-өзү баалоо – бул өзүнүн күчтүү жана алсыз жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматтарды топтоп, талдоого багытталган процесс. Окуучунун өзүн-өзү баалоо көндүмү өз ишин бир катар критерийлер боюнча баалоонун негизинде калыптанууга тийиш. Аталган шартта гана окуучу өзүнүн ишин, ар бирине өзүнчө баалоо критерийи колдонулган, бир кыйла жөндөмдүүлүктөрдүн топтому катары көрө алат. Окуучу өзүнүн жетишкендиктерине өзү байкоо жүргүзө алат.

**1-мисал.** Мугалим «Эки бир тууган» жомогуна тиешелүү төмөнкү суроолорду алдын ала даярдап, кагазга жазып коёт. Жомоктун үзүндүсүн окугандан кийин суроолорду окуучуларга таратат же окуп берет, ар бир окуучу жоопторун өзүнө жазып алат.

- Окуя кайда болду?
- Бул жомокто ким же эмне жөнүндө баяндалат?
- Эмне үчүн __________ болду деп ойлойсуңар?
- Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар?
- Каармандар эмне болот?
- Бул үзүндүдө кандай ой камтылган?

Андан кийин мугалим туура жоопторду көрсөтөт же окуп берет, ал эми окуучулар өз жоопторун салыштырып, баалайт. Ошол эле учурда мугалим окуучулардын жоопторун калыптандыруучу баалоонун «жол чырагы» ыкмасын колдонот.

## Бирин-бири баалоо

Калыптандыруучу баалоо окуучуларга өтүлгөн материалды бири-биринин ишин баалоо аркылуу бышыктоого, бири-биринен үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Дагы бир артыкчылыгы – бул башкалар аткарган иштин күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо аркылуу өзүнүн жетишүүсүн талдайт.

Бирин-бири баалоонун түрлөрү:

- иштери менен алмашуу;
- атайын түзүлгөн план боюнча бири-бирин сурамжылоо;
- окуу көндүмдөрүн текшерүү;
- өз ара тапшырмаларды берүү.

**2-мисал.** Жуп менен окуу уюштурулат. «Окурман театры» көнүгүүсү үчүн иштелип чыккан критерийлер боюнча классташтар бири-биринин окуганын, «Эки жылдыз, бир каалоо» ыкмасынын негизинде баалашат.



Бири-бирин баалоону тез-тез колдонуу сунушталбайт. Окуучулар арасында келишпестик туулушу мүмкүн, анткени баалоочулар кайтарым байланыш берүү учурунда ката кетирүүлөрү ыктымал. Жуптарды тез-тез алмаштырып туруу зарыл.

## 2.3. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ

Кайтарым байланыш – бул коюлган максатка жетүүгө мүмкүнчүлүк түзө турган иш-аракеттер, жагдайлар, суроолор жана маселелер тууралуу билдирүүлөрдү жана комментарийлерди алуу. Окутуу жана окуу процесси кандай өтүп жаткандыгы жөнүндө түшүнүк берет, ар бир окуучунун билиминдеги жетишкендиктери жана жетишпегендиктери тууралуу маалымдайт. Кайтарым байланыш сый-урмат жана ак ниеттүү мамиледе жүргүзүлүп, окуучуларга туура жооп берүү жана каталарын оңдоо үчүн убакыт берилсе, окутуу жана окуу процесстеринин ийгиликтүү болуусун камсыздайт. Ал так, түшүнүктүү жана темага тиешелүү болуп, өз убагында өткөрүлүүсү зарыл. 8-модуль мына ушул «кайтарым байланыш» компонентине арналган.

## 2.4. ОКУУЧУЛАРДЫН ШЫКТАНУУСУНА БААЛООНУН ТААСИРИ

**Шыктандыруу** – бул белгилүү максаттарга жетүүнү камсыздоо үчүн иш-аракеттерге түрткү берүү процесси. **Ички умтулуу** – бул жеке каалоолор жана муктаждыктардын негизинде умтулуу. **Тышкы умтулуу** – бул демилге берүүнүн (мактоо, баалар, ардак грамоталар ж. б. у. с.) түрлөрүн камтыган айлана-чөйрөдөгү факторлордун негизинде умтулуу

Окуучулардын умтулуусун жогорулатып, шыктандыруу окутуу процессинде жүргүзүлүп турат. Ал түрдүү окутуу ыкмаларынын жардамы менен: балдардын окурмандык компетенттүүлүгүнө ылайык келген тексттерди тандоо, мугалимдин чыгарманы кызыктуу кылып сунуштоо жөндөмдүүлүгү аркылуу ишке ашырылат.

Окуучунун ички умтулуусу узак мөөнөттүк жана натыйжалуу болуп эсептелет. Ал окуучунун сунушталган материалга сүңгүп кирүүсүнө, негиздүү жооп берүүсүнө жана жогорку натыйжаларга жетишүүсүнө өбөлгө түзөт. Баалоо ишмердүүлүгүндө мугалим окуучунун предметти үйрөнүүгө карата ички умтулуусун калыптандырууну көздөөсү зарыл. Тышкы жана ички умтулуунун айкалышы мыкты натыйжаларга жетишүүнүн маанилүү шарты болуп эсептелет.

Мугалим окуучуну шыктандыруу учурунда төмөнкүлөргө көңүл буруусу зарыл:

1. Сабак учурунда баалоо коркуу сезимин туудурбастан, окуп-үйрөнүүгө демилге берүүсү тийиш. Жыйынтыктоочу баалоо окуучулардын коркуу сезимин туудурары жашыруун эмес. Жазуу ишинин алдында мугалим ага карата колдонула турган баалоо критерийлерин айтып, түшүндүрүүсү зарыл. Анткени баалоо ачык-айкын жүргүзүлүп, окуучулар эмнелер баалана турганын билүүлөрү керек.

2. Мугалим кайтарым байланышты өз убагында өткөрүп, жетишкендиктерди, иштин жакшы аткарылган жактарын белгилейт. Андан кийин каталарды жоюу боюнча так, түшүнүктүү кеңештерди жана аткарууга мүмкүн болгон сунуштарды берет.

3. Окуучуларга жоопту даярдоого убакыт берилет. Мугалим багыт берүүгө шашылбоосу тийиш. Мисалы, мугалим окуучуларга суроо бергенден кийин ой жүгүртүүгө 20 секунд убакыт берет, андан соң жооп берүүлөрүн өтүнөт. Эгерде суроо бир окуучуга берилсе, жоопту билген башка окуучулар айтпоосун өтүнүп, суроо берилген окуучуга жооп берүү мүмкүнчүлүгү берилүүсү кажет. Окуучу суроонун жообун билбесе, мугалим класстан жардам сураса болот.

4. Окуучулар менен жалпы класска тиешелүү көйгөйлөрдү талкуулоо жана келип чыккан кыйынчылыктарды чечүү жолдорун издеп табуу. Мисалы, жазуу ишин талдоо учурунда жалпы класс же бир нече окуучу бир эле тапшырманы аткарууда кыйналганы аныкталса, мугалим жалпы класс менен биргеликте келип чыккан көйгөйдү талкуулап, аны чечүү жолдорун иштеп чыгат. Көйгөйдү талкуулоодо мугалим кайсы окуучунун кыйыналып жатканын айтпайт. Мындай ыкма балдарга жаралган көйгөйдүн бир гана окуучуга тиешелүү эмес экенин билдирип, текшерүү иштерине карата коркуу сезимин жоёт.

5. Окуучуларды баалоо процессине тартып, өзүн-өзү жана бири-бирин баалоону колдонуу керек.

6. Айрым бир окуучунун баалоо натыйжаларын жалпы класстын алдында талдоого болбойт. Классташтарынын алдында алсыз жактарын талдоо жана кемсинткен сөздөр окуучунун таанып-билүү процессине болгон кызыгуусун жоготот. Аткарылган иштин сапатын талкуулоо учурунда окуучуну кемсинткен жана анын аброюна шек келтирген сөздөргө мугалим жол бербеши керек. Кайтарым байланышты туура уюштуруу окуучунун мугалимге жана окууга болгон ишенимин арттырат.
7. Баалоодо алгач окуучунун ийгиликтерин белгилеп айтып, андан кийин гана көйгөйлүү нерселерди талкуулоо керек. Кайтарым байланыштагы терс баалоо окуучунун өзүнө эмес, анын ишине тиешелүү болуусу кажет. Анткени натыйжада окуучу өзүнүн жетишкендиктерин көрүп, жазуу иштерине болгон мамилеси оңолот. «Ката» сөзүн колдонбоңуз, анткени ал окуучунун өзүнө болгон ишенимин төмөндөтөт. Анын ордуна «менин бир суроом бар», «менин оюмча, бул ишти мындан да жакшыртса болот», «мындан да жакшы аткарууга күчүң жетет» ж. б. у. с. сөздөрдү колдонсо болот.
8. Окуучу көйгөй пайда болгон учурда, ага жардам берилерине ишенүүсү зарыл. Окуучуга түшүнүксүз текстти же тапшырманы түшүнүүгө жардам берериңизди билдириңиз.

Окуу процессинде кызыгуу абдан маанилүү орунду ээлейт. Адабий жана илимий-популярдуу тексттерди окууга карата окуучунун ички умтулуусун калыптандыруу үчүн мугалим кызыктуу тексттерди, окутуунун жана баалоонун интерактивдүү ыкмаларын колдонуусу зарыл.

## 2.5. БААЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ОКУТУУ ПРОЦЕССИН ОҢДОП-ТҮЗӨӨ



Сабак учурунда мугалимдин ишмердүүлүгүн оңдоп-түзөөсү жана өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү колдонуусу окуучулардын жетишкендиктерин жогорулатууга жардам берет.

Окутуу материалдарын түшүнүү деңгээлин жогорулатуу үчүн мугалим төмөнкү суроолорду коюш керек:

- Окуучулардын кимисине азыр өзгөчө көңүл буруу зарыл?
- Окуучулардын кимисине материалды түшүндүрүү үчүн башка ыкма, тапшырма же көнүгүү колдонуу зарыл?
- Кайсы окуучулар жаңы материалды өздөштүрө алган жок?

**Мисал.** Мугалим окуучулардын бирин-бири баалоолоруна байкоо жүргүзүү менен («Окурман театры» көнүгүүсү) 25 окуучунун 10у өздөрүнүн сценарийлерин көркөм окуй албагандыгын, 7 окуучу окуу учурунда тыныш белгилерине көңүл бурбагандыгын аныктады. Натыйжада мугалим бул көнүгүүнү аткаруу үчүн төмөнкү кадамдардан турган даярдык иши талап кылынары жөнүндө тыянак чыгарды:

1. Мугалим окуучулар менен бирге «Окурман театры» көнүгүүсү үчүн белгиленген эки критерийди кайрадан карап чыгат.
2. Мугалим окуучулар менен биргеликте көркөм окуу учурунда тыныш белгилерин сактоо эрежелерин кайталайт.
3. Мугалим эки критерийди эске алуу менен окуучуларга текстти көркөмдөп окуп берет.
4. Окуучулар жуптарда ролдошуп окуйт. Окугандан кийин окуучулар бири-бирине эки критерий боюнча кайтарым байланыш берет.
5. Мугалим жогоруда белгиленген 17 окуучунун ишине байкоо жүргүзүп, окуу көндүмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган кошумча тапшырмаларды берет.

Баалоо натыйжаларын эске алуу менен окутуу процессин оңдоп-түзөө процесси төмөнкүлөргө өзгөртүүлөрдү киргизет:

- **окутууну уюштуруу формасына** – мисалы, фронталдык окутуу формасын гана колдонбостон, топтук, жеке формаларын же аталган үч формасын тең колдонуу;
- **окутуу усулдарына жана ыкмаларына,** окуучулардын маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүнө (көрүү, угуу, сөз, кыймыл аркылуу, 1-модулду, «Тыбыштык кабыл алуу» караңыз), темпераментине (сангвиник, флегматик, меланхолик, холерик), умтулуусуна жана даярдык деңгээлине жараша окутуу ыкмаларын тандаса болот;
- **сабактын этаптарына убакытты бөлүү** – эгерде үй тапшырмасын текшерүү учурунда мугалим окуучулардын материалды жетишсиз деңгээлде өздөштүргөнүн аныктаса, өтүлгөн материалды түшүнүү деңгээлин жогорулатуу үчүн сабакты этаптарга бөлөт;
- **дифференцирленген тапшырмалардын деңгээли** (мугалим окуучулардын даярдыгына, өз алдынчалыгына жана кызыгуусуна жараша мазмунду, окуу процессин жана андан алынган натыйжаларды дифференцирлейт);
- тапшырмалардын же көнүгүүлөрдүн, мазмунун, көлөмүн окуучунун даярдыгына, өз алдынчалыгына жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө жараша уюштуруу;
- **окуучулардын топторун кайрадан түзүү** (топтор окутуу процессинде келип чыккан көйгөйлөргө жана алардан алынган натыйжалардын деңгээлине карай кайрадан түзүлүүсү мүмкүн).

# 3. САБАКТА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУ КОЛДОНУУ



Калыптандыруучу баалоо окутуунун максаттары жана сабактын этаптарынан күтүлүүчү натыйжалар менен тааныштыруудан башталат. Сабактын этаптарын SMART критерийлерин[3] эске алуу менен иштеп чыгуу сунушталат. Мугалим күтүлүүчү натыйжалар менен окуучуларды тааныштыргандан кийин милдеттүү түрдө *талкуулап, окуучулардын түшүнгөнүн текшерүүсү зарыл*. Ал үчүн төмөнкү тактоочу суроолор колдонулушу мүмкүн:

- Сабактын аягында эмнелерди билип калат экенбиз?
- ... жөнүндө кандай жаңы нерселерди үйрөнөт экенбиз?

Мугалим окутуунун максаттарын түшүндүргөндөн кийин дароо бир нече окуучунун жообун угат. Бул этапты экиге бөлсө болот:

1) окуучулардан күтүлүүчү натыйжаларды жуптарда талкуулоону өтүнүү;
2) бир нече жуптун жоопторун угуу.

Сабактын ар бир этабында мугалим үзгүлтүксүз байкоо жүгүзүп, мезгил-мезгили менен суроо, тапшырма берүү аркылуу окуучулар коюлган максаттардан алыстабагандыгын текшерет.

Түшүнбөй калган окуучулар болсо, мугалим аларга багыт берүү, башка окуучуларды талкууга тартуу, кайрадан түшүндүрүү же болбосо окутуунун башка ыкмасын колдонуу аркылуу жардам берип, окуу процессине катышуусун камсыз кылуусу керек.

[3] S (Specific) – конкреттүү, спецификалуу;
M (Measurable) – ченеле, өлчөнө турган;
A (Achievable) – жетишиле, ишке ашырыла турган;
R (Relevant) – тиешелүү; байланыштуу;
T (Time-bound) – убактысы аныкталган.
SMART критерийлери боюнча кененирээк «Балага багытталган окутуу» модулунан тааныша аласыздар.

Бул этаптар үчүн эң натыйжалуу ыкмалар болуп **«Кол ишараты», «Жол чырагы», «Калыптандыруучу тест», «Муштум жана манжалар», «Хор менен жооп берүү»** ж. б. эсептелет («Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары» бөлүгүн караңыз).

**Калыптандыруучу баалоо** окуу процессинде айрым окуучулардын түшүнбөөсүн же катышпоосун аныктап, алдын алууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, мугалим тапшырма/суроо бергенде окуучулардын активдүү гана бир бөлүгү дайыма дароо жооп берүүгө даярдыгын көрсөтөт. Ошол эле учурда, калган окуучулар берилген тапшырманын/суроонун жообун ойлонуп, табууга жетишпей калышат. Мугалим окуу материалынын негизги учурларына тийиштүү суроолор берилген убакта, мындай жагдайлардын алдын алуусу зарыл. Бул көйгөйдү чечүү үчүн мугалим калыптандыруучу баалоонун **«20 секунд», «Сыйкырдуу таякчалар»** ыкмаларын колдоно алат.

Окуучулар жооп берип жатканда алардын материалды түшүнгөнүн текшерүү үчүн калыптандыруучу баалоону колдонуу абдан маанилүү. Текшерүү үчүн мугалим **«Эмнеге?», «Кантип?»** ж. б. суроолорду колдонот. Бул суроолор окуучуну өзүнүн жообуна негиз табууга шыктандырат. Берилген суроолорго жооп берип жатып, окуучулар кетирген каталарын аныктап, оңдой алышат.

Сабактын аягында окуучулардын түшүнгөндүгүн текшерүү – мугалим үчүн эң маанилүү этап. Алынган натыйжаларды талдоо төмөнкүлөрдү аткарууга мүмкүнчүлүк түзөт:

- окуу материалдарынын окуучулар үчүн оор бөлүктөрүн аныктоо жана аларды чечүү үчүн ишти тиешелүү түрдө пландаштыруу;
- айрым кыйналган окуучуларды же окуучулардын белгилүү бир тобун аныктап, алар менен өзүнчө иш алып барууну пландаштыруу;
- теманы улантуу же кайра башынан түшүндүрүү чечимин кабыл алуу.

Бул маселени чечүү үчүн **«Суроолор токтоочу жай», «Жыйынтыктоочу суроолор»** ж. б. у. с. калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдонуу зарыл.

Үй тапшырмасын текшерүү, өтүлгөн теманы кайталоо учурунда калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдонуу ар бир окуучунун окуу процессине (чыгарманы талкуулап, талдоого) сүңгүп кирисүүнө олуттуу таасирин тийгизет.

Окуучу жооп берип жаткан учурда анын түшүнгөнүн кайрадан текшерүү үчүн калыптандыруучу баалоону колдонуу зарыл. Бул максатта мугалим калыптандыруучу баалоонун бир кыйла түрүн колдоно алат: өзүн-өзү текшерүү, бири-бирин текшерүү. Муну аткарууда ишти текшерүүнүн критерийлерин окуучуларга милдеттүү түрдө көрсөтүү кажет.

Сабактын бул этабында мугалим **«Суроолор айлампасы», «Кар тобу», «Эки жылдыз, бир каалоо»** ж. б. ыкмаларды колдоно алат.

# 4. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН КАТТОО




Калыптандыруучу баалоо окутуу процессинде жүргүзүлөт, бирок мугалим баа койбойт. Топ менен иштөө учурунда мугалим тапшырманы кандай аткарып жатышкандыгына байкоо жүргүзүү менен окуучуларды баалай алат. Төмөндөгү таблица окуу сабактарында окуучулардын жетишүүсү жөнүндө берилген маалымат чогултуунун мисалы катары берилет:

Таблицада окуучулардын окурмандык компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээли менен чакан топтордо ишке катышуу деңгээли жөнүндөгү маалымат киргизилген. Чогултулган маалыматтын негизинде мугалим кийинки кадамын – кайтарым байланыш жүргүзүүнү жана өзүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ишке ашырат.

Мугалимдер бул таблицаны өз сабактарынын күтүлүүчү натыйжаларына жараша, баалоо критерийлери менен көрсөткүчтөрдү(индикторлорду) каалаганындай ыңгайлаштырып колдонушса болот.

Таблицанын, башкача айтканда, калыптандыруучу баалоо боюнча маалыматтарды топтоо бланкынын формасы модулдун 1-тиркемесинде берилди.

## Калыптандыруучу баалоо боюнча маалыматтарды топтоо бланкы

Классы: 4　　　　　　　　Күнү: 17.04.2018

| | Баалоо индикаторлору | Критерийлер | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ★ – Жардамга муктаж эмес<br>□ – Аткарылуучу иш-аракеттерге көрсөтмөлөрдү берүү<br>△ – Көз карандысыз иш жүргүзүү | Туура окуу | Окуу учурунда тыныш белгилерин сактоо | Окуу ылдамдыгы | Көркөм окуу | Топторго бөлүнүүгө активдүү катышуу | Топтун башка мүчөлөрүнө жардам берүү | Презентацияга катышуу | Топтордо иштөө эрежелерин сактоо | Тапшырманы аткарууга активдүү катышуу | Баалоолорду презентациялоодо суроо берүү жана жооп бере билүү |
| | Окуучунун аты-жөнү | | | | | | | | | | |
| 1 | Азимова Асылгүл | ★ | ★ | ★ | ★ | ★ | ★ | △ | △ | △ | △ |
| 2 | Аматова Дарика | △ | △ | □ | △ | | | | | | |
| 3 | Бактыбеков Максат | □ | △ | □ | △ | □ | □ | □ | □ | △ | △ |
| 4 | Досмуратова Мээргүл | □ | □ | □ | ★ | | | | | | |
| 5 | Саматова Замира | ★ | ★ | □ | ★ | | | | | | |
| 6 | Төлөпбекова Алина | △ | △ | △ | △ | △ | △ | △ | △ | □ | □ |
| 7 | Тынаев Медер | △ | △ | △ | □ | △ | △ | □ | □ | △ | △ |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |

# 5. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛОНУН ЫКМАЛАРЫ

Калыптандыруучу баалоонун бир нече ыкмалары бар. Алардын жардамы менен мугалим окуучулардын окуу процессине катышуу жана түшүнүү деңгээлин текшере алат. Окуучулардын жоопторун кылдаттык менен талдоонун негизинде мугалимдер окуучулардын түшүнбөй калгандарын толуктап, артта калуусун жоюуга жардам бере алат.

## 5.1. А. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУН ЫКМАЛАРЫ (аткаруу тартиби)

### Кар тобу

Бул көнүгүү бөлүмдүн аягында же жаңы бөлүмгө өтөрдүн алдында окуучулар эмнелерди үйрөнүп, билгендигин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Кар тобу – окуучулардын буга чейинки билимдерин активдештирүүнүн же өтүлгөн материалдарды кайталоонун көңүлдүү ыкмасы.



**Аткаруу тартиби**

Мугалим класстагы окуучулардын санына жараша барактарды даярдайт.

1. Теманын аталышын айтып, окуучуларга бул тема боюнча билгендерин (жекече) эстөөгө убакыт бериңиз.
2. Мугалим окуучулардан жуптарда талкуулап, тема боюнча өтүлгөн материалдарды бири-биринин эсине салууларын өтүнө алат (жуптарда талкуулоо теманын окуучулардын эсинде калуусун камсыз кылат).
3. Ар бир окуучуга жарым барактан кагаз таратылып, бул тема боюнча билген ырастоолорун же фактыларын жазуу тапшырмасы берилет.
4. Жазып бүткөндөн кийин кагазды кар тобу сыяктуу тоголоктоштурушат. Үчкө чейин санаганда окуучулар «кар топторун» белгиленген жерге: доскага чийилген тегерекчеге, кутуга же чакага ыргытуулары зарыл.
5. Андан кийин окуучулар тегерек болуп туруп, бирден «кар тобун» алып, ичинде жазылгандарын кезек менен окушат. Ар бир жазуу окулгандан кийин мугалим окуучулардан ырастоонун же далилдин туура же туура эмес экендигин аныктоону сунуштайт. Бир «кар тобу» менен эле бир нече окуучунун пикирин билүү зарыл. Туура жазылган мисалдар бир баракка көчүрүлүп жазылат. (Мугалим бул учурда «Билем – билгим келет – билдим» схемасын да колдоно алат.) Тема боюнча туура эмес жазылган мисалдар болсо, катасын жоюу үчүн бул эң ыңгайлуу мүмкүнчүлүк.

Кошумча вариант: бул көнүгүү ар бир окуучу кагазга тема боюнча суроо жазуу түрүндө дагы өткөрүлүүсү мүмкүн. «Кар тобун» алган окуучу анда жазылган суроого жооп берүүсү керек. Убакытты үнөмдөө үчүн жооптор жазуу түрүндө болот.

## Жол чырагы

Окуучулардын түшүнүүсүн текшерип туруу үчүн мугалим ар бир окуучуга же ар бир топко төмөнкүдөй тегерекчелерди таратып бериши мүмкүн. Мугалим окуучуларга тегерекчелер эмне үчүн колдонуларын жана эмнени билдирерин түшүндүрөт.




### Аткаруу тартиби

1. Ишти аткаруу учурунда мугалим окуучулардан тегерекчелерди көрсөтүүнү өтүнөт. Тегерекчелердин кайсынысын көрсөтүү керектигин  окуучулардын ар бири өзү чечет.
2. Кызыл тегерекче (лерди) көрсөткөн окуучу(лар)га мугалим жардам берүүсү тийиш. Мугалимдин жардамы багыт берүүчү суроо, эске салуу, үлгү же мисал түрүндө болуусу тийиш.
3. Андан кийин мугалим сары тегерекчелерди көрсөткөн окуучулар тапшырманы кандай аткарып жаткандыгын текшерет. Талап кылынса, аларга дагы кеп-кеңеш, суроо же комментарий түрүндө кайтарым байланыш берет.
4. Мугалим жашыл тегерекчелерди көрсөткөн окуучулардын ишине да байкоо жүргүзөт. Тапшырманы туура эмес аткаргандар болсо аларга да багыттама түрүндө жардам берет.

## Жооп барагы

Жооп барагы – бул окуучулар адатта сабактын аягында толтура турган жарым барак өлчөмүндөгү карточка. Мугалим окуучуларга суроо берип, жоопторун карточкаларга жазып, кайра тапшырууну өтүнөт. Окуучулардын жоопторун талдап, мугалим кимиси теманы түшүнгөнүн, кимисине кошумча түшүндүрүү керек экендигин аныктайт. Бул ыкма мугалимге кийинки сабакты окуучулардын муктаждыктарына жараша ылайыкташтырууну (тиешелүү ыкмаларды тандоо, жеке тапшырмаларды даярдоо) мүмкүнчүлүгүн берет.

### Аткаруу тартиби

1. Негизги суроону аныктап алыңыз. Окуучуларга ойлонууга убакыт бериңиз.
2. Сабактын аягында суроону доскага жазыңыз. Окуучулар жоопторун «жооп барагына» жазуулары үчүн 3–5 мүнөттөй убакыт бериңиз.
3. Сабак аяктаганда окуучулардын «жооп барактарын» чогултуп алыңыз.
4. «Жооп барактарын» окуп чыгып, эки топко: түшүнгөн окуучулардын барактарын өзүнчө, түшүнбөгөн окуучулардыкын өзүнчө бөлүңүз. Талдоонун натыйжасын кийинки сабакты пландаштыруу үчүн колдонуңуз.

«Жооп барагы» сабак учурунда эң түшүнүксүз, чаташтырган көйгөйдү аныктоо үчүн ыкчам стратегия болуп эсептелет. Окуучулардан сабак учурунда пайда болгон такыр түшүнүксүз, чаташтырган суроону жазууларын өтүнүңүз. Алардын жазгандарын талдоонун негизинде кийинки сабакта байкоо жүргүзүүнү жана/же кайра түшүндүрүүнү пландаштырыңыз.

## Суроолор токтоочу жай

**«Суроолор токтоочу жай»** ыкмасы – бул окуучулардын сабак учурунда пайда болгон суроолору жана идеялары үчүн алдын ала даярдалган жай. Мындай жайды уюштуруу үчүн тактанын бир бөлүгү, дубалга жабыштырылган ватман же стикерлер колдонулат. Бул «токтоочу жайга» окуучулар өз суроолорун, жардам берүү же кошумча практика боюнча өтүнүчтөрүн калтыра алышат. Ошону менен бирге, «Суроолор токтоочу жай» окуучулардын байкоолору, көз караш жана ой-пикирлери менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүн да берет. Бул ыкма окуучулар кандай окуганын, алардын ой-пикирлерин, кандай кыйынчылыктарды сезгендерин билүү үчүн ченем-куралы катары кызмат кылып, көп убакытты талап кылбайт. Мугалим үчүн окуучулардын идеялары каралып чыгып, кийинки сабакта ал суроолорго жооп бериле тургандыгын ырастоо үчүн эң ыңгайлуу ыкма.



## Сыйкырдуу таякчалар

Мугалимдер айрым бир окуучуларды кайра-кайра суроолорго жооп берүү үчүн чакыра беришкенин өздөрү да байкабай калышат. Мындай жагдай окуучулардын же байкоочулардын көзүнө дароо илинет. Кээ бир окуучулар муну билип туруп, мугалимдин суроосун укпай да коюшат. Мугалимге бул көйгөйдү чечүү үчүн окуучулардын аттары жазылган таякчалар жардамчы болуп, ар бир окуучунун сабакка активдүү катышуусун камсыздайт. Бул абдан жөнөкөй, бирок өтө натыйжалуу стратегия.



Ар бир окуучунун атын таякчага жазып коюңуз. Бул ишти окуучулар менен биргеликте аткарса болот. Таякчаларды стаканга же банкага салып коёсуз.

Сабак учурунда мугалим суроо берип, идиштен бир таякчаны алып чыгат. АДЕГЕНДЕ суроо берүү керек, анткени суроонун алдында бир окуучунун аты аталып калса, башка окуучулар суроону укпай коюшат. Окуучу жооп бергенден кийин, анын аты жазылган таякча кайра идишке салынат. Эгерде мугалим таякчаны четке алып койсо, окуучу башка суроо берилбейт экен деп, сабакка көңүл бурбай калат.


«Сыйкырдуу таякчалар» – сабак учурунда тапшырма берүү үчүн жакшы ыкма жана бардык окуучулардын катышуусун камсыздайт. Мугалим идиштен таякчаларды карабай туруп алып чыгышы мүмкүн. «Сыйкырдуу таякчаларды» текстти кезектешип окууда да колдонсо болот: биринчи, экинчи, үчүнчү, ... болуп ким окуйт?

## 5.2. Б. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУН ЫКМАЛАРЫ (кыскача түшүндүрмө)[4]


| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **Жыйынтыктоочу суроолор** | Мугалим мезгил-мезгили менен окуучулардан төмөнкү тапшырмаларды аткарууну өтүнөт:<br>• бөлүмдүн аягында түшүнгөн негизги ойду үч сүйлөм менен жазгыла;<br>• ошол эле барактын артына – түшүнбөй калгандарын суроо же ырастама түрүндө жазгыла. |
| **20 секунд** | Мугалим окуучуларга негизги бир суроону берип, ойлонууга 20 секунд убакыт берет. Бул ыкма окуучулардын баарына тереңирээк ойлонуп жооп берүүсүнө жардам берет. Көп учурда мугалим суроо бергенден кийин дароо жооп алууга өтөт, адатта класста 4–6 окуучу гана тез жооп берүүгө даяр; мындай жагдай башка окуучулардын тереңирээк ойлонуп жооп табуусуна тоскоолдук кылат[5]. |
| **Эки жылдыз, бир каалоо** | Мугалим окуучуларга аткарган иштери менен алмашып, өнөктөшүнүн жазуу ишин текшерүүнү сунуштайт. Текшерүү учурунда окуучу өнөктөшүнүн ишиндеги критерийлерге жооп берген же өтө жаккан эки нерсени белгилеп, ар биринин жанына жылдыздын сүрөтүн тартат. Ошондой эле оңдоп-толуктоону талап кылган бир учурун белгилеп, жанына сунушун жазат же оозеки айтат. Текшерүү аяктагандан кийин жуптар натыйжаларды өз ара талкуулашат, адегенде жакшы жактары – «жылдыздар» – айтылат, андан кийин «сунуш» айтылат. Жуптар өз иштерин кайтарып алып, сунуштардын негизинде, бөлүнгөн убакыт ичинде оңдой алышат. Кийинки баалоону мугалим жүргүзөт. |

[4] Адаптацияланган булактар: Lambert, K. OCPS Curriculum Services, April, 2012 and Dodge, Judith. 25 Quick Formative Assessments for the Differentiated Classroom. Scholastic, 2009.

[5] Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство/Сост. Р. Х. Шакиров, А. А. Буркитова, О. И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012.

<table>
<tr><th>Ыкманын аталышы</th><th>Кыскача түшүндүрмөсү</th></tr>
<tr><td>Кол ишараты</td><td><table>
<tr><th>Баш бармак өйдө</th><th>Баш бармак капталды көздөй</th><th>Кол булгалоо же баш бармак ылдый</th></tr>
<tr><td>Мен түшүндүм, түшүндүрө алам.<br></td><td>Түшүнгөнүмө күмөнүм бар, толук түшүнүү үчүн мага кошумча жардам керек.<br></td><td>Мен али түшүнгөн жокмун.<br></td></tr>
</table></td></tr>
<tr><td>Суроолор айлампасы</td><td>Мугалим классты 4 окуучудан чакан топторго бөлөт.<br><br>Ар бир топ үй тапшырмасы боюнча суроо даярдайт. Ага 1 мүнөт убакыт берилет. Мугалим суроолорду төмөнкү сөздөрдү катыштырып түзүүнү сунуштайт: кантип, ким, эмнеге, эмне болду, автор … кантип баяндады? Автордун … карата мамилеси кандай?<br><br>Биринчи топ экинчи топко суроо берет, жооп берүүгө 2 мүнөт убакыт берилет. Жооп берген топ кийинки топко өз суроосун берип, иш ушундай ырааттуулукта уланат. Көнүгүү суроолордун баары берилип, биринчи топ жооп бергенде аяктайт.</td></tr>
<tr><td>Үч мүнөттүк эссе</td><td>Үч мүнөттүк эссе – бул 2–3 мүнөттүн ичинде жооп берүүгө мүмкүн болгон белгилүү максатты көздөгөн суроо. Окуучуларга өтүлгөн материалды маани берип түшүнүүгө жана үйрөнгөндөрү менен өз тажрыйбасынын ортосунда байланышты түзүүгө түрткү берген суроолорду колдонуңуз.</td></tr>
<tr><td>Окшоштуктар</td><td>Окуучуларга окшоштуктарды аныктоо боюнча суроолорду берүү алардын түшүнгөнүн билүүгө жол ачат. Алар жаңы үйрөнгөндөрү менен мурдатан билгендеринин ортосундагы окшоштуктарды аныктоолору зарыл. Мугалим окуучуларга багыт катары төмөнкү сүйлөм түзүлүшүн колдонууну сунуштай алат:<br><br>ААА… БББга окшош, анткени…</td></tr>
<tr><td>Туура-туура эмес</td><td>Мугалим окуучуларга белгилүү бир түшүнүк, принцип же процесс жөнүндө жалпысынан же алдын ала билүүгө мүмкүн болгон туура эмес маалымат берет.<br><br>Мугалим окуучулардан берилген маалымат менен макул же макул эмес экендигин, анын себептерин түшүндүрүп берүүсүн өтүнөт.</td></tr>
</table>

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
| --- | --- |
| **Маек** | Окуучулардын түшүнгөнүн жеке маектешүү же окуучулардын чакан топтору менен маектешүү аркылуу баалоо мүмкүн. Маектин алдында күтүлүүчү натыйжаларга шайкеш келген атайын суроолорду түзүп алыңыз.<br><br>Маек учурунда жоопторду кыскача жазып же сүрөт түрүндө белгилеп алыңыз да, окутууну пландаштыруу учурунда колдонсоңуз болот. |
| **Үч мүнөттүк тыным** | Үч мүнөттүк тыным окуучуларга тыным жасап, жаңы өткөн түшүнүк же идеялар жөнүндө ой жүгүртүү, буга чейинки билимдери менен байланыштыруу жана түшүндүрмө алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ой-пикирлерин же тактоочу суроолорду берүү үчүн мугалим окуучуларга төмөнкү алдын ала даярдалган конструкцияларды колдонууну сунуштайт:<br>• Мен ... карата өз мамилемди өзгөрттүм.<br>• Мен ... болгонун/экенин билдим.<br>• Мен ... таң калдым.<br>• Мен ... сездим.<br>• Мен ... байланыш түздүм. |
| **Муштум жана манжалар** | Мугалимге тез жана дароо баалоо керек болгон учурда «Муштум жана манжалар» ыкмасын колдонуу абдан ыңгайлуу.<br><br>Мугалим окуучуларга суроо берип, түшүнүү деңгээлин манжалардын жардамы менен көрсөтүүнү сунуштайт.<br><br>Окуучу 1 манжасын көрсөтсө, теманы түшүнбөгөнүн, кошумча маалымат жана жардамга муктаж экендигин билдирет.<br><br>Эгерде окуучу жакшы түшүнө баштаса 3–4 манжасын көрсөтөт. Ал эми окуучу окуу материалын толугу менен өздөштүрүп түшүнсө, 5 манжасын муштумга түйүп көрсөтөт. Бул ыкманын жардамы менен мугалим окуучулардын материалды өздөштүрүү деңгээлин билип, окутууну тиешелүү түрдө ыңгайлаштыра алат. |
| **Портфолио** | Мугалим окуучунун портфолиосунун өнүгүүсүн текшерет.<br><br>Портфолио – бул окуучунун аткарган маанилүү иштеринин арасынан кылдаттык менен тандалып алынган иштеринин топтому. Ар бир ишине аткарылган күнү белгиленет. Анын жардамы менен окуучунун белгилүү багыттарда, мисалы, окууда, жазууда ж. б. жетишкендиктеринин жогорулашы же өнүгүүсү аныкталат.<br><br>Адатта портфолиого окуучу эмне үчүн дал ушул ишин тандап кошкону, көндүмдөрүнүн же жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн кантип чагылдырары тууралуу окуучунун жазуу түрүндөгү жеке ой-пикирлери киргизилет. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **Блиц-тест** | Блиц-тест – маалымат, түшүнүк жана белгилүү көндүм боюнча окуучулардын билимдерин баалоо үчүн колдонулган кыска тест. Жалпы эреже катарында, суроого эң мыкты бир жооп болуусу тийиш. Блиц-тестти төмөнкү формалардан түзүү мүмкүн:<br>• Көп варианттуу жоопторду камтыган тест.<br>• «Ооба же жок» тести.<br>• Шайкештиктерди аныктоо тапшырмасы.<br>• Кыска жоопту талап кылган суроо. |
| **Журналдагы жазуу** | Мугалим кыска жазуулар үчүн журнал ачат. Окуучулар теманы, жагдайды же сабакты түшүнгөндөрү тууралуу журналга кыскача жазышат. Жазылгандарды окуп чыгып, өткөн сабактын темасын окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн билет. |
| **Хор менен жооп берүү** | Мугалимдин суроосуна окуучулардын баары бир убакытта хор менен жапырт жооп беришет. Ошондой эле окуучулар мугалим айтканды чогуу кайталоолору да мүмкүн. Бул ыкма окуучулардын ар бирин баалоо процессине катышууга шыктандырат. |
| **Спиннер** | Мугалим сүрөттө көрсөтүлгөндөй, жебеси менен спиннер жасап, анын бетин төрткө бөлөт. Бөлүктөр «Божомолдоо», «Түшүндүрүү», «Жалпылоо» жана «Баалоо» сөздөрү менен бегиленет. <br>Адегенде мугалим спиннерди колдонуунун максатын түшүндүрөт; айландыргандан кийин жебе кайсы бөлүккө токтосо, окуучудан ошого ылайык жооп берүүнү өтүнөт. Мисалы, жебе «Жалпылоо» бөлүгүнө түшсө, мугалим окуучудан өтүлгөн материалдын негизги идеяларын айтып берүүнү өтүнүүсү мүмкүн. |
| **Кош тегерек** | Окуучулар эки катар болуп, тегерете – ички тегеректегилер, тышкы тегеректегилерге бетме-бет турушат. Ар бир жуптагылар бири-бирине алдын ала даярдалган суроолорду беришет. Тышкы тегеректеги окуучулар жылып, башкалар менен жуп түзүп, бири-бирине суроо берүүнү улантат. |
| **Окурман театры** | Мугалим окуучулардан тандалып алынган чыгарманын негизинде сценарий түзүп, оюн коюуну өтүнөт. |
| **Бир сүйлөм менен жалпылоо** | Мугалим окуучулардан өтүлгөн тема боюнча «ким, эмне, качан, кайда, эмнеге, кантип» деген суроолорго жооп берген жалпылоочу бир сүйлөм түзүп, жазууну сунуштайт. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **Бир сөз менен жалпылоо** | Өтүлгөн теманы жалпылоо үчүн эң ылайык болгудай бир сөз тандалат (же ойлонуп табылат). |
| **Мен-сен-биз** | Мугалим окуучуларга суроо берет. Ар бир окуучу өз жообун туюндуруп, жуптагы өнөктөшү менен алмашат. Мугалим каалаган окуучуларды чакырып, алар өз жоопторун жалпы класс менен бөлүшөт. |
| **Оозеки сурамжылоо** | ___________ __________ **эмнеси менен окшош/айырмаланат?**<br>____________________ **мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кандай?**<br>___________________ **башкача кантип көрсөтсө болот?**<br>___________________ **негизги идеясы, накыл-насааты эмнеде?**<br>_____________ _____________________ **кандайча байланышат?**<br>_________________________ **мисал келтир.**<br>____________________________ **эмнеси туура эмес?**<br>____________________ **кандай корутунду чыгарса болот?**<br>**Кайсы суроого жооп табышыбыз зарыл? Кайсы көйгөйдү чечүүбүз керек?**<br>_____________________ **болсо, эмне болот?**<br>__________ **баалоо үчүн кайсы критерийлерди колдонсок болот?**<br>____________________ **кайсы далилдер туура экенин билдирет?**<br>**Кандай варианттарды кароо зарыл?** |
| **Орун ээле же төрт бурч** | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча коюлган ырастоого өзүнүн жеке мамилесине жараша бурчтардан орун ээлешет:<br>• 1-бурч: ырастоо менен толук макул;<br>• 2-бурч: ырастоо менен макул;<br>• 3-бурч: макул эмес;<br>• 4-бурч: кескин түрдө макул эмес.<br>Окуучулар тиешелүү бурчтардан орун алгандан кийин мугалим түрдүү ой-пикирлерди талкуулоону сунуштайт. Окуучуларга талкуу учурунда же анын натыйжасында башка бурчтан орун ээлөө мүмкүнчүлүгү берилет. |
| **Түшүнүксүз** | Бул ыкма окуучулардын өтүлгөн материалды түшүнүү деңгээлин аныктоого жардам берет. Адатта, бул көнүгүүнү аткарууга 1 мүнөт убакыт берилет, бирок, мугалим коюлган суроого жооп даярдоо үчүн окуучуларга көбүрөөк убакыт берүүсү мүмкүн. Бул көнүгүү боюнча (адатта сабактын аягында же жаңы теманы өтөрдө) мугалим окуучуларга «Бүгүнкү сабактын кайсы бөлүгү түшүнүксүз болду?» – деген суроону берет. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **3-2-1** | Жалпылоонун бул стратегиясы сабакты аяктоонун мыкты ыкмасы болуп эсептелет. Мугалим окуучулардан сабакта үйрөнгөн үч нерсени, алар үчүн кызык болгон эки нерсени жана суроо туудурган бир нерсени атап берүүлөрүн өтүнөт.<br>**Варианттар:**<br>• ______________________ортосундагы 3 айырмачылык; ___________ _____________ көрсөткөн 2 таасири; өтүлгөн тема боюнча мугалимге 1 суроо;<br>• 3 маанилүү факт, 2 кызыктуу факт, 1 корутунду;<br>• 3 негизги сөз, 2 жаңы сөз, ой жүгүртүүнү талап кылган 1 факт.<br>• текст боюнча 3 суроо (бейтааныш сөздөр, түшүнүксүз үзүндү же идеялар), текст боюнча 2 божомол (текст боюнча кийин эмне болору жөнүндө), күнүмдүк турмушта болгон нерселер менен 1 байланыш (окулган нерсе менен жеке тажрыйбасынын ортосунда байланыш түзүү). |
| **Тез жооп берүү** | Бул стратегия боюнча мугалим текстти окуганга чейин/окуу учурунда/окугандан кийин берген ачык суроосуна окуучулар 2–10 секунд ичинде жооп беришет. |
| **Өз сөзү менен айтып берүү** | Окуучулар мурунку сабакта өткөн тема боюнча негизги идеяны өз сөзү менен айтып беришет. |
| **Байланыш түзүүчү суроо** | Эки мүнөт ичинде окуучулар мурунку сабакта берилген негизги идеяларды эстеп, маанилүүлүк деңгээлине жараша кезеги менен аташат. Эки мүнөттө эстеген бардык нерселерин бир сүйлөм менен жалпылашат, жооп алгылары келген негизги бир суроону жазышат жана тема менен сабактын негизги максатынын ортосунда байланыш түзүшөт. |
| **Ликерттин шкаласы** | Мугалим талаш-тартыш жараткан 3–5 ой-пикир айтылат. Максаты – окуучуларга текстке маани берип түшүнүүгө түрткү берүү жана башка окуучулар менен талкууга тартуу. Бул шкала боюнча негизгиси – каармандарга, окуяларга, көйгөйлөргө ж. б. тиешелүү жалпылоолор эсептелет. Ал окуучуларга маалыматты талдоого, синтездөөгө жана баалоого жардам берет.<br>Ликерттин шкаласындагы болжолдуу суроо:<br>1. Башкы каарман (аты) (кыймыл-аракетти) го мисал жасабашы керек эле).<br>___________________________<br>Толугу менен макулмун. Макулмун. Макул эмесмин. Такыр макул эмесмин. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **Менде суроо бар, жообу кимде?** | Мугалим эки комплект карточкаларды даярдайт. Бир комплектте тема боюнча суроолор болот. Экинчисинде – ал суроолорго жооптор жазылат. Жооптор жазылган карточкалар окуучулар арасында же бир партага (эки окуучуга) бирден таратылат. Мугалим же окуучулардын бири суроону жалпы класска окуйт. Окуучулар карточкаларындагы жоопторду текшерип, кимде тиешелүү жооп болсо, окуп берет.<br>Карточкалардын саны окуучулардын же парталардын (жуптардын) санына жараша болуш керек. |
| **Көрүү айлампасы** | Мугалим суроо же тапшырма берет. Окуучулар өз алдынча жок дегенде 3 ырастоочу ой-пикир/жооп жазуулары зарыл. Жооптор даяр болгондо окуучулар ордуларынан турушат. Мугалим каалаган тартипте окуучулардын бирин жообун окуп берүүнү өтүнөт. Эгерде окшош жооптор болсо, окуучулар өз карточкаларындагыларды чийип салышат. Жоопторунун баары чийилген окуучулар ордуларына кайра отурушат. Берилген жооптордун негизинде мугалим жалпы окуучулардын түшүнүп-түшүнбөгөнүн аныктай алат. |
| **Кезектешүү** | Чакан топтордо ар бир мүчөнүн ой-пикирин билип, маалымат топтоого багытталган көнүгүү. Мугалим суроолорду берет. Окуучулар кезектешип бир баракка жоопторду жазып, топтун кийинки мүчөсүнө өзүнүн жообун жазуу үчүн өткөрүп берет. Көнүгүү жооп баракчасы кайрадан биринчи окуучуга айланып келгенде аяктайт. Андан кийин топ жоопторду талкуулайт. |
| **Бир нерсе айтып берчи** | Окуучулар кезектешип чыгарманын же видеоматериалдын үзүндүсүн талкуулоодо лидердин ролун аткарышат. Лидер талкууну «... жөнүндө мага бир нерсе айтып берчи» деген сөз менен баштайт. |
| **Белги кой** | Окуучулар бул стратегияны маанилүү нерсени эстеп калуу үчүн колдонушат. Бул стратегияда тексттерге белги коюу үчүн стикерлер колдонулат. |
| **Өз оюңду жаз** | Түшүнүүнү жазуу түрүндө текшерүү стратегиясы. Окуучулар толук эмес сүйлөмдөрдү өздөрүнүн ойлору менен толуктап жазышат. |
| **Алиппе** | Окуучулар төрттөн болуп топторду түзүшөт. Алардын бири «А» тамгасы, экинчиси «Б» тамгасы ж. б. у. с болушат. Окуучулардын ар бири өтүлгөн тема бонча ой жүгүртүп, сүрөт тартуу аркылуу өзүнүн чечмелеп түшүнүүсүн визуалдаштырат. Андан кийин ар бир топтон бир окуучу башкалар менен зигзаг түрүндө өз тобунун жооптору менен бөлүшөт. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
| --- | --- |
| **Сен мага, мен сага** | Мугалим менен окуучу тексттин үзүндүсүн үн чыгарбай (ичинен) окушат (текст аягына чейин окулбайт). Андан кийин окуучуларга китебин ачык калтырууга уруксат берилет, мугалим болсо китебин жабат. Окуучулар окулган текст боюнча мугалимге суроо беришет. Мугалим окуучулардын бардык суроолоруна жооп бергенге аракет кылат. Андан кийин окуучулар менен мугалим ролдору менен алмашышат – окуучулар китептерин жабышат, мугалим ачат. Көнүгүү окуучулар текстте андан ары эмне болорун болжолдоо үчүн жетиштүү маалымат топтогонго чейин улантылат. Андан кийин окуучулар текстти аягына чейин окушат. |
| **Б-Б-Б** | Окуучулар жалпы класс менен, чакан топтордо же өз алдынча мурун билгендерин, билгиси келгендерин, жаңы билгендерин талдашат. Негизги маалыматты жазуу үчүн таблица колдонулат. Андан кийин ар бир окуучу жаңы окуп-билгендерин жалпылап, чакан абзац жазат. |
| **Хор менен окуу** | Окуучулар негизги ойду чагылдырган үзүндүнү белгилеп, хор менен үн чыгарып окушат. |
| **Сократтын чөйрөсү** | Окуучулар бири-бирине тема же тексттин үзүндүсү боюнча суроо беришет. Суроо талкууланып, бир нече жооп алынгандан кийин кошумча суроолор берилет. |
| **Аталыш** | Өтүлгөн теманы чагылдырган бир аталыш ойлонуп табылат. Ал аталыш теманын/окуялардын негизги идеясын чагылдырууга тийиш. |
| **Катар сандар** | Окуучулар төрттөн болуп топторго бөлүнөт, топтун ар бир мүчөсүнө номер ыйгарылат. Мугалим суроо бергенде, балдар чогуу болжолдуу жоопту талкуулайт. Мугалим санды атаганда топтун тиешелүү мүчөсү даярдалган жоопту айтат. |
| **Галереяны кыдыруу** | **А варианты.** Окуучулар топторго бөлүнүп, тема боюнча идеяларын ватманга жазып, топтун презентаторун шайлайт. Топтун калган мүчөлөрү башка топторго өтүп, ал топтун презентаторуна суроолорду беришет. Мүчөлөр өз топторуна кайра келип, башка топтордо көргөндөрүн талкуулашып, зарылчылык болгон учурда жоопторун толукташат.<br>**Б варианты.** Окуучуларга чоң өлчөмдөгү ватман жана фломастерлер берилет. Топтор өз идеяларын граффити түрүндө жазышат. Топтордун мүчөлөрү башка топтордун иштерин карап, өз жоопторун толуктай алышат. |

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
|---|---|
| **Бир суроо/бир комментарий**[6] | Окуучулар тексттин үзүндүсүн окуп, бир суроо жана бир комментарий даярдашат. Ар бир окуучу бирден суроо жана бирден комментарий даярдайт.<br><br>Андан кийин биринчи окуучу өзүнүн комментарийи менен бөлүшүп, суроосун кийинки окуучуга берет, ал окуучу жооп берип, өзүнүн комментарийи менен бөлүшүп, суроосун андан кийинки окуучуга берет. Кайра айланып кезек биринчи окуучуга келгенде, тексттин бир эле үзүндүсү боюнча түрдүү ой-пикирлерди билүү мүмкүнчүлүгү жаралат.<br><br>*Эскертүү:* Окуучулар жалпы класс менен же чакан топтордо иштей алышат. |
| **Реакция көрсөткүчү** | Окуучулар мугалим берген суроого реакциясын көрсөтүү үчүн карточкаларды/баракчаларды бир мезгилде көтөрүп көрсөтүшөт. Көрсөтүлгөн карточкалардын жардамы менен мугалим жалпы класс менен иштеп жаткан учурда айрым бир окуучулардын реакцияларын/жоопторун жеңил аныктай алат. Карточкалар мугалим каалагандай түстө, формада ж. б. болуусу мүмкүн. Реакция көрсөткүчү жооп бергенге даяр айрым окуучуларды гана эмес, класстагы бардык окуучулардын катышуусун камсыздайт. |
| **«Ооба же жок» карточкалары** | «Ооба же жок» карточкалары – бул жооптор жазылган карточкалар. Мугалим окуучуларга алдын ала даярдалган экиден карточка таратат. Анын биринде **«ооба»**, экинчисинде – **«жок»** деп жазылат. Мугалим суроо бергенде, окуучулар карточкаларынын тиешелүүсүн көтөрүп жооп беришет. Мугалим туура же туура эмес жоопторду дароо көрөт. |
| **Фактыларга чабуул** | Адегенде бул жалпылоочу көнүгүүгө жалпы класс сереп салат, андан кийин чакан топтордо же өз алдынча жеке аткарышат.<br><br>Башында окуучулар тема боюнча топтук мээ чабуулуна катышып, топтордо темага байланыштуу фактыларды, окуяларды, идеяларды, концепцияларды, негизги идеяларды, принциптерди ж. б. аныктап, тизме түзүшөт. Алардын тизмелеринин негизинде жазуу түрүндө көнүгүүлөрдү иштеп чыкса болот. |

[6] Комментарий — бул бир нерсе тууралуу ой-пикир айтуу же эскертүү. Ушаковдун түшүндүрмө сөздүгүнөн алынды.

| Ыкманын аталышы | Кыскача түшүндүрмөсү |
| --- | --- |
| **Ким ..., тап** | Алдын ала даярдалган суроолорду колдонуп окуучулар класс-ты айланып, классташтарына суроо берип, жооп алганга 10 мүнөт убакыт берилет.<br><br>Мугалим ар бир жооп ар башка окуучудан алынуусу зарыл экендигин түшүндүрөт.<br><br>Окуучулардын бардыгы жоопторун жазгандан кийин, өз орундарына отурууну өтүнөт.<br><br>Мугалим окуучулардан эмнени угуп, үйрөнгөндөрүн синтездеп, кыскача жалпылап жазууларын өтүнөт. Мындай жалпылоо окуучуларга маалыматты иреттеп, материалды эстеп калууга жардам берет. |

# 6. ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-тиркеме. Калыптандыруучу баалоо боюнча маалыматтарды топтоо бланкы

Классы: ____________________ Күнү ___________________

| | **Баалоо индикаторлору** | **Критерийлер** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | |
| | **Окуучунун аты-жөнү** | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | |

# 7. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген.
2. Черный ящик: что там внутри? Оценка знаний учащихся как способ повышения эффективности учебно-воспитательного процесса. П. Блэк и Д. Уильям.
3. Формативное оценивание в начальной школе. Практическое пособие для учителя/ Сост. О. И. Дудкина, А. А. Буркитова, Р. Х. Шакиров. – Б.: «Билим», 2012. – 89 с.
4. Dodge, Judith. 25 Quick Formative Assessments for the Differentiated Classroom. Scholastic, 2009.
5. Kellaher, Karen. 101 Picture Prompts to Spark Super Writing, Scholastic, 1999
6. Lambert, K. 60 Formative Assessment Strategies; OCPS Curriculum Services, April, 2012
7. Transforming Learning: Formative Assessment. New Haven, Connecticut: Measured Progress, 2010.
8. http://www.ncte.org/library/NCTEFiles/Resources/Positions/formative-assessment_single.pdf